

Жумагул Байдилдеев

# КЫРГЫЗ-КАЗАК ИНТЕЛЛИГЕНЦИЯСЫНЫН БАЙЛАНЫШТАРЫ

63.3(2)
Б-18.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНӨ
КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК КАТТОО КЫЗМАТЫНЫН
АЛДЫНДАГЫ АРХИВ АГЕНТТИГИ

И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ
КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

«ЭСТУТУМ» КООМДУК ФОНДУСУ

Жумагул Байдилдеев

# КЫРГЫЗ-КАЗАК ИНТЕЛЛИГЕНЦИЯСЫНЫН БАЙЛАНЫШТАРЫ

(XX к. башы)

ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА им. В. И. ЛЕНИНА
№ 272651

Бишкек 2015

УДК 94(47)
ББК 63.3(2)
Б 18

И. Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин Окумуштуулар кенеши тарабынан басууга сунуш кылынган.

**Жооптуу редактору:**
Тарых илимдеринин доктору, профессор **Т. А. Абдырахманов**

**Рецензенттер:** тарых илимдеринин доктору,
КР УИАнын мүчө-корр **Ж. Жунушалиев**
Тарых илимдеринин кандидаты **А. Э. Кубатова**

**Байдилдеев Ж.**
**Б 18** Кыргыз-Казак интеллигенциясынын байланыштары (XX к.башы) - Б.: Maxprint. - 172 б.

**ISBN 978-9967-04-650-4**

Эзелтеден тагдыры да, тарыхы да бир болуп келген кыргыз-казак элдеринин боордоштук мамилесине арналган бул илимий китепте XX кылымдын башындагы кыргыз-казак интеллигенциясынын биргелешкен иш-аракеттери, илим-билимге, адабият-маданиятка болгон умтулуулары баяндалат.

XX кылымдын башындагы кыргыз-казак улуттук интеллигенциясынын коомдук аң-сезимдин калыптанышына, улуттук-боштондук кыймылга бирге аттанышкандыгы жана анын көрүнүктүү өкүлдөрү тууралуу Кыргызстандын жана Россия, Казакстандын архивдеринен мурда көмүскө калып келген, жарыяланбаган архивдик документалдык материалдар да алгачкы ирет далилдүү булак катары пайдаланылды.

Бул эмгек окутуучуларга, студенттерге, мугалим, окуучуларга жана жалпы эле тарых илимине кызыккан коомчулукка арналат.

**Б 0503020000-15**

**УДК 94(47)**
**ББК 63.3(2)**

ISBN 978-9967-04-650-4
© Байдилдеев Ж. 2015

*«Элдин сезими-тарых сезими»*

**Чыңгыз Айтматов**

* * *

*«Тарыхта улуу инсандарды жаратпаган эл,*
*Тарыхтагы өз миссиясын аткарбаган эл»*

**Олжас Сулейманов**

* * *

*Казак, кыргыз байыртадан канаатташ калк,*
*Кыргыз, казак коңшу калк, жамаатташ калк.*
*Жаралгандан жакын калк, талапташ калк,*
*Жандаш, кандаш, акын калк, танапташ калк.*

**Сооронбай Жусуев,**
**Кыргыз Эл акыны**

Казакстандан архивдик материалдардын жана музейдеги ошондой эле илимий китептердеги маалыматтарды алууга көмөктөшкөн

- Казакстан тарыхчылар ассоциациясынын президенти, тарых илимдеринин доктору, профессор Мамбет Койгелдиевге,
- Шымкент шаарындагы Саясий куугун-сүргүн курмандыктары музейинин директору, Казакстан Республикасына эмгеги сиңген кызматкер, «Парасат» орденинин ээси Ханбиби Есенкара кызына,
- Казакстан Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивинин директору Актаева Лаззат Сулеймен кызына
- «Кыргызстан-Астана» этно-маданий борборунун жетекчиси Шавкат Исмаиловго автор ыраазычылык билгизет.

Китептин жарык көрүшүнө демөөрчүлүк колдоо көрсөткөн, кыргыз элинин тарыхына күйгөн азамат уулдардын бири «Байсерке-чечен» коомдук фондусунун төрагасы Алмазбек Жакшылыковго автор ак дилден ыраазычылык билдирет.

Сүрөттөр: КР Кинофотофоно документтери Борбордук мамлекеттик архивинен, кыргыз интеллигенциясынын өмүр баяндары КР Саясий документация Борбордук мамлекеттик архивинен, казак интеллигенциясынын өмүр баяндары 2012-жылы Шымкент шаарында чыккан «Алаш арыстары» (Алаш партиясынын курулганына 95 жыл) китебинен алынды.

# І-БАП. ХХ кылымдын башындагы кыргыз-казак интеллигенциясынын коомдук-саясий байланыштары

## 1.1 1917-1920-жылдардагы кыргыз-казак интеллигенциясынын биримдиги жана «Алаш-Ордо»

Тарыхтын актуалдуу маселелеринин бири — кыргыз-казак элдеринин өз ара мамилелеринин изилдениши. Карт тарых барактарына көз кырын салсак, эки элдин ортосунда байыртадан эле алыш-бериш болгондугуна күбө болобуз. Кыргыз-казак эзелтен эле жайлоону бирге жайлап, малын чогуу айдап, куштун кош канатындай, бир адамдын эгиз баласындай болуп, эриш аркак өмүр кечирип келишет. Кыйналыш-кысталыш учурда бири-бирине бел болуп, бирин бири колдоп, арка-тирек болуп келишкендери тарых беттеринде жазылып турат. Эки эл жанаша жашап, жайында жайлоого бирге чыкса, күзүндө күтүрөтө мал айдап катарлаш көчүп-конуп, анын ортосунда жигиттери достошуп, айыл арасында кыз алышып, беришип кудалашып, сыйлашып келген калк экендиги белгилүү. Муну менен катар эле кыйын кезеңдерде жоону бирге сайышып, айрым учурларда өздөрү да жоолашып кеткендигин тансак болбостур. Бирок, көбүнесе куштун эки канатындай болгон, бири-бирин тилмечсиз түшүнгөн, тили да, дили да, салт-санаасы да жакын эл болгондуктан, узак мезгил бою сырттан келген изилдөөчүлөр, окумуштуулар, саякатчылар ж. б. аларды айырмалай алган эмес. Бири-бирин бир туутан катары эсептеген бул эки элдин ортосундагы байланыштарды эчендеген тарыхый фактылар күбөлөйт.

Борбордук Азия тарыхнаамасында, дегинкисинде XVII-XIX кылымдардагы кыргыздар жана казактардын өз ара мамилелери жетишээрлик изилденген эмес десек жаңылбайбыз, деп жыйынтык чыгарат кээ бир тарыхчылар. Ошондой болсо дагы бул маселе боюнча А. Левшин, А. Аристов, Ш. Ч. Потанин, Б. П. Гуревич, И. Я. Златкин, М. Х. Абусеитова, В. А. Моисеев, Б. Солтоноев, А. Байтур, Ш. Б. Чимитдоржиев,

М. Б. Джамгерчинов, А. М. Мокеев, Д. Б. Сапаралиев, Т. О. Бейшеналиев, Т. И. Асанов ж. б. эмгектеринен бир топ баалуу маалыматтарды алууга болот.

Ал эми XX кылымдын башында кыргыз-казак арасындагы алакалар боордоштук мүнөздө өзгөчө күч алган десек жаңылбайбыз. Анткени, бул мезгилде караңгы элдин ичинде маданий, агартуу иштерин жайылткан, Россия империясынын курамындагы башка элдердей эле саясий тең укукка ээ болууга аракет жасаган азаматтар пайда болгон. Кыргыз-казак элинин арасында да башка мусулман элдериндей эле улуттук-боштондук идеялары тарай баштаган. Столыпиндик реакция учурунда, падышалык бийликтин куугун-сүргүнүнүн күчөшүнө карабастан, колониялык саясатка каршы алардын аракеттери күч алып улана берген. Бул иш аракеттердин башында кыргыз-казак интеллигенциясынын алдыңкы өкүлдөрү туруп, эриш-аркак күрөш жүргүзүшкөн десек жаңылбайбыз.

Улуттук интеллигенцияга кенен кайрылбай, алардын тарыхынын негизги учурларын жана ишмердүүлүктөрүн билбей туруп, элдин тарыхын толук түшүнүүгө болбойт. Бул өңүттөн алганда, кыргыз-казак интеллигенциясы XX кылымдын башында өз өлкөлөрүнүн өнүгүүсүнө чоң таасирин тийгизген, феномен болуп, көп кырдуу ишмердиги менен элине жана мекенине кызмат кылуунун жаркын үлгүсүн көрсөтүп, улуттун чыгармачыл, жаратмандык өзгөчөлүктөрүн алып жүрүүчүлөрү адеп-ахлактын жана акыл ойдун эталондору катары кызмат өтөшкөн.

Андыктан, XX кылымдын башталышындагы прогрессивдүү жаңылануунун башатында туруп, элдин кенен катмарын артынан ээрчиткендер да так ошол улуттук интеллигенциянын өкүлдөрү болушкан. Алар элдердин тең укуктуулугу жана улуттун көз карандысыздыгы үчүн болгон күрөштүн уюштуруучулары жана демилгечилери гана болбостон, коомдун өнүгүшүнө жоопкер, өз элинин тарыхынын, адеп ахлахтык алдындагы ыйык милдетин түшүнө билген инсандардан болгон. Саясий тажрыйбалары аз болсо да, курактары жаш, оозунда эми, көөдөнүндө деми бар эки элдин ошол интеллигенциясы колдо бар потенциялын элдин жыргалчылыгына жумшоо үчүн аракет жасашкандары жөнүндө ошол доордон кабар берген илимий эмгектерден маалымат ала кабардар боло алабыз. Октябрь революциясына чейин кыргыздарда «Интеллигенция өкүлдөрү» болгонбу?- деген суроо туулат. Ага

жооп иретинде «Интеллигенция» деген түшүнүктү кеңири чечмелөө менен бул маселени кыргыз элинин өнүгүү этабы менен байланыштырууну туура таптык дейт белгилүү тарыхчы Э. Маанаев. [1]

Биз бул жерден XX кылымдын башындагы кыргыз-казак интеллигенциясынын байланыштары тууралуу кеп кылып жатып, белгилүү тарыхчы Зайнидин Курмановдун эмгектерине кайрылуубуз туура болчудай. Интеллигенцияны бир жактуу карабаш керек, дейт ал. Алардын арасында радикалдар да, орточо жана ачык эле реакциялуу агымдар да болгон. Капитализмдин жана идеологиянын жаңы формасы кирип келгенине байланыштуу, Россиянын жана батыш Европанын алдыңкы идеяларына таасирленгендиктен, алар жергиликтүү шартка ылайыкташтырылып жайылтыла жана колдонула баштаган. Бул интеллигенциянын дүйнө таануу эволюциясын түшүнүүсүнө жана социалисттик революция менен марксизмди түшүнүүсүндө маанилүү болгон. [2]

Интеллигенция деп жазган Н. А. Бердяев: өзүнүн өзгөчөлөнгөн дүйнө таанымы, моралы, укуктук салты, ал тургай кейип кебетеси менен башкалардан айырмаланып, монахтык орденди же диний секталарды эске салат жана социалдык башка топтордон ушул сапаттары менен ажыратып билсе болот. Интеллигенция ар дайым кандайдыр бир идея менен (көпчүлүгү социалдык) алек болуп жүрөт жана ага баш оту менен берилет. Алар жалаң идея менен жашаган сапатка ээ» .

Андыктан, ошол мезгилдердеги интеллигенцияны «улуттук, «интернационалисттик», «улуттук буржуазиялык», «революциячыл-демократиялык» деп бөлүшкөн. Реакциялык багыты же прогрессивдүүлүгү анын совет бийлигине карата болгон көз карашына байланыштуу болгон. Көз карандысыз, улуттук өз мамлекетин түзүүнү каалагандар «реакционерлер жана душмандар» деген тизмеге кошулган деп тарыхчы З. Курманов баса белгилеген. [3] Ал эми философия илимдеринин доктору Н. Саралаев: улуу бурулуш жана улуттук аңсезимдин ойгонушу болгон 1917-жылдары сабаты барлар революциялык ишке тартылып пайдаланылган. Мисалы: Ж. Абдрахманов, Б. Исакеев, А. Сыдыков, Т. Айтматов жана башкалар социалисттик революциянын

1 Маанаев Э. Е. Арабаев – алгачкы агартуучу, окумуштуу жана саясий коомдук ишмер. Бишкек, 1999. – 4-б

2 Курманов З. Политическая борьба в Кыргызстане в 20-е годы, –Бишкек, 1997. – 5-б.

3 Ошондо эле.

жоокерлери болушкан, официалдуу идеологиядан чыга алышкан эмес. Бирок, саясий бурулуш алардын улуттук аң-сезиминин ойгонушуна түрткү берген дейт. [1] 4 Улуттук интеллигенция тууралуу мына ушундай илимпоздордун ой жүгүртүүлөрүнөн кийин ошол доордогу кыргыз-казак интеллигенциясы тууралуу төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарсак негиздүү болчудай…

XX кылымдын башындагы кыргыз-казак интеллигенциясынын аң-сезими колониялык абалдын таасири менен калыптанган. Түрк биримдигин бекемдөө идеясын таратуу менен улуттук интеллигенция коомдун кызыкчылыгын өзүлөрүнүн кызыкчылыгынан жогору койгон. Саясий күрөштөгү алардын негизги максаты – Түркстандагы көз карандысыздык жана эркиндик болгон. Түркстан элдери бириккенде гана эркиндикке жетишет деген пикирде болушуп, бул идеялар алардын өкүлдөрүнүн эмгектеринен жана ишмердигинен өткөн. Мына ушундай идеялардын натыйжасында, ошол мезгилдин белгилүү казак саясатчысы Мустафа Чокоев: «Улуттук интеллигенция, бул – улуттук, өздүк сезим менен калыптанып, эли үчүн жан дили менен кызмат кылуучу коомдун бир бөлүгү. Мунун тарыхый миссиясы – өз өлкөсүнүн гүлдөшү үчүн элди, тилди жана динди бириктирүү» деп айткан.

Натыйжада, XX кылымдын башындагы кыргыз-казак интеллигенциясынын өз араларынан улуттук боштондук жана коомду чыңдоо идеяларын алып чыккан көрүнүктүү ишмерлердин пайда болушу менен саясий жетилүү сынагынан өткөндүктүн белгиси болгон. Демек, бул жерден эркин жана демократиялык кайра түзүлүштүн лидери болуу менен интеллигенция саясий түзүлүшкө да жөндөмдүү экендигин көргөзгөндүгүн тана албайбыз.

Муну «Алаш» партиясынын түзүлүшү жана ишмердүүлүгү далилдей алат. XX кылымдын башталышы Россияда капитализмдин дүркүрөп өсүшү жана либералдык идеялардын кирип келиши либералдык партиялардын түзүлүшүн пайда кылган. 1905-жылы башында А. Букейханов, М. Тынышпаев, Ж. Сейдалиев жана М. Дулатов турган казак интеллигенттери гана «Алаш ордо» партиясын түзүүгө аракет кылышкан. 1906-жылы алардын кадет партиясына кошулуу идеясы кадеттердин II съездинде колдоо тапкан эмес. Улуу державалык шовинизмди жуктурган орус либералдарын автономиялык мамлекет

1 И. Раззаков жана азыркы Кыргызстан. – Бишкек, 2011. – 315-б.

түзүүгө аракеттенген алашчылардын программасы канааттандырган эмес, ошондуктан самодержавия мезгилинде партия («Алаш» партиясы) түзүлбөй калган. Падышаны тактан кулаткан соң «Алаш» партиясы ачыкка чыккан жана аз эле убакыттын ичинде алар үч съезд өткөрүүгө жетишишкен (1917-жылдын апрель, июль, декабрь айларында)

Бүткүл Россиялык Учредителдик жыйындын алдында «Алаш» партиясынын программасынын долбоору жарык көргөн. 1917-жылдын 21-ноябрындагы «Казак» газетасында чыккан «Алаштын» программасында мындай деп айтылган: «Россия демократиялык федерациялык республика болуш керек. Федерациядагы ар бир мамлекет автономдуу жана өзүн өзү башкаруу укугуна ээ болуп, анын башында учредительдик чогулуш турат. Убакыт араларында учредителдик чогулуш жана Мамлекеттик Дума шайлаган президент башкарат», мыйзам чыгаруу Мамлекеттик думанын колунда болот.

Алашчылар шайлоонун прогрессивдүү системасын сунуш кылышкан: «Шайлоодо улутуна, динине, жынысына карабастан, бирдей укукка ээ болушат. Депутаттарды түз, тең укук менен жана жашыруун шайлашат» . Россия федеративдик мамлекетинин түзүлүү үлгүсү Алаш автономиясына да көчүрүлгөн (Түркстанга кирген бардык элдин мамлекети ушундай деп аталуу болжолдонгон). Улуттук азчылыктын укугу, маданияты, экстерриториялык автономиясы, өкмөттөгү жана мамлекеттик мекемедеги өкүлчүлүктүн тең салмактуулугу кепилдикке алынып, элдердин тең укуктуулугу, жеке менчиктин кол тийбестиги, сөз эркиндиги жарыяланган. Дин өкмөттөн бөлүнгөн. Салык «Бай көп төлөйт, жарды аз төлөйт» тартибинде өткөн. Билим алууга бардыгы укуктуу болгон, жерди сатууга катуу тыюу салынган. [1] Бул программа 1917-жылдын декабрындагы Бүткүл казактардын II Курултайында биротоло кабыл алынган.

1917-жылдын октябрынан «Алаш» партиясынын жер-жерлердеги областтык бөлүмдөрү уюшулган. Семипалатинскиде (Семей) партия бөлүмүн Х. Габбасов, Омскиде А. Турлыбаев, Торгой областында А. Бөкөйханов башкарышкан. Областтарда гана эмес уезддерде жана Казакстандын түштүгүндө да жергиликтүү бөлүмдөрдү түзүү пландалып,

1 Акгедик Е. XX кылымдын башындагы Казакстандын саясий абалы. –тарых илимд. канд. окум. даражасын изденип алуу үчүн жазылган дисс. – 54-б.

эл арасында жигердүү үгүт саясаты жүргөн. [1]

Ал эми Кыргызстанда болсо, Россиянын революциясы жана анын идеялары кыргыз элине толук тарай алган эмес. 1916-жылдагы куугунтуктан кансыраган жана туш-тушка тарап, өзүлөрүнүн күчтүү кол башчыларынан ажыраган эл кайрадан жаңы көтөрүлүшкө ал-күчтөрү жеткен эмес. Ошондуктан, коомдун саясатташуусу буржуазияга, уруунун атактууларына жана улуттук интеллигенциянын айрым топторуна гана таасирин тийгизген. Ушунун аркасында улуттук бийликтин органдары бул жерде пайда боло баштаган. Мисалы, Ошто мусулмандар депутаттарынын кеңеши, Пишпекте – Кыргыз коомдук комитети («Алаш» партиясынын органы ушундайча аталган) пайда болгон.

Кыргыз улуттук саясий элитасынын өкүлдөрү да Түркстан автономиясы жарыялангандан кийинки «Алаш» уюмунун ишмерлери баштаган иш-чаралардан тыш калган жок. 1917-жылы жайында А. Сыдыковдун, Э. Арабаевдин, Д. Сооронбаевдин, Н. Тулиндин, И. Айдарбеков жана башкалардын активдүү катышуусу менен «Алаш-Ордо» казак-кыргыз партиясынын Пишпек бөлүмү түзүлөт. [2]

Убактылуу окмөттүн тушунда кыргыз саясий элита өкүлдөрүнүн бир бөлүгү улуттук мүдөөнү коргоо үчүн алаш кыймылынын ишмерлери менен бир болууга аракет кылышып, алар баштаган иш-чараларга катыша башташты. Мисалы, белгилүү тарыхчы З. К. Курманов 1917-жылдын 21–26-июлунда Оренбургда өткөн биринчи жалпы казак съездине кыргыз ишмерлеринен Э. Арабаев, Д. Сооронбаев, А. Сыдыков жана Т. Кудайбергенов катышып, андагы кабыл алынган талаптар кыргыз калкынын талабы менен үндөшүп жатканын белгилеген. [3] Алар ушул съездде Бүткүлроссиялык съездинин депутаттыгына кандидат иретинде сунушталган тизмеге кыргыздардан да өкүл кошушкан. Кандидатыкка сунушталган өкүлдөрдүн ичинде Жети-Суу облусунан кыргыз ишмерлеринен А. Сыдыков менен Д. Сооронбаевдер болушкан. [4]

Ушул учурда Бүткүлроссиялык съездге депутаттарды шайлоо мезги-

1 Акгедик Е. XX кылымдын башындагы Казакстандын саясий абалы. – тарых илимд. канд. окум. даражасын изденип алуу үчүн жазылган дисс. – 52-б.

2 Маанаев Э. Э. Арабаев – алгачкы агартуучу, окумуштуу жана саясий коомдук ишмер. – Бишкек, –1999. –15-б.

3 Курманов З. К. Политическая борьба в Кыргызстане: 20-е годы. – Бишкек: Илим, 1997. – 292-б.

4 Жалпы Казак съезди // Казак. –1917. –31-июль

ли келип, биринчи жалпы казак съездинде «Алаш» казак саясий партиясынан депутаттыкка талапкерлердин тизмеси такталып, анын ичинде 1917-жылдын ноябрь-декабрь айларында өтө турган ал съездге депутаттыкка талапкер катары кыргыз ишмери Д. Сооронбаев да «Алаш» партиясы тарабынан добуш алган. Кийин Бүткүлроссиялык съездге шайлоо учурунда Жети-Суу облусу боюнча «Алаш» партиясынын блогу шайлоочулардын 57, 7 добушуна ээ болгон. [1] Натыйжада М. Тынышпаев, И. Жайнаков, С Аманжолов, О. Алжанов сыяктуу саясий ишмерлер менен бирге жогорудагы Д. Сооронбаев дагы депутаттык мандатка ээ болгон.

1917-ж. 5–13-декабрда Оренбург шаарында өткөн экинчи жалпы казак съездине Урал, Торгой, Акмоло, Семей, Сырдарыя, Самаркан облустары жана Ички ордодон катышкан 80ге жакын депутаттардын катарында кыргыздардын коомдук-саясий ишмерлери Э. Арабаев менен Ж. Солтоноев болгон. Ошол эле делегаттардын ичинде Олуяатадагы Казак-кыргыз кеңешинин төрагасы А. Кенесарин жана кыргыздардын «Букара» демократиялык союзунун катчысы Ж. Оторбаевдер болушкан.

Экинчи жалпы казак съездинин күн тартибине коюлган маселелерди талкуулоого Э. Арабаев да катышкан. Ал Алаш-ордо өкмөтүнүн демилгесин колдоп, Алаш автономиясын жарыялоону колдошкон казактарга кошулуп, добуш берген. Ал автономияны жарыялоодо «...арабыздагы жат элдер менен сүйлөшөөрдөн мурда өз милициябызды уюштуруп алуу керек» деген депутаттардын катарында турду. [2]

Ушул учурда, 1917-жылдын 22-ноябрь күнү Ташкен шаарында өз жумушун аяктаган Түркстан өлкөсүнүн жумушчу-депутаттар кеңешинин III съезди өлкөдө кеңеш бийлиги орногонун, ошого байланыштуу Түркстандагы бийлик мындан ары анын колуна өтөрүн жарыя кылды. Ал курултайда крайдын Эл Комиссарлар Кеңеши түзүлүп, ал жаңы өкмөттүн курамына жергиликтүү элдерден бир дагы адам киргизилген эмес. Ушунун өзү большевиктер жергиликтүү элдерге карата шовинисттик колониалдык саясатты улантаарын көргөзүп койгон. Эзилип келген улуттардын кызыкчылыктары эсепке алынбасы улам дайын боло баштаган. Курч турган улуттук маселелердин чечилишин күткөн жергиликтүү интеллигенциянын үмүтү акталбаган соң,

1 Спирин Л. М. Россия. 1917 год. Из истории борьбы политических партий. – Москва, 1987. – С. 305

2 КР СД БМА, Ф. 10, оп. 15, д. 188, 123-125-б.

алардын демократиячыл маанайдагы өкүлдөрү чукул иш-аракеттерин башташкан. Алар большевиктер жарыялаган «...улуттардын өз тагдырын өзү чечүү укугу. . .» деген ураанды көтөрүп чыгышкан. Анын башында мусулмандардын Түркстан крайлык кеңешинин төрагасы Мустафа Чокаев турган. Бул демилгени «Шуро исламиядан» тышкары «Алаш», «Мусулман эмгекчилеринин бирлиги» сыяктуу уюмдар колдоп чыгышып, Түркстан өлкөсүнүн мусулмандарынын Борбордук кеңеши тез арада Түркстан мусулмандарынын чукул съездин чакыруу жөнүндө чечим кабыл алды.

Натыйжада Сыр-Дарыя, Самаркан, Фергана облустарынын жана Бухара эмирлигинен 203 депутат катышып, 1917-жылдын 26–28-ноябрда Кокон шаарында өткөн Түркстан өлкөсүнүн мусулмандарынын съезди өлкөдөгү бар бийликти Кеңештердин өз колуна алууга умтулуусун жергиликтүү калктын укугун тепсөө катары баалап, Түркстан өлкөсүн Россия Федеративдүү республикасынын курамында территориялык автономия болушун жактап, Түркстан автономиясынын курулганын жарыялады. Депутаттардын сунушу менен Курултай чакырылганга чейин бийлик Түркстан Убактылуу кеңеши менен Улуттук жыйналыштын колуна өтө турган болду. Съездде 12 адамдан турган өкмөт – Убактылуу кеңеш мүчөлөрү жана 54 адамдан турган мыйзам чыгаруучу орган – Улуттук жыйналыштын 32 мүчөсү шайланат. Бул өкмөттүн курамына М. Тынышпаев (премьер-министр), С. Шагиахмедов (премьер-министрдин орун басары), М. Чокай (тышкы иштер министри), У. Ходжаев (аскер министри), Ю. Агаев (айыл-чарба жана суу ресурстарынын министри), О. Махмудов (азык-түлүк министри), жана дагы башкалар кирищти. [1] Ал эми кээ бир булактарда Кокон автономиясынын президенти болуп Мустафа Шокай дайындалганы жазылат. [2] Ошентип, Түркстанда кош бийлик орноп, Түркстан Эл комиссарлар кеңеши эң алды менен россиялык переселенецтердин кызыкчылыгын көздөп, мурункудай абалды колдой турганын билдиришсе, Түркстан автономиясын жактагандар аларга каршы туруп, жергиликтүү элдин өзүн-өзү башкаруу укугун коргоп чыгышты.

Түркстан автономиясынын мындай максатына карабастан, ал учур-

1 Туркестан в начале XX века: К истории истоков национальной независимости / Р. М. Абдуллаев, С. С. Агзамходжаев, И. А. Алимов и др. – Т., 2000. – С. 84.

2 Алаш арыстары. – Шымкент, –2012. –15 б.

дагы «Алаш» уюмунун жетекчиси А. Бөкейханов тескерисинче: «...Орто Азияда клерикализм, диний фанатизм үстөмдүк кылат, андыктан казактарга Түркстан менен кошулганча, Сибир автономиясы менен кошулган ыңгайлуу» деген пикирди айтып чыккан. [1]

Курамына жергиликтүү элдердин өкүлдөрү менен катар славян адамдары да кирген Кокон автономиялык өкмөтү Ташкенттеги Эл комиссарлар советинен интернационалдуулугу гана эмес, интеллигенттүүлүгү, демократиялуулугу менен да айырмаланып турган. Мусулмандардын Кокон курултайы жергиликтүү элдердин кызыкчылыктарын колдоо чечимин кабыл алган. Ошентип, большевиктер жарыялаган декларациянын нугунда пайда болгон Кокон автономиясы элдердин өз тагдырын өзү чечүү жана улуттук мамлекет түзүү багытындагы алгачкы кадам болгон. Ошону менен катар ал түзүлүштүн уңгусунда колониалдык саясатты уланткан Совет бийлигине каршылык көрсөтүү ишараты да турган. Кокон өкмөтүнүн ишмердик кадамдары жергиликтүү калктын колдоосуна ээ болуп, барган сайын анын кадыр баркы өсө баштаган. Мындай жагдай советтик бийликти өтө тынчсыздандырып, автономиялык өкмөттү мыйзамсыз деп жарыялап, аны жоюу максатында аскерий камылга көрүлө башталат. Аны менен катар калк арасында автономияга каршы үгүт иштери жүргүлүп, куугунтуктоолор башталат. Көп өтпөй 1918-жылдын февраль айынын аягында Түркстан Советтик бийлигинин Коконго каршы жасаган агрессиясы учурунда автономиячылар кызылдардын сан жана курал жагынан кыйла артыкчылыктуу колуна катуу каршылык көрсөтсө да, жеңилүүгө дуушар болот. Ал эми Коконду басып алган кызылдар шаарда массалык кыргын жана талап-тоноо уюштурушкан.

Белгилүү казак тарыхчысы, тарых илимдеринин доктору, профессор Мамбет Койгелдиев:- «Большевиктер күч менен Кокондун ойронун чыгарып таратып жиберген Түркстан автономиялык өкмөтү эмнени көздөгөн? Бул Советтик тарыхнаамада шарттуу түрдө бурмаланып, клерикал-феодалдык мааниде көрсөтүүгө тырышып, Түркстан элдеринин өзүн-өзү башкаруу укугун таанныбай, эски империялык түшүнүк менен басып койгон Ташкенттеги Кеңештик бийликке тең ата эсебинде бийликке келген жалпытүркстандык кубулуш болгон. Бул өкмөт алдына эч кандай сепаратисттик максат койгон эмес. Ал эми большевиктер

1 Махаева А. Казак-кыргыз тарыхынан. – Бишкек, –2011. 235-б

бийлиги болсо Кокон автономчуларын күч менен таратып, жергиликтүү эл алдында өздөрүнүн улуттар теңдигине кандай карай тургандыгын иш жүзүндө көрсөтүштү.» –деп жазат өз илимий эмгектеринде. [1] Советтик тарых илиминде «кыйшык күзгү» саясатынан улам, Кокон автономиясына басмачылардын өкмөтү катары бир беткей баа берилип келгендиги анык. Тарых иликтөөчү М. Кошоев:- «Мына ушул улуттук автономияны куралдын күчү менен талкалап жоюу Фергана өрөөнүндө, анын ичинде кыргыздар арасында да, Советтерге каршы күрөштөргө жол ачты. Аймактын мусулман калкы Кокондук бийликти талкалоону Орусиянын колонизатордук саясатынын айкын көрүнүшү катары баалап, ага каршы ого бетер биримдикте чыгышты. Мына ошентип, советтик тарыхнаамада «басмачылык» аталган кыймыл башталган» -дейт. [2] Кокон автономиясынын тагдыры чечилээрден мурда эле анын лидерлери Мустафа Шокай менен М. Тынышпаевдер «Алаш-Ордо» өкмөтүнүн курамына киришкен. Бирок көп узабай эле саясий куугунтуктоолорго тушугуп репрессиянын курмандыктарына айланган. Мустафа Шокай 1920-жылы Турцияга конуш которуп, андан ары Берлинге барып, кийин Францияда баш калкалап турган. 1941-жылы Германиянын бийлиги туткунга алып, Париждеги Компьен концлагерине жөнөтөт. Ал жерден ошол жылдын 27-декабрында дүйнөдөн кайткан. [3] Ал эми Кокон автономиясынын премьер-министри болгон Мухаммеджан Тынышпаев саясий куугунтуктоолордон улам 1932-жылы Воронежге жер которуп кетүүгө мажбур болуп, 1932-жылы өз элине кайтып келген соң камакка алынып, репрессиянын кандуу тузагына илинип набыт болгон.[4] Пишпек уезддик Кыргыз-казак «Алаш» кеңеши 1918-жылдын февраль айында кеңеш өкмөтүн колдой турганын маалымдап, өзүлөрүн аталышын Пишпек уезддик Кыргыз-казак революциялык кеңеши деп өзгөртүү жөнүндө чечим кабыл алышат. Өз аталышын өзгөрткөн бул уюмга ал жердеги казак-кыргыз калкынын мүдөөсүн коргоо жолунда белсемдүүлүгү менен таанылган А. Койбагаров төрагалык кылды. Совет доорунда бул партияны ашынган улутчул партия, ири жана орто улуттук буржуазиянын партиясы, ал 1916-жылы өз элине чыккынчылык, эки жүздүүлүк

1 Койгелдиев. М. Улуттук саясий элита. - Алматы, -2004. 222-б .
2 Кошоев М. Кыргыз эли: тарыхы жана руху. –Бишкек, -2006. 562-б .
3 Алаш арыстары. -Шымкент, -2012. 15-б.
4 Ошол эле жерде 17-б.

кылып, антисоветтик жана кулактардын козголоңдорун уюштуруп, кедей-кембагалдардын көз жашына жана жапа чегишине себепчи болгон деп мүнөздөп келишкен. Бул өтө жөнөкөйлөштүрүп берилген баа болуучу, себеби анда бардык партиялардагыдай эле өздөрүнүн солчулдары, оңчулдары жана орточулдары болгон деп өз пикирлерин билдиришет белгилүү кыргыз тарыхчылары В. Плоских, З. Курманов, У. Бегалиев өз эмгектеринде.[1]

Бирок, көп өтпөй, 1918-жылдын 10-апрелинде Жети-Суу облревкому «Алаш» партиясын жоюу боюнча токтом чыгарат. Ошонун негизинде «Алаштын» областтык жана уездик уюмдары жабылып, «алашчылар» өз иштерин токтотушкан. Ушул уюмга катышы бар Карынбай жана Жапар Канатовдор, Касым Абукин, Накир Найдалин, Муса Касымов, Мураталы Батырханов, Курман Лепесов, Ибрагим Баялин, Исак Курманов, Болотбек Көчөрбаев, Мамбеталы Мураталин, Аалы Бердигулов, Басаба Төрегелдин, Нарынкул Абировдор контрреволюционерлер, алашордочулага жан тартуучулар иретинде айыпталышты.

Алаш партиясын негизсиз эле антисоветтик деп күнөөлөшкөн. Партиянын жетекчилери өзүлөрүнүн автономдуу мамлекетин түзүүнү көксөгөнү менен социалисттик лагердеги союздаштарынан жүздөрүн буруп кетишкен эмес. Революциядагы процесстердин таасири менен алар солчул боло башташкан. Социалисттер союзуна өзгөчө Жети-Суу чөлкөмүндөгүлөргө тартыла башташкан болчу.

Бул мезгилде Түркстанда 30га жакын саясий партия, кеңештер, бирикмелер болгон. 1918-жылы жазында Ленинге кол салууга байланыштуу жарыяланган «кызыл террор» мезгилинде «Алаш Ордо» куугунтукталып таратылгандан соң, сентябрда «Шуро-ислам» », «Кыргыз пролетариаттарынын кеңеши» жабылган. Ушундай эле жагдайга Түркстандын башка партияларынын Ошто, Жалал-Абадда, Кызыл-Кыяда ж. б. шаарларда ачылган филиалдары да туш болушкан.

Кыргыз интеллигенциясынын алдыңкы өкүлдөрүнүн бири – Ж. Абдрахманов ошол мезгилдеги айрым уюмдар жөнүндө кызыктуу маалыматтарды берип, - «кээ бир партиялардын программаларында жана ишмердүүлүгүндө эч айырма жок. Алардын айырмасын бийлик үчүн күрөштөгү эксплуататордук топтордон гана билүүгө болот» -деп

1 Плоских В., Курманов З., Бегалиев У. Кыргызстандын улуттук лидери Абдыкерим Сыдыков Доор, инсан, тагдыр. – Бишкек, 1999. –31-б.

жыйынтык оюн билдирип, түштүк канаттагы «Шуро-исламияны» феодал, миллионер Сыдыкбай жетектесе, «Туран» партиясын мурунку болуш чоң бай Гази миңбашы башкарган деп жазат. Партиялар таратылгандан кийин революциянын жыйынтыктарына ыраазы болбогон айрым мүчөлөрү чет өлкөгө эмиграцияга кетсе, экинчилери басмачылыкка жана контрреволюцияга үчүнчүлөрү совет бийлигине кызмат кылууга кетишти. Ошентип, февраль октябрь менен алмашылып, бийликке большевиктердин келиши менен Советтик рамкада мыйзамдуулук менен аткаруу бийлиги бириктирилди. Автономия жөнүндөгү Алаш идеясы да көмүскөдө калды. Антсе дагы XX кылымдын башындагы кыргыз-казак интеллигенциясынын өз алдынча мамлекеттүүлүк идеясы ошол кылымдын аягында өз жемишин берип, түбү туутан эки эл күнкорсуз мамлекеттүүлүккө жетишти.

Кыргыз-казак элитасынын мамлекеттүүлүк идеясына жуурулушкан саясий ишмердүүлүгүнөн соң, 1917-жылдын Февраль революциясынан кийинки Казак-кыргыз комитети жана кеңештеринин ишмердүүлүгүнөн кеп салсак, кысталыш кыйын кезенде эки боордош эл бири-бирине эриш-аркак ымалада болушуп, өткөөл мезгилдин кыйынчылыктарынан чогуу кутулууга далаалат жасагандарына күбө болобуз. Бул иштердин башында жогоруда кеп кылган кыргыз-казак интеллигенциясынын алдыңкы өкүлдөрү тургандыгы талашсыз. Албетте, эки эл эгемендүүлүккө жетишкени, тарыхтын актай барактары, ачыла элек көмүскө жактары иликтенип, демократиянын шарданы бизге көп нерсени ачып берүүгө шарттарды түздү.

Борбордук Азиядагы башка мусулман-түрк калктары менен бирге эле улуттук эзүүнүн оор азабын баштарынан кечирип, теңдикке, боштондукка умтулган казак жана кыргыз эли Россия империясында падышалык бийликти кулаткан 1917-жылдагы Февраль революциясын зор кубаныч менен тосуп алышты. Белгилүү даражада, буга бийликти колго алган Убактылуу өкмөттүн жарлыгы жокко чыгып, эми жергиликтүү элден кара жумушка алуу токтотулуп, 7-мартта болсо 1916-ж. көтөрүлүшкө катышкандарга мунапыс жарыялоо чарасынын башталышы түрткү берди.

Убактылуу өкмөттүн бийликке келиши, анын алдындагы бийлик маселесин чече турган жана башкаруу жолун аныктай турган бүткүлроссиялык съездге делегат шайлоо кампаниясын уюштуруу

казак-кыргыз эли үчүн чоң сыноо болду. Казактар менен кыргыздарда али чечиле элек – жер, азык-түлүк, агартуу ж. б. көп маселелер бар эле. Бул маселелер ал кезде ушундай чоң жыйындын чечими аркылуу гана ишке аша алмак. Ошондуктан, адегенде жер-жерлерде улуттук-коомдук саясий уюмдар иштей баштады. Мындай уюм иретинде биринчи кезекте облустук жана уездик деңгээлде улуттук саясий элита өкүлдөрүнүн атаандашуусу менен жаралган Казак комитеттерин атоого болот.

Ысык-Көл жана Нарын өрөөндөрү Жети-Суу облусуна караштуу болгондуктан, андагы кыргыз улуттук элитасынын өкүлдөрү да казак өкүлдөрү менен тилектеш болушуп, Жетисуу облустук Казак комитеттерине кызматка тартылганын айта кеткен жөн. Натыйжада, Жети-Суу облустук Казак комитети Казак-кыргыз комитети деп аталып, анын курамына кыргыздардын Пржевальск жана Пишпек уездик комитеттери да кирген. Жети-Суу облустук Казак-кыргыз комитетинин төрагасына көрүнүктүү ишмер И. Жайнаков шайланып, комитеттин бутуна турушуна К. Шегиров, А, Какенов, Н. Нурмухамедов, К. Абдулин, М. Солтаев, К. Токсанбаев, К. Ордабаев, Э. Арабаев, К. Телтаев, М. Алимбаев, Т. Есенгулов ж. б. сыяктуу казак-кыргыз калкынын өкүлдөрү кызмат өтөшкөн. [1] Ошону менен катар алар облустук комитеттердин бөлүмдөрүндө да кызмат аткарышкан. Мисалы, Верныйда К. Шегиров, Пишпекте М. Алимбаев, Жаркентте Т. Есенгулов, Пржевальскде Э. Арабаевдер төрагалык кылышкан. Кээ бир казак болуштуктары Пишпек уездине караганына байланыштуу бул уездеги уюм дагы «Пишпек уездик Кыргыз-казак комитети» болуп аталып, анын курамына эки калктан Дардаил Абдуллин, Өмүркул Өмүралин, Аалы Бердугулов, Корабай Бодыков, Найзабек Тулин, Ахметбек Койбагаров сыяктуу белсемдуу азаматтар киришкен. [2]

Ошону менен 1917-жылдын апрель айында Верный шаарында облустук кыргыз-казак съезди чакырылат. И. Жайнаков төрагалык кылган бул съездге 81 делегат, анын ичинде Пржевальск жана Пишпек уездинен 17 делегат катышкан. Алты күнгө созулган бул съездде Убактылуу өкмөткө, согушка болгон мамиле, мамлекеттик түзүлүш, дин, сот, жергиликтүү башкаруу, улут аралык карым-катыш, ж. б. маанилүү маселелерди карап, Казак комитетинин Бүткүлроссиялык

1 Махаева А. Казак-кыргыз тарыхынан. – Бишкек, –2011. 222-б.
2 КР БМА. Ф. 89, оп. 1, д. 3, 28-б.



ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА им. В. И. ЛЕНИНА
№ 272651

съездине чейинки милдеттери белгиленген. Мындан тышкары, бул съездде жергиликтүү башкаруу орунуна эки комиссар, бирөө – орус, бирөө – мусулман болушун, аларды шайлоону облустагы коомдук уюмдар, же Казак-кыргыз комитети жана казак чарба уюмдары менен келишип жүзөгө ашырууну, башкарууда кеткен кемчиликтер болсо, аны Казак-кыргыз комитетинин кийлигишүүсү менен чечүүнү колдойт. Съезд казак-кыргыздарды орустар менен ынтымакта туруусун жактап, бул ишти иш жүзүнө ашырууну облустук жана уезддик Казак-кыргыз комитетине жүктөйт. Мындан тышкары, ал комитеттердин мойнуна Кытайдан кайткан качкын казак-кыргыз маселесин колго алууну милдеттендирет. Натыйжада, Февраль революциясынан кийин Жетисуу облусунда ирегелеш жайгашкан казак-кыргыз калктарынын мүдөөсүн коргоону жаңы коомдук-саясий уюм – Жети-Суу облустук Казак-кыргыз комитети өз колуна алды.

Убактылуу өкмөттүн учурундагы коомдук саясий кырдаал Жети-Суу облусунда гана эмес башка аймактарда да жашаган кыргыздар менен казактар да өз мүдөөлөрүн коргоочу уюмдарды уюнтурууга өбөлгө түзгөн.

Буга Олуяатада А. Кенесарин жетектеген Казак-кыргыз улуттук кеңеши, Фергана өрөөнүндө К. Кожыков төрагалык кылган казактар менен кыргыздардын «Иллятия» («Көчмөн» ) аттуу коомдук-саясий уюмдарынын жаралышы далил боло алат. [1] 1917-жылдын 2–5-август аралыгында Түркстан өлкөсүнүн казак-кыргыздары Ташкен шаарында съезд өткөрүшүп, бул съездге Сырдарыя облусунун Перовск, Черняев, Казалы, Олуяата, Ташкен уезддеринен жана Фергана облусунун Анжиян уездинен – бардыгы 82 өкүл катышат. Алардын катарында С. Аспандияров, М. Тынышпаев, К. Сармолдоев, К. Кожыков, А. Кенесарин, С. Кожанов, И. Касымов өңдүү казактын жана кыргыздардын К. Галымбеков, Т. Жанузаков, КБөриев сыяктуу башка дагы коомдук ишмерлери болду. Съездге М. Тынышпаев төрагалык кылат. Анда, Түркстандагы казак менен кыргыздарды Убактылуу өкмөткө колдоо көрсөтүүгө чакырык кабыл алышат. Булардан башка съездде Россиянын келечектеги мамлекеттик түзүлүшү, жер-суу, эл агартуу иши, сот, дин, басма сөз, Жети-Суудагы казак-кыргыз үркүнү, аялдар маселеси, Бүткүлроссиялык съездине депутаттыкка талапкерлерди бекитүү сыяктуу маселелерди карашкан.

1 Махаева А. Казак-кыргыз тарыхынан. – Бишкек, – 2011. 223-б.

Съездге катышкан депутаттардын басымдуу бөлүгү Россиянын Федеративдүү демократиялык республика болушун каалагандыктарын, Түркстан өлкөсүнө өз алдынча автономия берилишин жакташарын билдиришти. Съезд орус переселенецтери үчүн деп тартып алынган жана орус аристократтары менчиктеп алышкан жерлердин тез арада казактар менен кыргыздарга кайтарылышын; казактар менен кыргыздарга токойлордун ичине мал багууга уруксат берилишин; сугат системасын жеке адамдардын колунан земствонун кароосуна өтүшүн; орус переселенецтерине Чүй менен Сырдарыя дарыяларынын суусун өз эркинче колдонууга чектөө коюуну; казак менен кыргыздарды мамлекеттик азык-түлүк комитети күндөлүк керектелүүчү азык-түлүк менен камсыз кылышын; окуу (башталгыч билим алуу) жалпыга бирдей милдеттүү болушун; мектепте балдардын эне тилинде окутулушун; окуу китептери менен басмасөз «Казак» гезити колдонгон эреже менен жазылышын; орус-тузем мектептеринин жабылышын; алардын ордуна улуттук мектептердин ачылышын; өлкөдөгү казак менен кыргыздар үчүн өз алдынча муфтиятты түзүүнү; «Бирлик туусу» гезити казак менен кыргыздардын жалпы басма сөзү болушун; ага бардык уездик казак жана кыргыз комитеттеринин камкордук кылышын; Бүткүлроссиялык мусулмандар кеңешинин алдында казак менен кыргыздардын өкүлүнүн болушун; аялдар менен эркектердин тең укуктуулугу; калыңды жоюуну; кыздар 16 жашка, жигиттер 18 жашка толмоюн никеге турууга уруксат берилбешин; аялынын үстүнө токол алуу үчүн биринчи аялы тарабынан уруксат болушун; жети атасы бир туугандарга бир-биринен кыз алууга жол берилбешин; казак менен кыргыздардын улуттук казынасынын курулушун; ал үчүн мамлекеттик салыктын ар бир сомуна 5 тыйын кошулуп жыйналышын; Жети-Суудагы 1916-жылкы көтөрүлүш учурунда Кытайга өтүп кетишкен казак-кыргыз качкындарына мамлекеттик жардамдын уюштурулушун; элине кайтышкан качкындарга орус переселенецтеринин кысым көрсөтүшүн токтотуу; качкындарга улуттук уюмдар аркылуу жардам берилишин талап кылган сунуштарды кабыл алышты.

Съезддин жүрүшүндө делегаттар Бүткүлроссиялык съездге депутаттыкка кандидаттарды бекитүүдө казак менен кыргыздарга бирин-бири колдоо кажеттиги кубатталып, ага Сырдарыя облусунан М. Чокай, А. Кенесарин, Е. Касымов, С. Өтегенов, К. Кожыков, С. Акаев, А. Көтүбаров, З. Сейдалин, С. Аспандияров, С. Лапин, А. Мангелдин, Г. Аспандиярова,

С. Кожанов, Х. Ибрагимов, С. Еренов сыяктуу ишмерлерди талапкер катары колдоону карады. [1] Түркстандагы казак менен кыргыздар жашаган башка облустардан Бүткүлроссиялык съездге депутаттыкка кандидаттарды белгилөө, ошол облустардын эркинде калтырылып, алардын өкүлдөрүнөн бул маселени тездетип чечип берүү суралды.

Бул съезд өлкөдөгү казак менен кыргыздардын иш-аракетин бириктирип, аны бир калыпка салууну ишке ашыруу максатында, «Түркстандык Казак-кыргыздардын борбордук кеңеши» аттуу коомдук-саясий уюм уюштуруу тууралуу чечим кабыл алды. Ушуга байланыштуу Сырдарыя менен Фергана облустарында да казак-кыргыз кеңештерин курууну жөн көрүп, Сырдарыя облустук кеңешине убактылуу мүчөлүккө А. Көтүбаровду (төрага), С. Өтегенов, С. Кожанов, Т. Рыскуловдор, ал эми Фергана облустук кеңешине К. Бөриевдер белгиленди. Ушул мүчөлөрдүн катарын толуктоо же аларды ордунан котоpуу маселеси ар бир облустун өз эркине калтырылды. Съезддин ыйгарымы боюнча облустук казак-кыргыз кеңештери борбордук кеңешке өз өкүлдөрүн көрсөтө турган болду. [2] Түркстан Казак-кыргыз борбордук кеңеши өз жумушуна толук кандуу киришкенге чейин ага төрагалык кылып туруу Е. Касымовго, ал эми катчылык милдет Т. Рыскуловго жүктөлүп, кеңештин ардактуу төрагалыгына М. Чокай сунушталды.

Түркстандагы Казак-кыргыздар борбордук кеңешинин тез арада кызматка киришүү зарылчылыгы К. Болгонбаев жана С. Кожановдордун кийлигишүүсү менен чыгып жаткан «Бирлик туусу» гезитинин редакциясы тарабынан да көтөрүлдү. Бул жөнүндө гезитте «Казак-кыргыз кеңештери» деген ат менен макала жарыяланып, анда: «...Аймак жыйынынын шарты боюнча Казак-кыргыз кенешине ар бир уездден бир өкүл шайланып жиберилип, ишти ошол өкүлдөрдүн колуна берүү керек. Уезддер менен облустарда Казак-кыргыз кеңештери тез арада ачылууга тийиш. Түркстан аймагына земство киргени жатат, буга да даяр туруу керек. Участкалык, уезддик, облустук деп ар жерде Казак-кыргыз кеңеши болуп, ар иште казак-кыргызга пайдасы тийген, турмушуна ылайык иш болуусун көздөп турбаса, журт өз шыбагасынан

1 – ошондо эле. – 224-б.

2 Түркстан аймагындагы казак-кыргыздардын жалпы жыйналышы. «Бирлик туусу» –1917, 20–август.

айрылып каларына шек жоктугу» эскертилет. [1] «Бирлик туусу» гезитине казактар гана эмес, ал учурдагы кыргыздардын турмуш-тиричилиги, күндөлүк жашоосу жөнүндөгү макалалар жарыяланып турган. Андай макалалардын авторлорунун катарында Төрөкул Жанузаков, Касымбек Галымбеков сыяктуу кыргыз коомдук ишмерлери болушкан. Мисалы, алардын Бүткүлроссиялык съездге кыргыздарда да шайлоого жана эне тилинде гезит чыгарууга чакырган «Ак калпактуу кыргызга» деген макаласы жарыяланган. «...Россияга караган бардык калкты 160 миллион десек, съездге 800 өкүл шайланышы керек. Анын ичинде ак калпактуу кыргыздын шыбагасына – эгер саныбыз эки миллионго жетсе – он өкүл шайланышы керек. Ферганада 13 болуш, Жети-Сууда 20 болуш, Сырдарыяда 13 болуш кыргыз бар. Адамдарыңарды Ташкенге жибергиле, ар болуштан бирден-экиден келсе деле болот. Карала турган маселе көп. ...Азыр эң керектүүсү – кыргыз тилиндеги гезит чыгаруу. Учурда биз казак туугандарыбызды минип отурабыз» деген макаланын жарыяланышынын өзү, бул газеттин кыргыздардын арасында кеңири таралганын жана Түркстанда өткөн казак-кыргыз съездинин чечими аткарылып, ал эки калкка орток кызмат кыла баштаганын билдирет. [2] Казак менен кыргыздардын улуттук мүдөөсүн бирге коргоо жолундагы чыныгы аракет Жети-Суудагы кыргыз-казак качкындарына көмөк берүү убагында көрүндү. Кытайдан кайтышкан казак-кыргыз качкындарына колун биринчи созуп, жардамын берген ушу Жети-Суу облустук Казак-кыргыз комитети болду. Алар качкындарды орноштурууга ыңгайлуу жерлерди белгилеп, орустар тарабынан туулган коркунучтан коргоп, жумуш менен камсыз кылуу, ачтарга тамак-аш бере турган пункттарды ачуу сыяктуу накта жардамдарды уюштуруп, ал ишти катуу көзөмөлгө алышты.

1917-жылы Февраль революциясынан кийин Жети-Суу облусу боюнча Убактылуу өкмөттүн комиссары болуп М. Тынышпаев дайындалган деп жазылат айрым эмгектерде. Муну казак окумуштуусу Мамбет Койгелдиев жаңылыш пикир катары эсептеп, М. Тынышпаев менен О. А. Шкапский Убактылуу өкмөттүн Түркстан Комитетинин мүчөлөрү катары 1916-жылдагы көтөрүлүштүн залдарын жоюп, областта улуттар арасында тынчтыкты орнотуп жана жаңы бийликтин

1 Казак-кыргыз кеңештери. «Бирлик туусу» . – 1917, –13-сентябрь.
2 Жанузаков Т, Галымбеков К, Ак калпактуу кыргызга. – «Бирлик туусу» –1917, 29-август.

административдик башкаруу орундарын түзүүгө көмөктөшүп, иш-чараларды жасоо үчүн дайындалган дейт. [1]

М. Тынышбаев жана О. А. Шкапскийдин көмөгү менен Убактылуу өкмөттөн «үрккөн» казак-кыргыздарга материалдык жардам сурагандыгын, атап айтканда, аларга 5 млн сом жана ошондой эле Пржевальск уездинин жапа чеккен орус улутундагы «келгиндерге» 10 млн сом бөлүнгөндүгү ошол мезгилде чыгып турган «Казак» гезитинде жарыяланган. [2]

1917-жылы Ташкент шаарында жайгашкан Убактылуу Өкмөттүн Түркстан комитетинин (төрагасы Н. Шепкин) атынан, комитеттин мүчөлөрү болгон М. Тынышпаев менен кадет О. А. Шкапскийге Жети-Суу областындагы көтөрүлүштөн кийинки абал менен таанышып, маалымат жыйноого тапшырма берилген. Алардын жыйнаган маалыматтары 1917-жылы 19-апрелде Ташкенттеги Убактылуу Өкмөттүн Түркстан комитетинин жыйынында баяндалган. Жыйын Жети-Суу областына Кытайдан кайтып келип жаткан качкындарды Пржевальск жана Пишпек уезддерине киргизбөө жана аларды Верный, Жаркент уезддеринин, Тянь-Шандын тоолуу райондоруна жайгаштыруу жөнүндө чечим кабыл алган. [3]

«Казак» гезитинин 1917-жылдын 6-декабрындагы санында М. Тынышпаев биринчи жолу Кытайга конуш оодарган казактардын саны жөнүндө маалымат жарыялап, анда 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүш мезгилинде казактардан 95200 адам чыгымга учурагандыгын жазган. [4] Ошондой эле кыргыз элине берилген конкреттүү материалдык жардам жөнүндө М. Тынышпаев: «Пишпектин 10 болуштугунда тоолук кыргыздардын өз күнүн өзү көрө ала турган, азын оолак ашты-гы бар. Нарындын 12 болуштугу биздин сөзүбүзгө токтоп, ынтымакка келип, өз арасынан реквизиция кылды: буудай жыйнап, аны акчага баалап, арасында ач-жылаңачтарга берип жатат. . . Алар 2–3-миң пуддай аштыкты Кашкардагы 3 болуш ага-тууганына жиберди. Тартип көргөн эл алдында таалим көргөн Чоко баатырдын баласы Казы менен казак

1 Койгелдиев М. Алаш козголушу. – Алматы, –2008. 355-б.
2 Ошол эле жерде. –355-б.
3 История Киргизской ССР, т. 3. –Ф., 1986. –65-б.
4 Акгедик. Е. XX кылымдын башындагы Казакстандын саясий абалы. –тарых илимд. канд окум. даражасын изденип алуу үчүн жазылган дисс –26 б.

офицери Бекимов Нарын жагынан көңүлдү жайлагандай болду. Эң кыйын акыбалда турган Улакөлдөгү 7 болуш кыргыз. Булардын комиссарына 60 миң сом, Нарынга 40 миң, Токмоктун тегерегиндеги кыргыздар үчүн Пишпек комиссарына 60 миң сом жибердик. Кулжадагы жаңы консулга анда калган казак-кыргыз үчүн 60 миң сом жибердик. Жаңы өкмөт чыгарган 5 млн сомду «Үркүндөн» калган казак- кыргыздарды сактап калганга сарптамай болдук», - деп билдирген.

«Казак» гезити 1917-жылдын 27 майдагы №231 санында өз кабарчысы А. Найманкожонун «Үркүн кыргыздарынын ал жайы» аттуу макаласын жарыялайт. Макалада автор: «Кулжа тарапка үрккөн» кыргыздардын орус аскерлеринин талоонунан калган малын, Кытай жерине өткөн соң, Кытай шериги (аскери), калмак, Кулжа аксакалы Нуракун, консул болуп биригип алышып, орус жерине кайта айдайбыз деп талап кеткен. Ошентип үйүнөн, малынан айрылган соң, кыргыздар кытай-казактарынын жери–Текес, Күнөскө барып казактар менен аралаш кыштады. Үй жайы, тамак-ашы, кийими жок «азган кыргыздардын үчтөн экиси ачарчылык менен сууктан өлгөн» - деп белгилеген. [1]

«Казак» гезитинин 1917-жылдын 24-июндагы дагы бир санында Убактылуу өкмөттүн Түркстан комитетинин мүчөсү М. Тынышпаевдин маалыматы боюнча: «Жети-Суудан Кытай жерине өтүп кетишкен казак-кыргыздардын саны 164 миң адам экен. 1917-жылдын 1-июлуна чейин кырылганы 83 миң, өз жерине кайтканы 69 миңге жеткен, ал эми 12 миң качкын Кытайда калган. [2] Биз мурун кыргынга учураган жалгыз кыргыз деп жүрсөк, Мухамеджандын айтышынча Жаркент уездиндеги албандардын (улуу жүз) качкындарынын кыргыны кыргыздардан кем эмес экен.

Алаштын азаматтары! Дагы да кулактарыңа күмүш сырга кылабыз: кыргыз-боордошторуңарды унутпа!» – деп жазат. [3]

Кытайга качкандар эки багыт менен: Кашкар, Аксуу ооданы жана Кулжа жактан кайткан, аларды аңдыган жоого жем кылбай же болбосо коопсуз жерлерге орноштуруп, жай таап берүү өтө маанилүү маселелерден эле. Ошондуктан, качкындарды орноштуруу боюнча, кабыл алган Жети-Суу облустук казак-кыргыз съездинин чечимин аткарууну

1 Койгелдиев М. Алаш козголушу. Алматы, –2008, 357- б.
2 Омирзак Озганбай. Государственная дума России и Казахстан. –Алматы, –2006. 145-б.
3 Казак гезити. 1917, №237.

Жети-Суу облустук Казак-кыргыз комитети өз колуна алды. Ал съезддин чечими боюнча Кашкар, Аксуу оодандарынан кайткан качкындарды Пржевальск уездинин Улар, Семизбел, Тоң; Пишпек уездинин Кочкор, Суусамыр, Жумгал; Нарын жактагы Тогуз-Торо, Куланак, Ат-Башы өрөөндөрүнө, Кулжа тараптан кайткандарды Верный уездинин чыгышына жана Жаркент уездинин Шонжа, Шөлтатыр өрөөнүнө, Бешкарагай, Каркырага, ошону менен бирге Пржевальскидеги орус чарбаларынын жакшыраак жерлерине орноштуруу каралган болчу. Ушуга ылайык ал съезддин чечимин колдогон И. Жайнаков Түркстан комитетинен качкындарды аталган жерлерге орноштурууга уруксат сурайт. Ал М. Тынышпаевдин колдоосуна ээ болот деп жазат белгилүү казак тарыхчысы Айткүл Махаева өз эмгектеринде. [1] Жети-Суу облустук Казак-кыргыз комитети бийлик органдарынан качкындар арасынан орус туткундарын издетип берүүнү талап кылды. Жети-Суу облустук комитетинин Түркстан комитетине жолдогон телеграммасында Пишпек, Пржевальск, Токмок комиссарларынын Кытайдан кайткан качкындардын арасынан орус туткундарын издетүүгө уруксат берүүнү токтотууну талап кылып, мындай күбөлүгү бар, куралдуу орус адамдары казак менен кыргыздар арасына келип, ойрон салып жатканы көрсөтүлгөн.

Качкындардын ушундай кысымчылык көрүп жатканына байланыштуу, Пржевальск аткаруу комитети атайы жыйналыш өткөзүп, анда Пржевальск уездинин чыгыш бөлүгүндөгү качкын кыргыздарды Жаркент уездиндеги казактардын арасына орноштуруу керектигин белгиледи. Конуш оодара турган бул кыргыздар Пржевальск уездинин 7 болуштугунан элине аман-эсен, тирүү кайтып, бирок дээрлик бардыгы мал-мүлкүнөн айрылгандар эле. Көп кыргыздын от башына тигер кийиз үйү да болбогон.

Конуш оодара турган бул кыргыздардын көчүн жеткирүүгө унаа болбой, оору-сыркоолор менен бала-чака 2-3 күндүк жөө жүрүшкө чыдай албай жолдо калышкан. Казак жерине аман-эсен жетишкен кыргыздардын 549 түтүнү Жаркент уездинин Мерке болуштугуна, 348 түтүнү Чилик болуштугуна, 250 түтүнү Верный уездинин Кызылбөрүк болуштугуна – казак айылына орноштурулду. Казак айылдары өздөрүнүн оор акыбалына карабастан, арып-ачып жеткен кыргыздарга колун созуп,

1 Махаева А. Кыргыз –казак интеллигенциясынын 1917-жылдагы коомдук саясий ишмердиги. – «Рух кенчи» 2012-жыл, апрель №4.

камкордук кылышкан. Казак жерине келип, орун алышкан ушул кыргыздар 1920-жылга чейин жашап келишти. Казак интеллигенттери да карап жаткан жок. Мисалы, М. Дулатов өзүнүн 1000 даана «Ойгон казагынын» акчасын качкын кыргыз туугандарыма арнадым деп жазат. А. Бөкөйханов болсо: «...качкын кыргыздар үчүн казынадан 200 миң сом карыз суроо керек» деген кеңеш айтып, М. Тынышпаевдин атына телеграмма жөнөткөн.

Убактылуу өкмөттүн Түркстан комитети качкындардын абалы менен таанышкан сон, азык-түлүк комитетинен 100 миң сом алып, Жетисуу облустук Казак-кыргыз комитетинин төрагасы И. Жайнаковдун колуна тапшырууга буйрук чыгарды. Бул каражатка казак-кыргыз комитети Кытайдан кайткан казак-кыргыз качкындарына жардам акы, азык-түлүк берүүнү уюштурат.

1917-жылы кыргыз жергесинде совет бийлиги орногонун уккан качкын кыргыздар менен кошулуп, Э. Арабаев дагы кайрадан өз жерине келет. Ошол үрккөн эл менен кошо Үч-Турпанда баш калкалап жүргөн мезгилде да Эшенаалы Арабаев ал жактан агартуучулук ишин таштаган эмес. Бүгүнкү Кытайдагы тилчи илимпоз Макелек Өмүрбай Эшенаалы Арабаевдин Кытайдагы кыргыздардын арасында агартуучулук иши бараандуу экенин тастыктап келет. [1]

Алыстан жөө - жалаң тентип келген, ач-жылаңач элди өлүмдөн сактап калуу үчүн Жети-Суу облусунун Каракол уездине караган алты болуш элден он кишиден турган райондук комитет түзүлүп, анын башчылыгына мына ушул Кытайдан кайра көчүп келген Эшенаалы Арабаев дайындалат. Ал «Казак» гезитине (1917, 17-июль) «Бечара кыргыз бооруңарды унутпагыла!» деген үндөө менен казактын илимпоз окумуштууларына, маданий-агартуу кызматкерлерине, жалпы эле казак коомчулугуна кайрылып, алар менен тагдырлаш экенин көрсөтүп, боордоштук жардам кылуу жагын өтүнөт. [2]

И. Жайнаков жетекчилик кылган Жетисуу облустук Казак-кыргыз комитетинин качкындарга жардам уюштуруу боюнча аткарган кызматы көңүлгө алынбай калган жок. Пржевальск уездиндеги Кыргыз комитетинин төрагасы Э. Арабаев казак калкына үндөө кылып, Пржевальск

1 Эсенгулова М. М. – Просветительская деятельность и педагогическое наследие Эшенаалы Арабаева:– Дисс. . . канд, пед. Наук –Бишкек, –2005, –С 43.

2 Осмонкулов А. И. Арабаев– көрүнүктүү агартуучу. –Бишкек; 1999, 21- б.

кыргыздарынын атынан И. Жайнаковго алкышын билдирип, «алаш» деп аяныч билдирер дагы далай Жайнаковдор чыгарына» ишеним айтып, М. Солтоев менен К. Телтаевге да кыргыз туугандарын куткаруу жолунда аябай эмгек кылгандары үчүн ыраазычылыгын жиберген дейт белгилүү казак тарыхчысы Махаева. А өз эмгектеринде. [1]

Бул айтылгандардын бардыгы «Казак» гезиттин 1917-жылдын 17-июнундагы №236 санында кыргыз элинин сыймыгы болгон, коомдук саясий ишмер Э. Арабаевдин казак элине үндөөсүндө жарыялаган. Ал үндөө «Бечара кыргыз бооруңарды унутпагыла», – деп башталат. Үндөөдө: «Жети-Суу облусу, Пржевал үйөзүнө караган 6 болуш (Улакол, Жаныбек, Торгой, Жаанбай, Барскоон, Зооку) элдин ортосунда Алматыдан Максут Солтоев менен Касымбай Телтаев келип, калың журтту жыйнап, азыркы ал-жайды түшүндүрүп, алты болуш элден 10 кишиден чыгарып, райондук комитет шайлады. Өлүм алдында жаткан боорлорубузга тезирээк жардам көрсөтүүгө аракет кылып, улут үчүн кара жанын карч урган жогорудагы эки жакшыбыз туш-тушка чаап, көз көрүнө ачтан өлгөнү жаткандар жөнүндө дилгирем берип, каражат жыйнап жатышат.

Бул жактагы бозгун бечералардын алын алыстан угуп, «Алаш» деп күйүп бышып, аракет кылып жаткан облустагы алтын туягыбыз Ибрагим мырза Жайнаков. Биз Пржевал кыргыздары жаралуу жүрөгүбүздөн астейдил алкыш айтабыз. . . Жайнаковго окшогондор бар чыгаар деген илгери үмүт менен өлүм алдында кол созуп, жалдырап жардам сурайбыз» .

Ошол эле санында «Казак» гезити Э. Арабаев жөнүндө төмөндөгү маалыматты да кыстара кеткен: бул катты жазган Ишенаалы Арабаев– кыргыз. Өфөдөгү медресе Галийди бүтүрүп чыгып, элине кайтып чоң медресе ачып, өзүнө талапташ маалымдарды алдырып, караңгы калың кыргызга илим нурун чачып турган, өз улутунун өрнөктүү жигити эле. Былтыркы кесепеттүү 25-июнь жардыгы кыргыз элине бүлүк түшүрүп, Кытай жерине боздуруп кыргынга, ачарчылыкка дуушар кылды. Эшеналынын медресе Галийде бирге окуган жолдошу Ыскак Канагар уулу деген жигит, кечээки залим өкмөттүн заманында жазыксыз дарга тартылды. Алаштын азаматы! Эшиттиңерби, өлүм алдында кол булгалап,

---

1 Махаева. А. Казак-кыргыз интеллигенциясынын 1917-жылдагы коомдук саясий ишмердиги. – «Рух кенчи» №5, май, 2012.

көзүбүздөн жаш кылгырып, жардам сурайбыз» деп жатат. Жаныңар ачыбайбы, сай-сөөгүңөр сыздабайбы? Эгер таш боор болбосоңор, кыймылдагыла! Журтчулук кылгыла, пейилди кенен салгыла![1]

Чынында Э. Арабаев 1916-жылдагы көтөрүлүштөн кийинки качкындарга, Кытайдан кайткан кыргыздарга чоң кайрымдуулук жардам көрсөткөн. Мына ушул саясий ишмердиктин алкагында 1920-жылы кыргыздын башка өкүлдөрү (Д. Байжанов, И. Шайбеков, И. Шабданов. ж. б. ) менен бирге «россия революциясынын жетекчиси» катары «Жолдош Ленинге, жеке өзүнө гана» деген кат менен кайрылган.

XX кылымдын 20-жылдарындагы кыргыз интеллигенциясынын айрым ишмерлеринин В. И. Ленинге жөнөткөн каты жөнүндө эгемендүүлүгүбүз энчибизге тийгенге чейин айтылбай келген. Тарыхчы В. Плоскихтин 1992-жылдын 17-декабрындагы «Кыргызстан маданияты» газетасында Э. Арабаевдин 110 жылдыгына арналган «Башат башында» деген макаласында бул кат эч жерде жарыя боло элек деп жазган. Бул кат менен аталган тарыхчынын З. Курманов, У. Бегалиев менен авторлош эмгегинен гана тааныш боло баштадык. [2] Катта кыргыздардын жакырчылык абалы жөнүндө айтылып, Кытайдан кайткан мурдагы көтөрүлүшчүлөргө өзгөчө көңүл бурууну суранышкан. Катка Жунус Байжаков, Эшенаалы Арабаев, Исак Шайбеков, Исметдин Шабданов, Двуткул Шигаев, Атыхан Тезекбаев, Султангазы Сраилов, Кишимбек Түмөнбаев, Гайбылда Алмантаев, Лагир Янсанчин кол коюшуп Лениндин өзүнө жөнөтүшкөн. Ал катта төмөндөгүдөй жазылган: «Улуу урматтуу жолдош Ленин!

Эгерде бизден бирөөлөр Жети-Суулук кыргыздар таптык революциянын эркиндигинен пайдаланышабы?- деп сурашса, бизде эркиндик жок деп жооп берээр элек. Анткени, Жети-Суулук, өзгөчө Пржевальск жана Пишпек уездеринин кыргыздары 1895—жылдан баштап сүрүлүп чыгарыла баштаган. Бул жактагы сугат жерлер, эгин айдоочу жерлер жергиликтүү элден тартылып алынып, Россиядан келген дыйкандарга берилген. Өкмөттүн бул саясатына наразылык билдирген биздин кыргыздар 1910-1911-жылдары Кытайга көчүп кетишкен.

Ошол кездеги бийлик кыргыздарга өз каражаттарына да мектеп

1 Койгелдиев М. Алаш козголушу. –Алматы, –2008. –372-б.

2 В. Плоских, З. Курманов, У. Бегалиев. Кыргызстандын улуттук лидери Абдыкерим Сыдыков Доор, инсан, тагдыр. –Бишкек, -1999. -65 б.

ачуута уруксат берген эмес. Кыргыздарды сабатсыз кармоо, басмырлоо, өз жерлеринен сүрүп чыгаруу кордуктары токтотулмак тургай, тескерисинче бийлик тарабынан колдоого алынып турган.

Жогоруда айтылгандарга кошумча 1916-жылы 19 жаштан 43 жашка чейинки кыргыздар фронтко кара жумушка мобилизацияланган. Буга чейин эле кыргыздар фронт үчүн боз үйлөрүн, жылкыларын, согуш үчүн керектүү башка каражаттарын жөнөтүп турушкан. Кыргыздарга мал катарында мамиле жасашып, өтө кордоо менен жумушка айдашкан. Натыйжада айрым жерлерде кагылышуулар болуп, жазадан корккон эл үй-жайларын, жерин таштап, Кытайга качышкан. Кытай жеринде малынан ажыраган кыргыздар өздөрүнүн аялдарын, балдарын сатууга аргасыз болушкан. Алардын көпчүлүгү Россияда эркиндик жарыялаган соң ач жылаңач кайтып келишти. Кайткан кыргыздарды орус дыйкандары кордук көрсөтүү менен тосуп алышкан, көпчүлүгүн жолдон аеосуз өлтүрүшкөн. Ошого карабастан качкын кыргыздар өз жерлерине кайтып келүүгө умтулушкан» .

Каттын ээлери В. И. Ленинге кыргыздардын социалдык абалын жакшыртуу үчүн жыйырма бир маселе менен кайрылышкан. Алардын айрымдары төмөнкүлөр:

Мектеп жашына жеткен кыргыз балдарын милдеттүү түрдө, жалпы окутуу үчүн буйрук чыгаруу…

Аскер кызматына жарактуу кыргыз уулдарын аскерге алуу. Аларды кыргыз тилинде окутуу. Аларга окутуучу жана инструктор катарында Ташкенден аскердик курстарды бүтүргөн кыргыз адистерин дайындоо.

Кыргыздарды отурукташтыруу.

1920-жылдан баштап кыргыздын мал чарбачылыгынын жана айыл чарбасынын өндүрүмдүүлүгүн көтөрүү ж. б…»

Катта совет бийлигинин иш чараларынын анчалык ишенимдүү эмес экендиги айтылган. Каражаттын жоктугуна байланыштуу, деп айтылган каттын экинчи пунктунда, - Кытай жеринен кайтып келе албай жүргөндөр үчүн качкын кыргыздарды жайгаштыруу. Өзгөчө комиссиянын укуктарын кеңейтүү, атайын акчалай каражат бөлүү жагы суралган.

Пекиндеги жана Үрүмчүдөгү Кытай өкмөтүнө Өзгөчө комиссиянын ишине жардам берүүсүн өтүнгөн телеграмма жөнөтүү. (Анткени Кытай өкмөтүнүн жардамысыз аргасыздан сатылып кеткен кыргыздарды табуу да кыйынга турмак)

Кытайдан кайтып келген кыргыз качкындарына өздөрүнүн мурдагы жерлерин кайтарып берүү. Аларды падышалык режимдин учурунда пайда болгон орус дыйкандардын кысымынан сактоо…»

Кат улуу урматтуу жолдош Ленин, Сизге жана Сиз аркылуу Россия Социалисттик Республикасынын жогорку бийлигине кайрылуу менен биздин үнүбүз эми угулат, биз үчүн эми жол ачылып, кыргыз пролетариаты акыркы революциячыл улуу үй бүлөсүнө кичүү, бирок тең укуктагы бир тууган катары кошулат деп бекем ишенебиз» деген көтөрүңкү үмүт, тилек менен аяктаган.

Ленин катты 1920-жылдын 1-майында «Сталинге эки сөз менен пикир айткыла» деген резолюция менен жөнөткөн. 1920-жылдын 27-майында Д. Каменский Ленинге төмөндөгүдөй жооп жөнөткөн:

«Жолдош Ленинге!

Жети-Суулук кыргыздар:

Орустар тарабынан кысым болуп жаткандыгында арызданышат (текшерүү керек, андай болушу да мүмкүн эмес).

Өздөрүнүн турмушун жакшыртуу үчүн бир катар иш-чараларды суранышкан (көп нерсени орундатууга болот, ал керек)

Тийиштүү чечим кабыл алуу үчүн материалдарды толугу менен улут иштери боюнча Эл комиссариатына жөнөтсөңүз болот. Д. Каменский» .

Тийиштүү чечим кабыл алынса алынгандыр, бирок өтүнүч катка кол койгон кыргыз интеллигенттеринин бардыгы кийин жалаа менен «эл душманы» атка конушкан.

«Алаштын» азаматтары атыккан казак интеллигенциясынын өкүлдөрү Ахмет Байтурсунов, Элихан Бөкөйханов, Мухамеджан Тынышпаев, Мустафа Шокай, Жусупбек Аймаутов, Миржакып Дулатов, Газымбек Биримжанов, Магжан Жумабаев, Султанбек Кожанов жана башкалар менен кыргыздын кыраандары атыккан Касым Тыныстанов, Абдыкерим Сыдыков, Жусуп Абдрахманов, Иманалы Айдарбеков, Абдыкадыр Орозбеков, Баялы Исакеев, Төрөкул Айтматов, Осмонкул Алиев, Базаркул Данияров, Токчоро Жолдошов сыяктуу инсандар болуп бир тилекте үзөңгүлөш иштеп, акыры бардыгы бирге тагдырлаш болуп репрессиянын каардуу капшабына кабылышкан. «Ак ийилет, бирок сынбайт» демекчи арадан жарым кылым убакыт өткөн соң, алардын элинин эртеңки келечеги үчүн кызмат кылган эрдике тете ысымдары бүгүнкү муундардын көз алдында кайра жанып, урпактар тарабынан

урматталып, алардын ишмердүүлүгүнүн актай барактары, ачыла элек көмүскө жактары илимпоздор тарабынан изилдөнүүдө. Алардын көөнөрбөс эмгектерине жана жаркын элестерине арналган илимий форумдар өткөрүлүп, мекен үчүн кылган кызматтарынын жаңы барактары ачыла бермекчи.

Мындай форумдардын бири 2012-жылдын 13-декабрында Чымкент шаарында Алаш-Ордо өкмөтүнүн 95-жылдыгына карата уюштурулган «Алаш туусу астында: Алаш-Ордо. Желтоксон. Эгемендүүлүк» аттуу илимий-практикалык конференцияда XX кылымдын 20-30 чу жылдарындагы өз алдынча мамлекеттүүлүк идеясы үчүн күрөшкөн кыргыз-казак интеллигенциясынын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн эмгектери эскерилип, ысымдары аталды. Анда кыргыз менен казак илимпоздору, жаңы табылгалар менен аталарыбыздын элесине таазим этишип, өз илимий баяндамаларын жасашты. Алардын ичинде көрүнүктүү агартуучу, Алаш-Ордочул Арабаевдин ишмердүүлүгү белгиленип, анын ишмердүүлүгүнө тиешелүү материалдардын табылышы кыргыз элинде айтылып келген «Жакшынын айткан сөзү өлбөйт, жазаган иши өлбөйт» деген акыл сөздү дагы бир жолу тастыктады.

Андыктан канча бир кылымдан кылым, замандан заман өтүп, жашоо кечирип келген кыргыз-казак калкынын баскан жолу, ашкан дабаны, тагдыры менен эрдиги бир болуп уялаш улут катары сыпатталган эки элдин урпактары аталарыбыз түптөп, куруп, бизге мураска калтырган эгемендүүлүктүн көк асаба кызыл туусун колдорунан түшүрбөй эл достугун чыңашып, келечекке бирге кадам коюууда.

## 1. 2. Казак-кыргыз агартуу институту - эки элдин билим, илиминин башатында

XX кылымдын башындагы кыргыз элинин интеллигенттеринин тарыхына көз жүгүртсөк, революцияга чейин кыргыз эли туташ сабатсыз, цивилизациядан обочолонуп көчмөн малчылык турмушта жашап турса да, анын ичинен бирин-серин сабаттуу молдолор, илимпоздор, акын, ойчул адамдар, агартуучулар чыкканы менен орто жана жогорку окуу жайларын бүтүргөндөр дээрлик жокко эсе болгон. Октябрь революциясына чейин Ысык-Көл кыргыздарынан Ажыбай Өмүрзаков жана Юсуп Булатов Верный (азыркы Алма-Ата) шаарындагы гимназияны бүтүрүшкөн. Ал эми Чүйдүн Чоң-Кемининен Жанек Солтоноев Варшавадагы айыл чарба институнун ветеринардык факультетин бүтүрүп, анын агасы Белек Солтоноев жана Шабдан баатырдын Кемел деген уулу, Токмок шаарынын тегерегиндеги Мамбеталы жана Дүр, Пишпектин айланасынан Найзабек Тулин, Абдыкерим Сыдыков жана Дардаил Абдылдаев ошол эле Верныйдагы гимназияны бүтүрүшкөн.

Пишпек шаарынын айланасындагы кыргыздардан К. Сарыкулаков аталган гимназияны бүтүрүп, андан кийин Киев, Казань жана Саратов университеттеринен окуп, бирок ден-соолугу начар болгондуктан, окууну бүтүрө алган эмес. Кочкорлук кыргыздардан Эшенаалы Арабаев менен Осмоналы Сыдыков Уфа жана Казань шаарларында окушуп, билим алышкан. Мындай адамдар аз санда болсо да, түндүк кыргыздары революцияга чейин билим-илимге умтулуп орто жана жогорку билим алууга аракет кылышкан. Алардын көпчүлүгү колунда бар бай-манаптардын балдары экендиги талашсыз.

Кеңеш доорунун алгачкы жылдары, башкача айтканда 1928-жылга чейин окуп билим алган кыргыз интеллигенциясынын эң алгачкы карлыгачтары негизинен беш-алты окуу жайда окуп, билим алган жигиттер болгон. Ал окуу жайлары Ташкенттеги Казак-кыргыз эл агартуу институту, Ленин атындагы Орто Азия Коммунисттик университети, Алма-Атадагы Казак-кыргыз эл агартуу институту, Москвадагы Чыгыш элдеринин Коммунисттик университети, Оренбург жана Тверь шаарындагы рабфактар болгон.

Бул окуу жайлардын ачылгандагы жана кимдер окугандыгы тууралуу

кыскача тарыхына кайрылсак, 1920-жылы Ташкент шаарындагы Ленин атындагы Орто Азия Коммунисттик университети ачылган. Бул окуу жайдан 1928-жылга чейин төмөндөгү кыргыздын дилгир жаштары окуп билим алышып, бүтүрүп чыгышат. Алар А. Мырзакеев, А. Жамансариев, К. Табалдиев, Ш. Төлөбаев, О. Кожобеков, А. Айылчинов, К. Айылчинова, А. Токомбаев, З. Токомбаева, А. Жумабаев, К. Ибраимов, А. Айнакенов, С. Оңолбаев, С. Кошоев, Ж. Жылкыбаев, А. Мыктыбеков, О. Абылов, Рыскулов жана башкалар эле. [1] Бул окуу жайды бүтүрүп чыккан адистердин көпчүлүгү Кыргызстандын партиялык, советтик аппаратында ар түрдүү жооптуу кызматтарды аткарышкан.

Буга удаа эле 1920-жылы июнь айында Москвада Улуттар Комиссариатынын алдында Чыгыш элдеринин Коммунисттик университети ачылып, ага 900 студент кабыл алынат. Ал студенттердин 156 татар, 88 кавказдыктар, 45 фин, 40 кытай, 32 армян, 31 башкыр, 31 еврей, 30 өзбек, 25 фарс, 23 корей, 19 казак менен кыргыз, 13 индус, 8 бурят, 71 түркмөн, калгандары ар түрдүү майда улуттардан болгон. Университетке өткөн окуучулар билимдерине жараша бөлүмдөргө бөлүнгөн. Окууга өткөндөрдүн көбү орус тилин билбегендиктен, окуу ар улуттун өз тилине жакын секторлордо жүргүзүлүп, төмөндөгүдөй секторлорго бөлүнгөн.

Түрк сектору, татар тилинде, татарлардан башка өзбек, казак, кыргыз ж. б.

Дагестан сектору.

Парсы сектору.

Кытай сектору.

Корея сектору

Инди сектору.

Азербайжан сектору

Бул секторлордо окуткан лекторлордун көбү ушул эле университеттин жогорку курстарынын студенттери болгон. Студенттердин окуу билимин жогорулатууга университеттеги ар кандай клубдар көп жардамын берген. Ал клубдарда театр, музыка, адабият, спорт бөлүмдөрү болгон. Университетте экскурсиялар уюштурулуп, Москвадагы тарыхый музейлер, чоң завод-фабрикалар, көркөм сүрөт жайлары, маданият жана искусство мекемелери менен студенттерди тааныштырып,

1 Токомбаев А. САКУга 60 жыл. «Кыргызстан маданияты» . Сентябрь, 1980.

алардын дүйнөтаанымын кеңейткен. Айрым учурларда Петроград жана башка шаарлар менен дагы тааныштырып турган. [1]

Бул университетке Пржевальск уездинен-Исабек Үркүнчиев, Асанкан Жээнбаев, Аулия-Ата уездинен Төрөкул Айтматов, Эркинбек Эсенаманов, Маймолов жана Пишпек уездинен Молдокул Максимовдор кирип, бүтүрүп чыгышкан. Сапар Арыковдун Москва шаарынан жазган 1922-жылы 4-мартта «Ак жол» газетасынын №148 санына жарыяланган «Чыгыш элдеринин коммунисттик университети» деген макаласында төмөндөгү 19 кыргыз-казак студенттердин фамилиясы, кайсы жерден экендиги жарыяланган. [2]

Болатаев Мекебай (Алматы)
Сатаев Естай (Алматы)
Ордабаев Алиукас (Алматы)
Жанкулов Рысбай (Капал)
Султанкулов Махмудрахим (Капал)
Үркүнчиев Исабек (Пржевальск)
Жээнбаев Асан (Прежевальск)
Жамкин Касым (Аягөз)
Максимов Молдокул (Пишпек)
Маймолов (Аулеата)
Эсенаманов (Аулеата)
Айтматов (Аулеата)
Калабаев Бейсенбай (Түркестан)
Дауренов (Акмечит)
Сокеев (Кустанай)
Мурзатаев (Семей)
Арыков (Семей)
Колмак (Бөкейлик)
Досназаров (Хива)

Окуу жайды ийгиликтүү аякташкан Төрөкул Айтматов менен Эркинбек Эсенаманов орус тилин мыкты өздөштүрүшкөн чыгаан кадлар болуп чыгышкан. Төрөкул Айтматов БКП (б) Кыргыз обкомунун экинчи катчылыгына чейин жетип, билимин дагы жогорулатып

1 Ак жол. 6-том. -Алматы 2013. -146-149-б.
2 Күн Чыгыш элдеринин Коммунисттик университети. Ак-Жол, 4-март, 1922-жыл, №148.

Москвадагы Кызыл профессорлор институтунда окуп жаткан мезгилде Москва шаарындагы Воровская көчөсү №25 үйүндө камакка алынып, репрессиянын каардуу кысымына кабылган. [1]

Ал эми Эркинбек Эсенаманов бул окууну аяктаган соң БКП (б) кыргыз обкомунун айыл чарба бөлүмүнүн башчысы, Ош, Жалал-Абад округунун катчысы, Жер иштери эл комиссарлыгын аркалап турган мезгилде 1937-жылдын 14-сентябрында Фрунзе шаарындагы Дзержинский көчөсү №116 үйүнөн камалып репрессияланган. [2]

Москвадагы Чыгыш элдеринин коммунисттик университети жана Ташкент шаарындагы Ленин атындагы Орто Азия Коммунисттик университеттери партиялык адистерди даярдаган саясий жогорку окуу жайлары болсо, бул жогорку окуу жайлар менен бирге эле 1920-жылы ачылган Ташкенттеги Казак-кыргыз агартуу институту кыргыз илим-билиминин, адабият- маданиятынын чыгаан өкүлдөрүн даярдап чыгарган жогорку окуу жайы болгон.

Кыргыз-казак интеллигенциясынын биргелешип билим алуусу Казак-кыргыз агартуу институнун ачылышы менен башталат. 1917-жылдагы Октябрь революциясынан кийин 1918-жылы 15-ноябрда казак-кыргыздар үчүн семинария ачылган. Ал 150 окуучуну даярдап 1920-жылдын 1-сентябрына чейин ишмердүүлүгүн улантып келет. Андан соң ал семинария 1920-жылдын 10-ноябрынан баштап «Казак-кыргыз институту» деп аталат. Семинария менен жаңы ачылган институттун айырмасы, Семинария-орто даражадагы окуу жайы болуп, максаты башталгыч мектептерге мугалимдерди даярдаган. Ал эми институт жогорку окуу жайы болуп эсептелип, балдар бакчасына, башталгыч мектептерге, мектептен сырткаркы таалим-тарбия иштерине мугалимдерди даярдап чыгаруучу иштерди аткармак. Бул жогорку окуу жайы тууралуу институттун директору А. Табынбаев «Ак жол» гезитинин 1921-жылдын 16-январында жарык көргөн №15 санындагы «Казак-кыргыз институту» деген макаласында институт тууралу төмөндөгүлөрдү айтат:

- «Казак-кыргыз институнун ачылышы Түркстан тарыхына жазылууга ылайыктуу десек болот. Анткени, бүгүн окуу ишинде эне тили менен

1 Байдилдеев Ж. Тарых табериги. -Бишкек. -2006. 88-б.
2 Байдилдеев Ж. Кайра жанган ысымдар. -Бишкек. -2010. 87-б.

башталгыч мектептен ары ашпаган өспүрүмдөрдү, балдар бакчасынан баштап университетке чейин өз тилинде окуталы деп отурабыз. Мына ушулардын баары Кеңеш өкмөтүнүн баштаган жолунун түздүгүнөн, теңчилик саясат менен өкмөт башындагылар чоң жыйындарды азайтып, ишке өткөнүнүн далили болсо керек. Андыктан казак-кыргыздын ичинен чыккан жигерлүү азаматтарыбыз ушуларды көрүп, сезип отуруп, жалааны заманга жаба шылтып, өз башынын камын көрүп жүрүшү орунсуз го деймин.» -деп кыргыз-казак жаштарын ардантып, билим алууга чакырык жасаган. [1]

Эшенаалы Арабаев мына ушул институтта окуган кыргыз жаштарынын окуп билим алуусуна көмөкчү болуп, алардын иш аракеттерин, окуудагы жетишкендиктерин институттун директоруна жана жогору жактагыларга кулак кагыш кылып, ошол «Ак жол» гезити аркылуу кабарлап турган. Алардын бири «Ак жол» гезитине жарыяланган «Кыргыз шакирттери» деген макаласы болгон.

Ташкент шаарындагы бул Казак-кыргыз эл агартуу институнан кыргыздардан 1923-жылы Осмонкул Алиев, Базаркул Данияров, Адигине Ырысбеков, 1924-жылы Касым Тыныстанов, 1925-жылы Жоробек Сарногоев, Мурат Салихов ал эми 1928-жылы Кусейин Карасаев, Токо Абдырахманов жана Жапар Шүкүров бүтүрүп чыгышкан.

Бул окуу жайды алгачкылардан болуп аяктаган, эл агартуу ишине эбегейсиз зор эмгек сиңирип, кыргыз элинин көп сандаган талантту интеллигенттерин окутуп, уядан учурган таасын тарбиячы педагог Базаркул Данияров болгон. Ал аталган окуу жайда окуп жүргөн мезгилде эле жогоруда баса белгилеген агартуучу Эшенаалы Арабаев сыяктуу кыргыз элине, жаштарына үндөө менен макалаларды жарыялап турган. Алардын бири 6-февраль 1921-жылы «Ак жол» гезитинин №11 санына жарыяланган «Кыргыз азаматтарына» аттуу макаласын айтсак болот.

Андан окуу жайдан илимден-билимден гана эмес, элди таанууда көзү ачылып, кыргыз жаштарын билим алууга чакырып, ар жерге чачылган кыргыздарды бириктирүүгө, улутун таанытууга аракет кылганы байкайбыз.

Базаркул Данияров 1923-жылы Ташкеттеги Казак-кыргыз агартуу институтун бүтүрүп чыккандан кийин, Ош шаарына жиберилип, анда

1 «Ак жол» гезити. №15. 16-январь 1921.

жаңыдан уюшулган мугалимдер курсунун башчысы болот. Бир жарым жыл ичинде бул курстан жүздөгөн мугалимдер даярдалып, караңгы элдин кат-сабатын жойгон. 1925-жылы Пишпек шаарындагы Кыргыз эл агартуу институту (бул окуу жайы 1928-жылдын аягында Фрунзенин Борбордук педагогика техникуму деп аталган) ачылган күндөн баштап анын окуу бөлүмүнүн башчысы кызматын аркалап, орто жана жогорку даярдоо класстарына тил жана адабияттан сабак берген. Аталган институтта билим алган, адабиятчы Зияш Бектенов агайын төмөндөгүдөй эскерет. [1]

— «Биз окуган «Тил куралы» жана «Адабият теориясын» жазган казак элинин агартуучусу-окумуштуу Ахмет Байтурсунов болгон. Ал киши XX кылымдын башында И. Крыловдун тамсилинен кыркты казак тилине которуп, «Кырк мисал» деген ат менен басмадан чыгарып, анын биринчи бетине:

«Казагым-элим,
Кайкайып белиң,
Сынууга тур таянып.

Канган жокпу али уйкуң,
Уктайтын не бар сыйкын.
Ач көзүңдү оянып- деп жазган экен.

Абайдын өлөңдөрү менен Пушкиндин «Онегининен» жасаган котормосун, Магжандын:

«Бото көз, сыйкырлы сөз жаным күлсүн,
Көктөгү күн күлмөсүн, Гүлсүм күлсүн.
Гүлсүм-күн көктө акырын жүзө билет,
Сүйдүрүп, күйдүргөнүн кайдан билсин, » - деген кол жеткис лирикаларын, Мухтардын «Айман, Чолпон», «Окуган азамат», «Кыйлы заман», «Каракөздөрүн», Жусупбек Айматовдун бүтпөй калган романы «Күнүкөйдүн жазыгын», «Карткожосун», Сакендин «Тар жол, тайгак кечүүсүн», Жансүгүровдун «Кулагерин» жана өлөңдөрүн, Сабиттин «Сулуу чачын», Майлиндин аңгемелерин бизге Базаркул Данияров окуткан» .

Базаркул Данияров Казак-кыргыз агартуу институнан алган тажрыйбасы менен балдарды окутуп, казак адабиятынын, маданиятынын

1 Бектенов З. Замандаштарым жөнүндө эскерүү. –Бишкек. 1996. 114-115-б.

алдыңкы өкүлдөрүнүн чыгармалары менен студенттерди тааныштырып, аларды сабаттуу жазууга жана чыгармачылыкка үгүттөгөн. Педагогикалык жөндөмдүүлүгүнөн улам ал Фрунзенин Борбордук педагогика техникумунун окуучулары менен мугалимдеринин арасында өтө чоң кадыр-баркка ээ болуп, 1929-жылдан тартып Петр Кузьмич Юдахин каза болгондон кийин аталган техникумдун директору болот. Базаркул Данияровду жеке эле Борбордук педтехникумдун мугалимдери менен окуучулары кадырлабастан, ошол кездеги чоң-чоң кызматтагы кыргыз интеллигенттеринин дээрлик бардыгы аны атынан атабастан «Базаке» деп чоң урмат-сый менен аташканын замандаштары эскерет.

Казак-кыргыз агартуу институнун алгачкы бүтүрүүчүлөрүнүн дагы бири - Осмонкул Алиев болгон. Ал студент кезинде эле жөндөмүн көргөзүп, дубал газеталарды чыгарууга жана жаштар уюмунун ишине жигердүү катышат. 1921-жылы 9-январында казак-кыргыз институндагы шакирттердин эл агартуу бөлүмүнүн жыйналышы болуп, анда каралган маселелер окуучулар журналын чыгаруу, драмалык ийрим ачуу иштери каралган. Журналды чыгарууга К. Тыныстанов менен О. Алиев шайланып, аларга тапшырылган иштер: Ташкенттин ичиндеги жана сырттагы оюн китептерин жыйнап көчүрүп алуу жана ар кими өз ойлорунан китеп жазып чыгаруу, жазган китептерин сынга коюп, жарагандарын драмалык ийримге берүү болгон.

Бул ишке ошончо студенттин ичинен Осмонкул Алиев менен Касым Тыныстановдун тандалып алышынын себеби, экөө тең калем кармап, өз омоктуу ойлорун айта жана жаза билген активист студенттер болушкан. Жыйналыш болоруна 5 күн калганда 4-январь 1921-жылы көчмөн элдин жаштар уюмунун бюро мүчөсү Осмонкул Алиевдин «Ак жол» гезитинин №10 санына «Казак-кыргыз жаштарынын азыркы жана мурдагы абалы» деген макаласы жарык көрөт. Анда:

- «Кийиз түндүктү казак-кыргыз эли бирдей көтөрүп, илгертеден бери жайлоодо көчүп-конуп жүрүп, келечекте замандын өзгөрүүсүнөн түшүнүгү жок жапайы эле. Дегени менен, эгерде ички тиричилиги накта европалыктарга окшобогондо: бай-манап, кедей аттары ошол эле боюнча өзгөрүүсүз калмак. Кедей-эмгекчилер, чамасы келсе эгин айдап, таман акы, маңдай терлери менен жансактагандар жана өмүр бою бай - манаптардын эшигинде жалданып жүрүп кул болгондор.

Бай-манаптар кедейдин эмгегинен пайдаланып, малын бактырып

короосун шыпыртып, кар күрөтүп, өздөрү үйдө олтургандар. Кедейдин оокаты жок, байдын малайы, катын-баласы да көз каранды, жалдырап кор болгондор. Бечералар өмүр бою чырга чырмалышып, бактысы ачылбай күнү бүткөндөр. Ошон үчүн мындайларга кайрымсыздык көрсөтүшүп, аларды кордошкон бай-манаптарды биз душманыбыз деп билебиз. Ушундай душман кимдерди аяган, кимдерди эзбеген?. . . Далай кедейдин кырчындай жаш балдары алардын кой эчкилеринин, козу-улактарынын артында жүгүрүшүп жүрүп, алардын отун жагып, күлүн чыгарып, сууларын ташып, жалаң аяк, жалаң баш тоо-таштарда өткөндөр. Мектепте окубастан билимсиз, акыл-ойсуз өмүрдүн кызыгын көрбөй өткөндөр. Жашообуздун рахатын көрбөй, дүйнөнүн кызыгынан кабарсыз, билимсиз калып, өтчү ошолордой жаштар биз болгонбуз. Ал заманда, мектептерде, байлардын гана балдары окушкан. Мектеп ошолорго окшогон колунда барлар үчүн гана салынган. Алардын максаты элине кызмат кылуу эмес, өздөрүнүн гана кызыкчылыгын көздөшүп, сабатына мактанышып, кедейдин балдарын кемсинтишип чиренишкен.

Эгерде кедейлердин бирөө жарымы капысынан билим алып, рух көргөн жаштар болсо, алар өтө аз болгондуктан, бирөөсү да ишке орношо алган эмес.

Акырындап убакыт өтө берип 1917-жылдагы Октябрь төңкөрүшүнө келип жеттик. Өзүңүздөргө белгилүү, Октябрь төңкөрүшүнүн максаты биз сыяктуу жаштарга эркиндикти, теңдикти, ынтымак менен достукту бекемдеп, билими- бизге жол ачмак. Ошол максатын далилдеп, Кеңеш өкмөтү бизге окшогон көчмөн элдин жаштарына, мектеп- интернат тургузуп берди.

Жаштардын башын бириктирип, келечекке умтулуу борборун ачты. Эми казак-кыргыз кедейлеринин эмгекчил жаштары өткөн күндөргө көз чаптырып ойлонгула! Ойгонгула! Биримдигиңерди бекемдегиле! Талаа менен тоо арасындагы элди аралап, Кеңеш өкмөтүнөн кабар бергиле! Кеңеш өкмөтүн жамандап ушактаган атка минер бай-манаптардын бузуку балдарына сокку ургула! Чоң күрөшкө чыккыла! Биз эмгекчил кедейлердин билимдүү жаштары өз улутубуздун азаматтары экенибизди баалай билсек, Кеңеш өкмөтүнүн туусун көтөрүп, кой терисине жамынган байларды, алдым-жуттумдарды, манаптарды жок кылууга аттаналы! Бардык элге эркиндиктин шамын жагалы. Элибизди боштондукка чыгаралы!

Эмгекчил кедейдин билимдүү жаштары, сиздер менен биригип туубузду көтөрүп, бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып ураан чакырсак, бай-манаптын балдары өздөрү эле тизеңерге чөгөлөп, бутуңарга жыгылып жок болушат.

Андыктан биз менен бирге болгула! Бир борборго жыйылып, келечегибизге багыт алалы!» -деп жазган. Осмонкул Алиев кыргыз жаштарына болгон кайрылуусун Базаркул Данияровдун макаласынан бир ай мурда жазган. Ага таасирленген Б. Данияров «Кыргыз азаматтарына» деген макаласын жазганы, бул окуу жай кыргыз студенттерине жол көргөзүп, алардын билимге суусап, жаңы заман агымындагы чоң турмуш жолуна багыт алып, чын дилдери менен элинин эртеңки жашоосуна кызмат кылууга белсенгендерин билгизип турат.

Осмонкул Алиев 1923-жылы аталган институтту бүтүргөн соң, Сыр-Дарыя обкомкомсомолунун бөлүм башчысы, бир аз убакыттан соң ошол эле Сыр-Дарыя уезддик элге билим берүү бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. 1924-жылдын октябрь айынан - 1925-жылдын январына чейин Ташкент шаарында чыккан кыргыз элинин тунгуч гезити «Эркин-Тоонун» биринчи редактору болгон. 1925-1926-жылдары Пишпек шаарында ВЛКСМдин Кыргыз Автономиялуу областынын жооптуу катчысы болуп иштейт. Ошол жылдын мартынан июль айына чейин беш ай Кыргыз Автономиялуу областынын элге билим берүү бөлүмүнүн башчысы кызматын аркалап жатып, БКП Кыргыз обкомунун бөлүм башчылыгына дайындалат. Ал эми 1926-1927-жылы Москва шаарындагы Бүткүл союздук Борбордук аткаруу комитетинин алдындагы кыргыз өкүлчүлүгүнүн өкүлү болуп иштейт. Ушул кызматта иштеп туруп, 1927-жылдын августунда Москвадагы Свердлов атындагы Коммунисттик университетке өтөт. Аны 1930-жылдын август айында бүтөрү менен 27 жаш курагында Кыргыз АССРинин Эл агартуу комиссарлыгына шайланат.

Осмонкул Алиевдин өздүк иш кагаздарында өзү жөнүндө жазгандары жокко эссе, ал эми турмуш жолунун башталышынан өмүрүнүн акырына чейинки ишмердигине серп салсак, анын адамкерчилиги, билимдүүлүгү, ак-ниеттүүлүгү, коюлган маселелер боюнча принципиалдуулуту, патриоттуулугу жана сергектиги дана көрүнөт. Мына ушундай сапаттарынын аркасы менен экинчи жолу элге билим берүү тармагынын жетекчилигине калат. Албетте анын түйшүкчүл эмгегин ошол кездеги Кыргызстан Эл комиссарлар

кеңешинин төрагасы Жусуп Абдрахманов өтө жогору баалап, бир жакка иш сапарга чыкканда өз ордуна Осмонкул Алиевди коюп кетчү тура. Аны өз замандашы Зыяш Бектенов: «Юсуп бир жолу Иранга командировкага кетип, өз ордуна Осмонкул Алииевди калтырып буйрук бергени али эсимде» - деп эскерет[1].

Агартуучулар Базаркул Данияров, Осмонкул Алиевден Казак-кыргыз агартуу институтун бир жыл кеч, 1924-жылы бүтүргөн Касым Тыныстанов аталган окуу жайдын акыркы курсунда окуп жүргөн кезинде эле казак, кыргыз илимий комиссиясынын мүчөсү болуп, илимге ат-салыша баштайт. Ал ошол кезде Ташкентте чыккан казак-кыргыз тилиндеги «Чолпон» жана «Жаш кайрат» аттуу журналдардын редколлегиясынын мүчөсү болгон. «Жаш кайрат» журналынын 1924-жылдагы 1-4 номурларына «Мариям менен кол боюнда» аттуу аңгемеси жарыяланып, ага «Келгин» деген лакап ат менен кол коет.

Ошол окуу жайда окуп жатканда жазган 1922-1924-жылдардын аралыгындагы он сегиз ыры менен «Жаңыл Мырза» аттуу поэмасын кыргыз тилинде жазат. К. Тыныстановдун 1920-жылдан 1924-жылга чейинки казакча жана кыргызча жазган отуз ыры менен «Жаңыл Мырза» аттуу поэмасы 1925-жылы Москва шаарындагы СССР элдеринин Борбордук басмасынан «Касым ырларынын жыйнагы» деген ат менен жарык көрөт. Ал китепке Базаркул Данияров төмөндөгүдөй баш сөз жазган: - «Касым ырларынын жыйнагы» кыргыз тилинде эң биринчи чыгып отурган китеп. Адабиятсыз, маданиятсыз кыргыз элине Касым сыяктуу жаш акындын мындай китеп сыйлаганы оңой олжо эмес. Бул китептеги ырлардын ичиндеги адепки жылдардагы жазгандары эл ичине төңкөрүш жаңы башталган кездеги агитациялар. Ал кезде калкты үгүттөө жолу ушундай эле. Андан кийинки жазылгандары жаш акындын акыл- оюу өзгөргөн сайын, түрдүү-түрдүү тилекке урунгандыгын көрсөтөт. «Адам айланасынын кулу» деген акыйкат. Касымдын ырлары ар түрдүү убакытта жазылган үчүн, түрдүүчө мааниси бар.

Касым ырларынын баш жактары казак тилинде жазылган. Буган окуучуларыбыз таңыркап да калар. Бирок, биле туруп да ошондой жибердик. Мунун түрдүү себептери бар: Касымдын казакча жазылган ырларынын баары да «Өрүс» деген казак газетасына басылган. Ал кезде калктын кетип бара жаткан багыты ошол эле. Казакча жазылган

1 Бектенов Р. Замандаштарым жөнүндө эскерүү. –Бишкек. 1996.

ырларынын бизге тарыхый жагынан өтө кереги бар. Ошондуктан, казакча жибердик. Жана бул ырларды кыргызчага таржыма кылышты мааниси жагынан да, тили жагынан да, тарыхы жагынан да керек тапканыбыз жок.

Касымдын кийинки жылдардагы жазганы өңкөй кыргыз тилинде, абдан сулуу жазылган. Булар тил жагынан кадыры артык. Кийинки ырларында биздин адабиятка моюн суна элек олдоксон тилибиздин болочок адабиятка канчалык чебердиги бар экендиги абдан жакшы көрүнгөн.

Касым жаш акын. Жашы жыйырмадан жаңы ашты. 1924-жылы Казак кыргыз институтун жаңы бүтүрдү. Касымдын болочок адабиятка түп салуучунун бири болушуна хам бул китептей эчен китеп жазып чыгарышына биздин ишеничибиз чоң», - деп жазат.

Аталган Казак-кыргыз агартуу институнан билим алган белсемдүү агартуучу, тилчилердин бири Жапар Шүкүров тууралуу кеп козгобой кетүү мүмкүн эмес. Ал 1924-1928-жылдары аталган абройлуу билим очогунан окуган мезгилдерде, жогорудагы агартуучу кыргыз интеллигенттериндей эле чоң турмушка эрте аралашып, бул жерден дүйнө таанымын кеңейткен. Ошол студент кезинде кыргыздын туңгуч «Эркин-Тоо» гезитинин штаттан тышкаркы кабарчысы болуп иштеп, жазма ишинде такшалган. Ал эми жайкы каникул мезгилинде мугалимдик билимин өркүндөтүп, Токмоктогу №2 балдар үйүндө тарбиячы болуп иштеген. Ошондой эле коомдук иштерге жигердүү катышып, комсомолдук жана бир нече секциялардын мүчөсү болгон. Стипендиялык комиссиялардын жана профсоюздук уюмдардын мүчөсү болгон.

1927-жылы Кыргыз АССРинин Эл агартуу комиссариатынын Алай-Памир экспедициясынын катышуучусу болгон. Ага аталган экспедициянын илимий жетекчиси төмөндөгүдөй баа берген. «Жолдош Шүкүровдун эмгегинин натыйжасында тилди жана оозеки чыгармачылыкты изилдөөгө эң керектүү болгон, өтө баалуу материалдар чогултулган» . Этнографиялык илимий-экспедициянын курамында Алай районунда болуп, жергиликтүү элдин этнографиясы, үрп-адаты, элдик оозеки чыгармачылыгы жана тилдик өзгөчөлүктөрү боюнча бай материалдарды жыйнап келген. Жыйналган материалдардын ичиндеги диалектилик фактылар боюнча «Материалы по Алайскому говору» деген кызыктуу илимий макаласы «Белек С. Е. Малову» деген

1946-жылы чыккан жыйнакта жарыяланган. Ж. Шүкүров 30-жылдары республика боюнча кеңири масштабда жүргүзүлгөн «Сабатсыздыкты» жоюу компаниясына да жигердүү катышып, 1937-жылы «Окуу китеби», 1939-жылы «Экинчи окуу китеби» деген эмгектери сабатсыздыкты жоюу мектептеринде окуу куралдары катары ийгиликтүү колдонулуп келген. [1]

Жапар Шүкүров Казак-кыргыз агартуу институтун бүтүргөндөн кийин Орто Азия мамлекеттик университетинин экономика факультетинен окуйт. Ал жогорку окуу жайды 1931-жылы аяктаган соң, аталган университетте ассистент жана Орто Азия мампланынын илим-изилдөө институтунда илимий кызматкер болуп иштеген. Кийинчерээк Кыргызстанга келип, 1934-1937-жылдары Кыргыз мамлекеттик басмасында башкы редактор, директордун орун басары болуп иштеп, республиканын басма иштерин өнүктүрүүгө көп эмгек жумшаган. 1938-1940-жылдары Кыргыз тили жана жазуусун изилдөө институтунун илимий кызматкери болуп иштеп, кыргыз тил илиминин негизги тармактары боюнча илим-изилдөө институтунун сапатын жакшыртуу боюнча үзүрлүү эмгектенген. Анын жогорку билим деңгээлин, уюштургуч жөндөмдүүлүгүн эске алынып 1940-жылы Кыргыз ССР Эл агартуу комиссары болуп дайындалат. Ал Эл агартуу комиссары болуп иштеп турган жылдары кыргыз жазуусун латын алфавитинен орус графикасынын негизинде түзүлгөн жаңы алфавитке өткөрүү ишине жигердүү катышкан. 1943-жылы Кыргызстанда СССР илимдер академиясынын Кыргыз филиалы ачылып, анын төрагалыгына академик К. И. Скрябин, орун басарлыгына Ж. Шүкүров дайындалган. Мындан аркы өмүрүн ал тил илимине арнаган.

Казактын белгилүү калемгер адабиятчысы Илияс Жансүгүровдун кыргыз интеллигенциясынын алдыңкы өкүлдөрү менен байланышып мамиле түзүүсү 1920-1921-жылдары Ташкенттеги Казак-кыргыз агартуу институнда окуп жүргөн мезгилде башталган. «Ак жол» гезитинин 16-январь 1921-жылдагы №15 санындагы «Шакирттер талабы» деген макалада төмөндөгүдөй жазылат: - «Ушул жылдын 9-январында Казак-кыргыз институндагы шакирттердин эл агартуу бөлүмүнүн жыйналышы болуп, анда каралган маселелер төмөндөгүлөр:

1. Окуучулар журналын чыгаруу;

1 Шукуров Ж. Ш. Чыгармалар жана материалдар. -Бишкек. 2003. 17-18-бет.

2. Драмалык кружок ачуу;
3. Жазгы бош мезгилде эмне иш кылабыз?

Кабыл алынды:

1. Эки жумада бир жолу чыгуучу журнал даярдалмай болду. Ага үч адам: Тыныстанов, Алиев, Бухарбаев шайланды.

2. Драмалык кружокту шыр ачып жиберүүгө оюн коюлуучу китептердин аздыгын эске алып, аларды көбөйтүү жана табуу үчүн 5 кишилик комиссия шайланды: 1. Басимов, 2. Исаев, 3. Бителеуов, 4. Бухарбаев, 5. Жансүгүров.

Аларга тапшырылган иштер мына булар: Ташкенттин ичиндеги жана сырттагы оюн китептерин жыйнап көчүрүп алуу жана ар кими өз ойлорунан китеп жазып чыгаруу, жазган китептерин сынга коюп, жарагандарын драм кружокко берүү.

3. Жазгы майрамдарды карап жүрбөй, бир тобубуз китептерди түзүп, ойноочуларды көбөйтүп, көчмө группа жазайлык делинди. Группа аркылуу эл ичине ар түрлүү үгүт иштерин жүргүзүп, жаштар уюмун ачалык деген пикирге келишти. Аягында ушул максаттарды аткарыш үчүн саат, минут, мезгилди бош өткөзбөй, элдин пайдасы үчүн колубуздан келишинче ишке берилүү.

Эми шакирттердин бул ниеттерин Эл агартуу комиссариатынын башында олтурган агаларыбыз колдоор деген үмүттөрүбүз чоң.[1]

Эшенаалы Арабаев жогорудагы кыргыз-казак интеллигенциясынын өкүлдөрү менен бирге иштеп эки элдин билим берүүсүнө жана илимине жан тартып келди.

Мына ушунун өзүнөн дайын болгондой ал дайыма Казак-кыргыз институнан кабар алып, ара чолодо өзү да аталган институтта дарс окуп, бул окуу жайдан алакасын үзгөн эмес, кыргыз-казак элинин уюткулуу билим очогу болоруна ар дайым үмүт оту жанып келген. Бул айткандарыбызды 1924-жылдын 8-февралындагы «Ак жол» гезитинин №402 санындагы «Кыргыз-казак институнан эмне күтөт» деген макаласынан да айкын билсек болот. Төмөндө ошол макаланын тексти менен кенен таанышсак.

Кыргыз-казак институтунан эмне күтөт?

2 жарым миллион чамасындагы кыргыз-казак элинин

1 Ак жол. 1-том. -Алматы 2011. -312-б

мугалимдерди даярдап бере турган бир орду мына ушул Ташкендеги кыргыз-казак институту. Мындан башка Алматыда бир институт бар. Ал жаңыдан курулган өкмөт эсебинен каржыланып жергиликтүү бюджетке калтырылган. Демек, бүтүн Түркстан казак-кыргыздарынын качанкы замандагы тиричилик тартыштыгын жаштар бизди ушул замандын кишиси кылып асырай турган мугалимдерибиз мына ошол институттан күтүлөт. Дүйнөдөгү маданияттуу кайсы журтчулукту алсак да ошол алган маданияттын түпкүрүн мына ошол институттан чыккан мугалимдерибиз болуусу керек. Казак-кыргыз ошону күтөт. Адам баласы туулганда эч нерсени билбей туулат эмеспи. Бирок, наадан болуп туулган адамды билимдүү адамдардын катарына кошуу үчүн жакшы мугалимдер керек экенине шек келтирүүгө мүмкүн эмес. Биздин казак-кыргыз элибиздин маданиятына караганда жаңы туулган бала сыяктуубуз. Мына ошол элди маданияттуу элдин катарына жеткириш үчүн бизди үмүттөндүргөн мугалимдерибиз ушул институттун бүтүрүүчүлөрү болуусу керек. Ушул институттун башталганына 6 жыл болуп, күткөн күнүбүздүн шаңдуу майрамын белгилеп отурабыз. Ушул күн казак-кыргыз элинин тарыхый күнү. Бүгүнкү күн казак-кыргыз журтунун келечегинин жарык чырагы жагыла баштаган күн. Бүгүнкү күн канча миң жыл маданият, ийгиликтен куралакан жүргөн кыргыз-казак элин чоң маданиятка, жарыкка чыгаруучу мугалимдерди жолго узаткан күн.

Казак-кыргыз ушул институту эл жашоосунун кемчиликтерин түшүнө билип, жакшылыктарын караштырып жөнгө салып, замандын түз жолуна жан жактуу карап, элинин ишенимин актай алчу кайраттуу каармандарын күтөт.

Ушул институттан караңгы элдин шорунан арылтып башка маданият, билимди журттун катарына кошо ала турган эмгекчил, арыбай-талбай, арданбай турган мугалимдерин күтөт. Ушул институттан, басма сөздөн таңдайы катып суусап, каны алсыраган кедейлердин суусунун кандырчу жазуучулар керек. Жашасын ушул институттан чыккан эмгекчил мугалимдери! жашасын эмгекчилерге эркиндигин алып берген кедей жетекчилери. Жашасын ушул институтту баштап берген азаматтар!

Арабаев[1]

1 «Ак жол» гезити №402, 4-б, 8-февраль 1924-жыл.

Жогорудагы Э. Арабаевдин макаласында чакырык ташталгандай аталган окуу жайдан белгилүү агартуучулар, мыкты педагогдор, алгачкы басма сөздү баштаган жазуучу, журналисттер чыкты. Алардын бири мударис Кусейин Карасаев ошол окуу жайда окуп жүргөн мезгилин төмөндөгүдөй эскерет: - «1924-жылдын күз айы. Окуу эчак эле башталган. Кыргыз-казак таалим-тарбия институтунда бар болгону кыргыздардан 60тан ашуун бала окуучубуз. Арабызда бир да кыз жок. Бир күнү мени кыргыз билим комиссиясына шашылыш түрдө чакырып калышты. (Билим комиссиясынын башчысы Эшенаалы Арабай уулу. Анын атын жазгандан коркуп, «башчысы» деп гана койгомун. Анын атын атасам, мен жок болмокмун)

Облустук партия комитети менен облустук аткаруу комитетинин тапшыруусу боюнча кыргыз элинин туңгуч газетасын чыгарышыбыз керек. Газета улуу Октябрь майрамына карата чыгышы керек. Бүгүндөн баштап ишке катуу киришип, ар бир жооптуу кыргыз кызматкерлеринен макала жаздырып, алардын тилин, имласын оңдош керек дешти.

«Макала бергиле!» деп, күндө көгөнчө ызылдап, жооптуу кызматкерлердин эшигин жыртам. Мустапа деген бала экөөбүз түшкөн материалды көчүрүп, алардын стилин «оңдоо» менен алекпиз, машинка дегендин атын гана укчумун. Машинка баса турган кыргыз кызы кайда анда.» [1]

1923-жылы жаз айларында Түркстан республикасынын Эл агартуу комиссариатынын алдындагы Мамлекеттик илимий советтин кара кыргыз илимий методикалык совети түзүлөт. Ошол кезде Казак-кыргыз агартуу институтунда окуган Касым Тыныстанов биринчи класстын окуу китебин жазат. Китеп 1924-жылы Ташкентте басылып чыккан.

1924-жылы Кыргыз автономиялуу облусу түзүлөөрдүн алдында көптөгөн даярдык иштер жүргүзүлгөн. Алардын эң олуттуусу - кыргыз тилинин тыбыш өзгөчөлүктөрүнө ылайыктап алфавит кабыл алуу маселеси болгон. Ал кезде кыргыз интеллигенттеринин арасынан тил факультетин бүтүргөн же жогорку маалыматтуу адамдар болбогондугу жалпыга белгилүү. Революциядан мурунку жана ошол кездеги окуган адамдар өздөрүнүн чыгармаларын казак тилинде же татар тилинде жаза турган. Ошентип мезгил талап кылгандай кандай болсо да кыргыз алфавитин түзүү керек болгон. Дал ошол убакта Казак-кыргыз

1 Карасаев К. Уч доор. -Бишкек, 2005. 148-б.

агартуу институтунда окуган кыргыз шакирттери бул маанилүү ишке абдан белсене киришишкен деп эскерет, аталган окуу жайдын акыркы курсунун студенти болгон Кусейин Карасаев.

1924-жылы жазында Кыргыз алфавитинин курамы каралып, араб алфавитинен 25 тамга кабыл алынат. Мына ошол 25 тамга менен кыргыз элинин туңгуч газетасы «Эркин-Тоону» бастырып чыгууга даярдыктар жүрөт. Ал кезде газетаны чыгарууга өтө ишкердик менен катышкандар Э. Арабаев, К. Тыныстанов, Б. Данияров болгон. Ошол кезде Казак-кыргыз агартуу институнун жогорку курсунда окуган К. Карасаев, М. Салихов жана башка студенттер дагы газета чыгаруу иштерине тартылышкан.

Ошол эле 1924-жылы Ташкент шаарында Кыргыз илимий комиссиясы түзүлүп, анын милдетине араб тамгасын кыргыз тилине ылайыктап алуу, ошондой эле орфографиялык кыскача эрежелерин түзүү, башталгыч класска окуу куралдарын даярдоо, эл адабияттарын жыйноо сыяктуу түйшүктүү иштер кирген. Бул иштерди аткаруу үчүн ал кезде илимий кызматкерлер жок болгондуктан, Казак-кыргыз агартуу институтунда окуган кыргыз жаштары тартылышкан.

Бардыгыбызга маалым болгондой, Ташкент шаарында ачылган Казак-кыргыз агартуу институту эки элдин илим-билиминин очогуна айланып, анда окуган кыргыз, казак элдеринин жаштары өз мекенинин келечек тагдыры үчүн эрте эле мамлекеттин пайдубалын түзүүчү чоң иштерге аралашкан.

Ташкенттеги Казак-кыргыз агартуу институнан кийин Алма-Атадагы институт тууралуу кеп козголуп, кыргыз-казактын белгилүү агартуучулары даярдалгандыгы айтылды. Бул институттун жаралуу тарыхына учкай токтоло кетсек, 1921-жылдын аяк ченинде Алма-Ата шаарында окуучуларды даярдай турган дарил мугалим аттуу орто мектеп уюштурулуп, алгач анын үч гана группасы ачылып, 69 окуучу кабыл алынат. Ал мектеп 1922-жылы Эл агартуу комиссариаты тарабынан Казак-кыргыз агартуу институна айландырылат да, окуучулардын саны 100гө жетет. [1]

Алма-Ата шаарындагы ушул Казак-кыргыз агартуу институнан 1925-жылы Токчоро Жолдошов, Ажыйман Шабданов, Ажыгабыл Шабданов, Султан Курманов, Касымалы Баялинов, Садыбакас Мураталин, 1927-

1 Жети-Суу казак-кыргыздардын окуу институту, «Тилчи» 5-май, 1923-жыл, №36.

жылы Ысырайыл Курманов, Турдакун Сопиев, Акбагыш Чыңгышев, 1928-жылы Сатыбалды Нааматов, Мусакан Калпаев, Жолдош Мусабеков бүтүрүшкөн.

1921-жылы Алма-Ата шаарындагы ачылган окуучуларды даярдай турган дарил мугалим аттуу орто мектепке кирип, кийин эл агартуу институтуна айланганда аны алгачкылардан болуп бүтүрүп чыккандардын бири Токчоро Жолдошов болгон. Ал ошол окуу жайда окуп жүргөн кезинде эле «Тилчи» газетасынын активдүү кабарчысы болуп, «Сауле» (Шоола) аттуу адабий көркөм журналга редактор болуп, ар түрдүү макалаларды үзбөй жазып турган. Ошол кезде Алма-Ата Эл агартуу институтунда Токчоро менен бирге окуп, билим алып жүргөн анын замандаштары-Касымалы Баялинов менен Кыргыз ССРинин мектептерине эмгеги сиңген мугалим Мырзакмат Алжамбаев ал жөнүндө мындай деп эскеришет:

«Токчоро ошол Алма-Атыдагы Эл агартуу институтунда окуп жүргөндө эле ишмер, омоктуу, өткүр, окуучулар менен мугалимдердин арасында чоң кадыр-баркка ээ эле. Аны менен институттун директору, завучтары жана мугалимдери эсептешпей койчу эмес.

1924-жылы Шабдандын балдарын комсомолдон чыгарып, институттан айдай турган болгондо, Токчоро: - «Булар манаптын тукумдары болгону менен, бир топ жылдан бери алардын окушуна көп каражат жумшалып, институтту бүтөрүнө бир гана жыл калды. Булар окуусун бүтүрүп, эл арасына иштешке мүмкүнчүлүк бериш керек. Биздин элде кадр жетишпейт. Николай заманындагы эски адистерди убактылуу пайдаланыш керек деп, Владимир Иьич өзү айтпады беле? «деп, алардын таламын талашып жатып, Шабдандын балдарын окуудан чыгартпай калуута себепчи болгон.» [1]

Т. Жолдошов 1925-жылы Алма-Атадагы Казак-кыргыз агартуу институтун ийгиликтүү бүтүрүп, Кыргызстандын карамагына келет. Кыргыз Өкмөтү аны Каракол-Нарын округуна Округдук эл агартуу бөлүмүнүн башчылыгына дайындайт.

Токчоро Жолдошовдон кийин бул жогорку окуу жайды Сатыбалды Нааматов, Акбагыш Чыңгышев, Байсерке Калпаков жана башка мыкты агартуучулар бүтүп чыгышкан. 1925-жылы Кыргызстан комсомол уюмунун тапшырмасы менен Нарын, Ат-Башы аймагын кыдырып,

1 Бектенов З. Замандаштарым жөнүндө эскерүү. -Бишкек. 1996. 212-бет.

сабаттуу беш баланы тандап Алма-Атадагы Жети-Суу казак-кыргыз агартуу институтуна окууга жиберишкен. Алардын арасында Нарындын Оттугун жердеген Чыңгыш ажынын эки уулу Акбагыш жана Алсейит Чыңгышовдор болгон. Бул тууралуу Алсейиттин уулу Абдыралы Чыңгышов төмөндөгүдөй эскерет:- «1975-жылы атам Фрунзеге келип калып, сөздөн сөз чыгып, Касымалы (Касымалы Баялиновду айтып жатат. Ж. Б. ) аксакал спецбольницага дарыланып атат дегенин угуп, атам болуп учурашканы бардык. Экөөнү бири-бирине тааныштырып, өткөн кеткендерди эстешти. Казпединститтутунда мен билгенден Молдокеден тышкары алар менен чогуу болочоктогу эл акыны Кубанычбек Маликов окуганы, калгандары да кыргыз элинин агартуусунда ийгиликтүү эмгектенгенин айтып калчу. Атам Алсейиттин мен мектепте окуган кезде ал учурун кеп салганда, казактын билимдүү адамдары ошондо эле теңдикке, боштондукка үгүт жүргүзүшчү, «Алаш» уюму бар экенин уккам, ошондогу ыр саптары деп айткандарынан менин эсимде калганы: «Казак кыргыз эл болгонбуз, көрүнгөнгө жем болгонбуз… Ойгонуп артта калбай көзүңдү ач» деген. Чыңгыш уулу Акбагыш 1921-жылы декабрда кирип, 1927-жылы май айында айтылган институтту ийгиликтүү аяктайт, атайын алтын буусу менен ширеткен төш белги менен сыйланган, аны мен кичине бала кезимде кулундун терисинен мага жасаган «пилотканын» алдына тагып коюп, жоготуп алдык дешчү эле. Акбагыш атага берилген күбөлүк сакталып калган экен. Анда 24 сабакты окуп, угуп өткөнү жөнүндө кабарлайт, булардын ичинде коом таануу, маданият тарыхы, педогогика, сабак берүү методикасы, Густун программасы менен таанышуу, өлкө таануу, география, казак элинин тарыхы, минерология, гигиена, ыр сабактарынан тышкары азыр дагы жалпы билим берүү мектептерине берилип жаткан: эне тил, орус тили, арифметика, алгебра, геометрия, физика, химия, ботаника, зоология, физкультура кирген. Чыңгыш ажы эки уулун Алма-Атага өзү каржылап жиберип, Акбагыш уулунун жакшы билим алганына ыраазы болуп сыймыктанчу дейт» -деп эскерет. [1]

Акбагыш Чыңгыш уулу аталган институтту аяктагандан кийин, республикалык «Эркин-Тоо», «Социалисттик чарба» газета-журналдарында иштеп, алгачкы кыргыз журналисттеринин бири болгон. Нарында латын тамгасы менен чыккан алгачкы гезит «Социалист-

1 Чынгышов А. Тынымсеит атанын урпактары. -Бишкек. 2014. 130-бет.

тик чарбанын» редакторунун орун басары болот. Ал эми редактору Кубанычбек Маликов болгон. Кийин Фрунзе шаарына чакырат. Андан соң Ноокат райОНОсу болуп иштейт. Акбагыш Чыңгышовдун «Кеңеш кызматындагы кедей аял», «Менин балдарым аянтчада» аттуу аңгемелери латын ариби менен 1929-жылы ар бири 2000 нуска менен китеп болуп чыгат. Анда дооруна жараша айыл кеңешинин башчысы болуп шайланган жаш аялдын эмгегин, турмушун чагылдырган. Жаңыдан уюшулуп жаткан балдар бакчасынын ишин көргөзө, бала бакчага балдарды берип тарбиялоого үгүттөгөн. Бул аңгемелер кыргыз Совет адабиятындагы алгачкы чыгармаларга кирет десек туура болот. Бул чыгармалар азыр дагы Улуттук китепкананын алтын фондусунда сакталып турат.

Ошол мезгилдерде аталган институттан окуган, ысымы Нарын мамлекеттик университетине коюлган белгилүү окумуштуу-агартуучу инсандарыбыздын бири- Сатыбалды Нааматов. [1] Ал Алма-Ата шаарындагы Казак-кыргыз агартуу институтун 1928-жылы методолог-педагог адистиги боюнча бүтүргөн. Аталган жогорку окуу жайда окуп жүргөн мезгилде эле турмушка болгон көз карашы калыптанып, орус, татар, казак, өзбек адабияттарын окуп үйрөнгөн. Өзү да аңгеме, ырларды жазып басма сөз беттерине жарыялап турган. Агартуу институтун бүтүрүп келгенден кийин Эл агартуу комиссариатында, Кыргызмамбаста кыргыздын белгилүү инсандары - Касым Тыныстанов, Токчоро Жолдошов, Базаркул Данияров, Кусейин Карасаев жана башкалар менен үзөңгүлөш иш жүргүзгөн. Кийин борбордук техникумда, педагогикалык институтта окутуучу болуп иштеген. 30-жылдардагы кыргыздын алгачкы интеллигенттери - академик Бегималы Жамгырчиев, акындар Алыкул Осмонов, Абдрасул Токтомушев, агартуучулар Зияш Бектенов, Тазабек Саманчин, Ташым Байжиев жана башкалар С. Нааматовдон билим, таалим-тарбия алышкан.

XX кылымдын 20-30-жылдарында сабатсыздыкты жоюу үчүн күрөш жүргүзүлүп жатканда С. Нааматов бул маселеге белсенип баш-оту менен киришип, өзүнүн бүткүл өмүрүн арнаган. 1929-жылы эле «Сабатсыздык жоюлсун» деп аталган чоңдор үчүн алиппени, «Тұңгуч» деп аталган аялдар үчүн алиппени басмадан чыгарган. Ошондон 1935-жылга чейин 40 тан ашык наамдагы окуу-методикалык, адабий китептерди 950240 нускада чыгарып, Эл агартуу комиссариатынын чечими менен

1 Мамбетакунов Э., Кадыров Ы. Сатыбалды Нааматов. –Бишкек. 2010. 28-29-б.

пайдаланууга сунушталган. Окумуштуулук жана педагогикалык иши менен катар С. Нааматов орус классиктеринин бир нече чыгармаларын кыргыз тилине которгон. Газета-журналдарга көптөгөн макалаларды жарыялаган. Анын жарыяланган эмгектери ушул күндө баалуу мурас катары Улуттук китепкананын сейрек кездешүүчү фондусунда сакталып турат.

Казак-кыргыз агартуу институтунан билим алган көрүнүктүү агартуучулардын дагы бир өкүлү-Байсерке Калпаков болгон. Ал 1882-жылы азыркы Ысык-Көл облусунун Тоң районундагы Темир-Канат айылында төрөлгөн. 1910-11-жылдарда медреседен окуп, сабатсыздыгын жоюп, кат таанып андан кийин өзү медресеге мугалим болот. Октябрь революциясынан кийин Көңдөй айлындагы Сасык дегендин тамына мектеп ачат. Бул мектепте 1920-жылга чейин мугалим болуп иштейт. 1920-жылы Ташкенттеги Казак-кыргыз агартуу институнан билимин уланткан. 1921-жылдын 16-июнунан баштап Каракол Уездик-шаардык (уездно-городской) партия комитети тарабынан Жети-Өгүз болостук шайлоо округуна төрага болуп дайындалат. Ошол эле мезгилде 1921-25-жылдары ал Тоң, Улахол, Семиз-Бел болуштарына өкүл болуп дагы коомдук иштерди аткарат.

Бул жылдарда Байсерке мугалимдик жумушун таштабай, элдин сабатсыздыгын жоюуда жан дили менен берилип иштейт. Тоң районунун «Кара-Суу», «Көңдөй» аттуу мектептеринде мугалим болуп 1925-жылга чейин иштейт. 1925-27-жылдарда «Эркин-Тоо» гезитинде иштеген. Ал 1925-жылы болуп өткөн Кара-Кыргыз Автономиялуу облусунун 1-уюштуруу съездине делегат болуп катышат. Б. Калпаков өзүнүн мугалимдик агартуучулук кесибинин үстүндө иштеп, дайыма билимин өркүндөтүп турган.

Ошондой эле ал 1934-жылы 21-июнда Кыргыз АССРинин мыкты-мугалимдеринин 1 слетуна чечүүчү добушка ээ болуп, делегат болуп катышат. Бул слетто эки маселе каралат:

1. Борбордук партия комитети менен Орто Азия бюросунун баштапгыч жана орто мектептер жөнүндө чечимдеринин жыйынтыгы жана аткарылышы тууралуу. Бул маселелер боюнча докладды Т. Айтматов менен Т. Жолдошев жасаган.
2. Мугалимдердин турмуш-тиричилигинин материалдык жактан жабдуу жөнүндө партия менен өкмөттүн чечимдеринин аткарылышы

тууралуу докладды Т. Жолдошев менен Сагытов окуган.

Байсерке Калпаков 1928-жылдан 1935-жылга чейин Тоң районундагы «Жалчы» ШХМсында, «Күн-Батыш» мектебинде мугалим болуп иштейт. Ошол мезгилдеги элдин башына түшкөн саясий репрессия Байсеркени да жөн койбойт. Болбогон шылтоолор менен улам чакырып турушат. Акыры 1937-жылы «Талап» аттуу адабий ийримге мүчө болгондугу үчүн күнөөлөп камакка алышат. «Бул кружок «адабият сүйүүчүлөрдүн ийрими» деген чүмбөттүн астында контрреволюциялык иштерди жүргүзгөн» -деген жалаалар менен ошол 1920-1926-жылдары Казак-кыргыз агартуу институнан окушкан чыгаан агартуучулардын бардын кысымга алып, «эл душманына» айлантышкан.

«Талап» аттуу адабий ийримге кайрылсак 1922-жылы уюшулган. Бул негизинен Ысык-Көл аймагында жашаган адабиятка дилгир жаштардын уюму болгон. Анын демилгечилери К. Тыныстанов, Э. Арабаев, Т. Жолдошев, С. Чоңбашев, Б. Калпаков, О. Лепесов болушкан. Ага мүчөлүккө каалоочулардын бардыгы катышкан. Мисалы, анын активдүү мүчөлөрүнүн арасында И. Текеев, А. Молдогазиев, Т. Бокчинов, М. Үсөнов, Т. Сулпиев сыяктуу адабиятка кызыккан адамдар болгон.

Ийримдин 1-жыйыны Каракол шаардык аткаруу комитетинин имаратында 1922-жылы күзүндө өткөн. Анда адабий ийримдин максаты, милдети, алдыда аткарыла турган иштери, финансылык жактан каржылоо үчүн каражат табуу сыяктуу маселелер каралган. Акырында К. Тыныстанов жалпы адабият тууралуу доклад жасап, катышуучуларга көркөм адабият деген эмне, анын маңыз-мазмуну жөнүндө түшүндүрөт. Бул мезгилде Касым Тыныстанов Ташкенттеги Казак-кыргыз агартуу институтунда окуп жаткан мезгил болчу.

Кийинки жыйындарда да адабият боюнча докладдар окулуп турган. Ошондой эле жаштардын чыгармалары окулуп, талкууланып, басмага жарыялоо тууралуу сунуштар киргизилип, кызыктуу жолугушуулар өткөрүлгөн. Мындай иштерди аткарууда каржынын тартыштыгына, өкмөттүн экономикалык жактан али бутуна тура электигине байланыштуу ийримди каржылоону уюштуруучулар өздөрү табууну чечишет. Ошентип бул иш Байсерке Калпаковго тапшырылат. Ал эл арасынан ийрим үчүн акча, кой чогултат. Албетте эл арасында аларды колдоочулар өз ыктыярлары менен колунан келген жардамдарын беришет.

Кийин Байсерке Калпаковду «революцияга каршы куралдуу көтөрүлүш уюштуруу үчүн элден каражат топтогон» деп күнөөлөйт. Ушундай элди илим-билимге чакырып, агартуу иши үчүн, элдин эртеңки келечеги үчүн жазаган иштери акыры «эл душманы» деген айыптар менен алмаштырылып, 1920-жылдары Казак-кыргыз агартуу институтунан окушкан белдүү уулдардын дээрлик көпчүлүгү репрессиянын курмандыгына айланышкан.

Мындай эле күнөөлөлөр коңшу казак элинде да болуп, ошол отузунчу жылдардагы алааматтан казактын менмин деген агартуучу-илимпоздору саясий репрессия курмандыгына айланышты. Бирок, мезгил мерчеми менен эгемендүүлүккө ээ болгон эки эл, алгачкы агартуучуларынын эмгектерине кайрылышып, аларды ардакташып, басып өткөн өтөлгөлүү өмүрлөрүн биргелешип изилдеп, XXI кылымда мамлекеттүүлүктүү бекемдөөдө алардан өрнөк алып келишет.

## 1. 3. XX кылымдын башындагы кыргыз интеллигенциясынын казак басма иши менен кызматташтыгы

Октябрь революциясына чейинки жана андан кийин пайда болгон агартуу ишибиз жана жаңы жазма адабиятыбыз дароо эле даңгыр жолго түшүп, өз алдынча өнүгүүнүн профессионалдык багытына түшө койгон жок. Элдик оозеки чыгармачылыгыбыздын бай традициясы жагымдуу көмөк көрсөтүп, жаңы төрөлө баштаган жазма адабиятка тирек болуп берген күндө да, анын өзгөчөлүү эстетикалык казынасынын байлыгы жаңы жазма адабияттын таламдарын толук камсыз кыла албайт болчу. Ошондуктан, алгачкы агартуучуларыбыз менен жаңы жазма адабиятыбыздын баштоочуларынын алдыңкы өкүлдөрү оозеки чыгармачылык менен бирге башка элдердин жазма адабияттарынын мыкты традицияларына кайрылууга, алардан үйрөнүүгө мажбур болушкан. Бул мыйзам ченемдүү процесс болгондугун изилдөөчүлөр бир оздон баса белгилешкен. Мына ушундай абалда алгачкы агартуучулар менен кат сабаттуу калемгерлерибиз Октябрь революциясына чейин жана анын алгачкы жылдарында да биринчи кезекте өздөрүнө жакыныраак, тил жагынан түшүнүктүүрөөк казак, өзбек, татар адабият жана басма сөздөрүнө кайрылышып, үйрөнүү жагынан таалим алышкан.

XIX кылымдын аягынан тартып Орто Азияда, Казакстанда жашаган элдердин маданий-агартуу жагынан Россия менен болгон мамилеси жакшыра баштагандыктан, улуттук элдерде басмакана ачылып, араб, татар, азербайжан, өзбек, казак тилиндеги китептер чыга баштайт. Ал эми XX кылымдын башында татар, өзбек, казак тилиндеги басма сөздөрдүн саны дагы өсүп, орус классиктери жана чет элдик жазуучулардын чыгармаларынын котормолору арбын басылып, сабаты бар жергиликтүү эл андан пайдаланып, аз да болсо орустун жана дүйнөлүк адабияттын үлгүлөрү менен таанышууга мүмкүнчүлүк алышат.

XX кылымдын башындагы кыргыз элинин кат сабаты али толук ачыла элек кезде, коңшу элдердин басма сөздөрү менен байланыш түзүп, журналистикалык чыйырга негиз салган көрүнүктүү ишмерлердин көч башында Э. Арабаев, К. Тыныстанов, Б. Данияров, О. Алиев, Т. Жолдошов ж. б. кыргыз интеллигенциясынын каймактары тургандыгы анык.

Алгачкы агартуучу жана талыкпас илимпоз катары даңкталып келген Эшенаалы Арабаев баштаган жогорудагы кыргыз агартуу майданынын алдыңкы өкүлдөрүнүн казак басма сөздөрү менен кызматташкан журналисттик ишмердүүлүгү коомдук–саясий жана агартуучулук илимий ишмердүүлүгүнүн көмүскөсүндө калып, терең иликтенип, коомчулукка жете электигин моюнга алышыбыз абзел. Албетте, буга чейин бизге Э. Арабаевдин өмүр баянында жана ага арналган илимий эмгектерде, илимий диссертациялык изилдөөлөрдө, көркөм адабияттарда, окуу китептеринде жарыяланып келген, «Эркин-Тоо» газетасы чыкканга чейин Э. Арабай уулунун 1912-жылы «Айкап» журналынын №1 санында «Оренбургдан Ташкентке чейин», 1917-жылдын 17-июнундагы №236 санында «Бечара кыргыз бооруңарды унутпагыла!» деген макалалары бизге дайын.

Мезгил агымы өткөн сайын бул белгилүү инсандын өмүрүнүн ачыла элек актай барактары, ишмердүүлүгүнүн көмүскө жактары бүгүнкү муундун көз алдында жаркын ачылууда. Ачык айтканда, буга чейин бизге белгисиз болуп келген Эшенаалы Арабай уулунун 1920-жылдын 7-декабрынан 1926-жылга чейин чыгып келген Түркстан Республикасынын Борбордук аткаруу комитети менен партиянын борбордук комитетинин органы болгон «Ак жол» гезитинин 1921-жылы 4-январында чыккан №10 санындагы «Кыргыз шакирттери» деген макаласы менен 1922–1923-жылдары чыгып турган Түркстан КП Борбордук комитетинин органы болгон саясат-чарбачылык, билим-адабият тууралуу айына бир чыгуучу «Шолпан» кыргыз-казак журналынына макала жазган баяндамачы болгондугун качан гана алар жакында китеп кылып чыгарганда маалымдар болдук. [1] «Ак жол» китебинин 1 -томунун баш сөзүндө «Алаш» маданият жана руханий таануу институтунун директору, филология илимдеринин доктору, профессор Дихан Камзабеку уулу «Ак жол» гезитинин жаралыш тарыхына токтолуп, аталган гезиттин эки томдук жыйнагына 7-декабрь 1920-жылдагы №1 санынан 22-март 1921-жылдагы №38 номерине чейинки газетанын материалдары топтоштурулганын айтат. Ошондой эле аталган эки томдуктагы гезиттик материалдарда Магжан менен Бернияздын ырларын, Жансүгүр уулу менен кыргыз илимпозу Ишеналы Арабай уулунун макалаларына, Казак-кыргыз

1 Шолпан. –Алматы, –2010. –64-б.

институтунун баштапкы окуу ишине күбө болобуз деп жазган. [1] Бул баш сөздөгү түзүүчүнүн айткандарына таянсак, анда келечекте гезиттин калган жыйнактарынан кыргыз агартуучу- журналисттеринин баалуу табериктерине күбө болорубуз анык. Анткени, 4 ай аралыгында чыккан газетанын материалдарынан эле казак-кыргыз интеллигенттеринин агартуу, маданият, адабият тармагындагы бир топ бай мурастарды жолуктурабыз. Агартуучунун журналистикалык жаңы табылгаларынын учкай кеп кылган соң, анын журналисттик ишмердүүлүгүнүн башатына кайрылсак.

Эшенаалы Арабаевдин өмүр баянында белгилүү болгондой, анын журналисттик ишмердүүлүгүнүн башаты же болбосо алгачкы таасири 1910-жылдары Уфа шаарындагы жогорку билим берүүчү «Галия» медресесинде башталган. [2] Анткени, аталган медресе башка медреселерден окуу процессинин алда канча өркүндөтүлгөндүгү менен гана эмес, шакирттер арасында эркин ойдун, талаш - тартыштын көп болуп, ар кандай талкуулар, адабий кечелер системалуу түрдө өткөрүлүп, кол жазма журналдар чыгарылып тургандыгы менен айырмаланган. [3]

Окуу жайдагы кереге гезиттер, кол жазма журналдар медреседеги болочок агартуучуларды өзгөчө таасирлентсе керек. Анткени, окуу жайдын бүтүрүүчүлөрүнүн көпчүлүгү журналисттик кесипти тандап алгандыгын ушул окуу жайдын бүтүрүүчүсү Сайфи Кудаш төмөндөгүдөй далилдейт: «Мен ушул медреседе окуган шакирттерден өзүм жакшы билген жүз кишинин тизмесинде 20 киши профессионал жазуучу, 28 киши журналист, 8 киши илимий атагы бар окумуштуу, 8 киши маданий агартуу, ички иштер, азык-түлүк жана жер-суу эл комиссариатында, алтоо агроном, зоотехник, төртөө дарыгер, төртөө дипломат, үчөө артист, үчөө юрист, үчөө инженер, бирөө композитор, калгандары мектептерде, атайын окуу жайларда окутуучу болуп иштешет» . [4]

Барыбызга маалым болгондой, жүз бүтүрүүчүнүн 28и журналисттик кесипти тандап алгандыгы кызык маселени туудурат. Бул да болсо медресинин окуучуларын өз билим деңгээлин жана билим берүүнү жайылтууда басма сөз менен элге жеткирүүгө тарбиялаганынан болсо

1 Ак-жол. 1-китеп. –Алматы, –2011, 12-б.
2 КР СД БМА, Ф. 10, оп. 15, д. 188, 38-41-б.
3 Осмонкулов А. И. Арабаев–көрүнүктүү агартуучу. –Бишкек, 1999. –18-б.
4 Кекишев. Т–Садак. –Алматы; Жалын, 1986. –71-б.

керек. Буга мисал 1983–1914-жылдары татар агартуучусу, жадидчилик кыймылынын негиздөөчүсү И. Гаспринский тарабынан чыгарылган «Терджиман» аттуу газетага мектептерде билим берүү ишине реформа жүргүзүү, жаштарга эне тилинде билим жана тарбия берүүнүн көйгөйлөрү, улуттук мугалим кадрларды даярдоо, окуу китептерин, кошумча окуу куралдарын жана көркөм адабий чыгармаларды кантип бастыруунун жолдору жөнүндө көп сандаган макалалар жарыяланган. Газетанын көтөргөн негизги маселеси мектептерде окутуу эне тилинде болуп, элдин сабатсыздыгын жоюуну тездетүү менен маданий деңгээлин жогорулатуу болгон. [1] Андыктан, бул медресенин окуучулары–шакирттер өз иштерин басма сөз аркылуу жайылтуу менен бардык көйгөйлөрдү газетага чагылдырып, бир катар маанилүү маселелерди көтөрүшкөн. Алардын айрымдарына токтолсок, 1913-жылы 15-декабрда медреседе окуган 16 шакирт кол коюп жазган «Имла» (орфография) жөнүндөгү макалада, аны жөнгө салуунун көйгөйлөрүнө токтолгон. Ал эми 1915-жылы 23-декабрда «Казак» газетасына 34 шакирттин атынан жазылган «Мугалимдерге арналган ачык катта» өнөр билимге жетүү үчүн төтө жол табуу керек дешкен. Ал үчүн ар бир элдин балдарына өзүнүн эне тилинде жазылган китептерди окутуу, окутуунун усулун өркүндөтүү жөнүндө бир катар кеңештер берилген. Мына ушундай эле үндөө макалалардын көпчүлүгү 1915–1916-жылдары «Казак» гезитине чыгып турган. Анда бир топ казак шакирттери биригип, Казакстанга барып бала окуткан татар, башкыр мугалимдеринен казак тилиндеги окуу китептери менен иш алып барууну талап кылып, өзүлөрү да балдар менен казакча сүйлөшүүгө тийиш экендигин көргөзүшкөн. Мисалы, ошол эле «Казак» гезитинин 1916-жылдын 16-январындагы санында «Галия» медресесинен окуган казак шакирттеринин чоң тобунун ачык каты жарыяланып, анда тил маселеси боюнча бир катар көйгөйлөр көтөрүлөт. Ошол көйгөйлүү ачык каттын текстинде: «Өз тилинен айрылган эл граммофонго кошулуп жүргөн куурчак сыяктуу болот. Ал элдин тилин жок кылып, жөн гана сүрөтүн калтырган менен тең, » деп айтылат. [2]

Мына ушулардын өзүнөн эле көрүнүп тургандай, «Галия» медресесинин бүтүрүүчүлөрү совет бийлигине чейин эле өз эне

1 Осмонкулов А. И. Арабаев–көрүнүктүү агартуучу. –Бишкек, 1999. –8-б.

2 Ошондо эле. –Бишкек, 1999, –20-б.

тилинде окуу китептерин түзүшүп, жазуу эрежелерин иштеп чыгуу, алфавитке өзгөртүүлөрдү киргизүү, газета-журналдарды чыгаруу жана ошол мезгилдүү басма сөзгө байма-бай макалаларды жарыялоо боюнча көптөгөн иштерди жасашкан. Андыктан, ошол медресенин бүтүрүүчүсү болгон Эшенаалы Арабаев дагы мындай ишмердүүлүктөн четте калбай, өзү менен чогуу окуган казак Х. Сарсекеев менен бирдикте 1911-жылы Уфадагы «Товарищество Каримова, Хусаинова» деген басмаканадан «Алифба йаки төтө окуу» деген китебин басып чыгарган. Ага удаа эле 1912-жылы «Жазуу өрнөктөрү» деген китепчеси Оренбург шаарындагы «Вахит» басмаканасынан жарык көрөт. Бул окуу китебинин жарык көрүшү кыргыз элинин тарыхый маданий эстелиги катарында мааниси чоң болуп, эне тилине жакындаштырылып жазылган эң алгачкы окуу китеби катары тарых барактарында калды. Э. Арабаев менен Х. Сарсекеевдин бул окуу китептери, агартуучулук иши жөнүндө 1911-жылдан тартып 1915-жылдын сентябрь айына чейин Троицкий шаарында үзбөй чыгып турган «Айкап» журналына бир катар макалалар жарыяланган. Э. Арабаев агартуучулук жөндөмүн көрсөтүп, усулдук китеп чыгаруу менен гана чектелип калбастан, 1912-жылы аталган «Айкап» журналына «Оренбургдан Ташкентке чейин» аттуу алгачкы макаласын жарыялайт. Анда кыргыз-казак кедей-кембагалдарынын, ата-энеси жок жетим балдардын илим-билимден кабардар кыла турган Оренбург шаарындагы «Медресе Кусаиния» сыяктуу мектептерден окутуу үчүн көп аракет жасагандыгы көрүнүп турат. Бул макаласын жазууга түрткү болгон себеби, ал өзү да Уфадагы «Галия» медресесине кирерден мурда ошол «Медресе Кусаиния» мектебинде бир жыл окуган экен. «Оренбургдан Ташкенге чейин» макаласынын маанисине токтолсок, төмөндөгүдөй: - «Уфадан чыгып Оренбургга бардым. Ары-бери карап, мурун өзүм окуп, бир жылы өмүр өткөзгөн «Медресе Кусаинияга» бардым. Анда кээ бир калпалар менен көрүшүп, медресенин азыркы абалынан бир аз кабар алдым. Анан медресенин мугалими Хазиретке учурашууга кирип, медресенин келер-кетеринен, керек-жарагынан сурап калдым. Молдо Галим Хазиреттен: «Кыргыз, казак балдары көбүрөөк келип окуса» деген ыкластуу сөздөрүн угуп кубанып: байкуш кыргызга, казак балдарына медресенин жардамы барбы?- деп сурадым. Анткени, ушул убакка чейин дин илиминен кыргыз, казактын кедейлеринин балдары гана окуп жатат, дүйнө

илимин жалгыз төрөлөрүбүздүн балдары гана медаль алыш үчүн орусча окушат. Кийинки беш жыл ичинде бир азыраак илим жолуна козголуу башталды. Ошондо да ичибизде тартиптүү медресе болбогондуктан, малы бар байлар окуй алса да, жетим-бечера кыргыз, казак балдарынын окушка алы жок», - дедим. Хазирет жооп берди: «Экзамен бере алса, татар, казак деп айырбастан, шакирттерди кабыл ала беребиз», - деди.

«Медресе Кусаиния» адамга заманга ылайык билим бере турган бир медресе. Мында Бухарадан он, жыйырма жылдай окуп жүрүп ала албаган араб тили илиминен артык билим алышат. Жана орус гимназиясы сыяктуу орто мектептерде окуган бир катар илимдер мында окутулат. Биздин туземный школадан 7-8 жыл окуган балдар сыяктуу орусча билим алып чыгат. Кыргыз, казак туугандарыбыз ушул медресе сыяктуу жерлерге балдарын окутуп, дүнүйө акиретинде маңдайында күйүп турган чырак кылып алыштарын өтүнөмүн.» [1] Бул макаладан биз жогорудагы медресе «Галиядан» окушкан шакирттердин үндөөсүнө окшош илимге, билимге болгон чакырыкты баамдасак болот. Ошондой эле бул макаланы Э. Арабаевди изилдеген илимпоздор И. Гаспринскийдин эмгектерине жана жазган макалаларына үндөшүп кетет деп боолгошот. Чынында, XIX кылымдын соңу–XX кылымдын башындагы бүткүл түрк элдеринин сыймыгы, дүйнөгө белгилүү агартуучу Исмаил Гаспринский Түркстан чөлкөмүндө болгон учурларда ал жердеги элдердин жашоо турмушун, коомдук абалын, үрп- адат, тарыхын ошондой эле орус колониячыл бийлигинин кысымдарын ачык даана жазып, ошол мезгилдеги басма беттерине жана өзү чыгарган «Таржиман» гезитине байма-бай жарыялап турган. [2] Алардын айрымдарынан мисалга алсак: «Бухара жана Бахчисарай», «Бахчисарайдан Ташкентке чейин», » Түркстандагы билим берүү», «Бухарадан көргөндөрүм», «Түркстандан кат» жана башка көптөгөн макалалары 1883–1913-жылга чейинки аралыкта жарыяланып келген. [3]

Андыктан, Э. Арабай уулунун жаңы илим- билимге умтулган кыргыз, казак балдарына сабатын ачууда жеңилдиктерди берүү жана

1 Зияш Бектенов. Агартуучу-окумуштуу Ишеналы Арабаев//Кыргызстан маданияты. 10-июнь. 1992. №102.

2 Ганкевич В. Ю., ШендриковаС. П. Исмаил Гаспринский и возникновение либерально мусульманского политического движения. –Симферополь, –2008.

3 Машкевич А. А. Выдающийся просветитель Исмаил Гаспринский и развитие прогрессивной педагогической мысли народов Востока во второй половине XIX века. –Алматы, –2002.

ошондой эле кедейлердин балдарын окутууда орус бийлигине кулак кагыш катары айтылган, жаштарды билимге чакырган бул макаласы И. Гаспринскийдин «Бакчисарайдан Ташкентке чейин» деген макаласы менен үндөш дегенге калет жоктур. Себеби, Э. Арабаев ошол белгилүү агартуучу И. Гаспринский негиздеген билим берүүдөгү жаңы ыкма (жадид усулу) менен тарбияланып, аны кыргыз элине жайылтып, сабатсыздыкты жоюу, түрк элдеринин өнүгүүсү үчүн салым кошууга үндөгөн атактуу агартуучунун жолун улантуучу шакирттеринин бири болгондугу талашсыз. [1]

Ал эми бул макаланы бүгүнкү күндө аталышына карата орус жана немец адабиятчы саякатчыларынын жазгандарына салыштыргандар да бар. Мына ушул жагдайга токтоло кетсек: «Оренбургдан Ташкенге чейин» макаласы орус акыны Александр Николаевич Радищевдин 1790-жылы жарык көргөн «Путешествие из Петербурга в Москву» деген чыгармасына салыштырып, ушул чыгарманын негизинде жазылган дегендер да бар. Ал чыгармада Радищев тек кана күндөлүк катары өзүнүн көргөн билгенин Петербургдан Москвага чейинки айылдарды көргөнүн жазып, кээде гана мамлекет башындагыларды какшыктап жазганы болбосо, бул дээрлик көңүл ачаар жеңил ойлуу күндөлүк катары жазылган чыгарма болгон. Анын жеңил- желпи маанисине ошол кездеги орус интеллигенциясы терс көз карашын билдирген. Кезегинде бул очеркке орустун улуу классиктери А. С. Пушкин, Ф. Достоевский да сын айткан. [2] Бул макаланы Радищевдин чыгармасына салыштырганга караганда, немец элинин врачы Е. К. Мейендорфтун «Путешествие из Оренбурга в Бухару» деген чыгармасынан таасиленген десек ылайыктуу болчудай. Себеби Е. Майендорф 1816–1820-жылдары Оренбургдан тартып, Бухара хандыгына чейин жол басып, өзүнүн дарыгерлик кесибине байланыштуу маалыматтарды, этнографиялык сүрөттөмөлөрдү жол баяны катары жазган. Анын бул китеби немец тилинен орус тилине бир нече жолу которулган болсо дагы, 1871-жылы Оренбургда «Справочной книжке Оренбургского края на 1871-год» (Оренбург, 1871, отд.

1 Эсенгулова М. М. –Просветительская деятельность и педагогическое наследие Эшенаалы Арабаева:– Дисс. . . канд, пед. Наук –Бишкек, –2005, –С 15.

2 Русланов К. Э. Арабай уулунун журналисттик ишмердүүлүгү. – «Рух Кенчи» январь, –2012.

II, стр. 1-45) басылмасында «Русские в Бухаре в 1820-году (Записки очевидца)» деген ат менен жарык көргөн. [1] Андыктан, бул эмгек менен Э. Арабаев Оренбургда окуп жүргөндө таанышкан деп кепилдик кылсак да болот. Ошондуктан, жаңы усулдук ыкмага таасирленген агартуучубуз батыштын жана дүйнөлүк адабияттын өкүлдөрүнүн чыгармалары менен таанышып, анын үлгүсүндө өз баянын басма сөзгө макала катары жарыялап, журналисттик чеберчилик алгачкы чыйырын баштаган десек жаңылбайбыз.

Эшенаалы Арабаевдин «Айкап» журналына чыккан бул алгачкы макаласынан соң, ал журналисттик ишмердүүлүгүн токтотпостон, казак басма сөздөрү менен байланышып келди. Агартуучунун экинчи макаласы 1917-жылдын 17-июнунда «Казак» гезитинин №236 санында жарыяланган «Бечара кыргыз бооруңарды унутпагыла.» деген макаласы эле. Аталган макалада Кытайдан өз жерине кайтып келгендерге жардам керек экендиги жөнүндө айтылат. «Казак» газетасы 1913-1918-жылдары Оренбург шаарында Ахмет Байтурсун уулунун жетекчилиги менен чыгып турган. Аталган «Казак» гезити 1918-жылдын 16-кыркүйегинде эң акыркы 265чи санын чыгарган соң өз ишмердүүлүгүн токтоткон. Анын жабылышынын көп себептери болсо да, эң башкысы –совет бийлигинин кысымынан болгону белгилүү. Сөз эркиндигин муунткан мына ушундай шартта, 1920-жылдын 7-декабрынан баштап «Ак жол» деген ат менен чыга баштаган гезит «Казак» газетасы көтөргөн алаштык идеянын жыгылган туусун колдон илип кеткендей болду. Түркстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин Аткаруу бюросу эл арасында жүргүзгөн идеологиялык иштердин бири катары 1920-жылдын 19-казандагы жыйынында «Кыргыз газетасы тууралуу» маселени күн тартибине коет. Анда Түркстан КП БК менен Түркстан БАКтын органы катары «Ак жол» гезитин ачууга жана аны жумасына эки жолу жарым басма табак көлөмүндө 12 миң даана менен чыгарууга чечим кабыл алып, жооптуу редакторлукка Султанбек Кожановду, жооптуу катчылыкка Миржакып Дулатовду дайындашкан. [2] Мына ушул жалпы Түркстандын улуттук элитасынын башчылыгы астында 1920–1925-жылдары Түркстан КП БК менен Түркстан Аткомунун басма сөз органы катары жарык көрүп келген «Ак жол»

1 Мейендорф Е. К. Путешествие из Оренбурга в Бухару. –М. Наука, –1975.
2 Ак жол. I китеп. –Алматы, –2011. –26-б.

гезитине С. Кожанов, С. Оспанов, Н. Төрекулов, С. Асфендияров, М. Дулатов, И. Токтыбаев, К. Кулетов, М. Кайпназар уулу, С. Седуакасов, Ж. Арыстанов, Ө. Турманжанов сыяктуу казактын азаматтары башында турса, кыргыздардан ошол мезгилде басма сөздө кадыресе телчигип калган Эшенаалы Арабаев, Казак-кыргыз агартуу институтунда окуган К. Тыныстанов, Б. Данияров, О. Алиев көмөктөшүп алгачкы сандарына үндөө макалалары менен чыгышкан. [1] Алардын бири 6-январь 1921-жылы «Ак жол» гезитинин №11 санында Кыргыз-казак агартуу институтунда окуган Базаркул Даниявровдун кыргыз элине кайрылган «Кыргыз азаматтарына!» деген макаласы жарыяланат.

Анда – «Түркстандын киндиги болгон Ташкентте, казак-кыргыздар үчүн арналган ушул бир «Ак жол» гезити чыгып жатат. Казак-кыргыздын жанындагы Түркстандын борбордук комитетинде орчундуу маселенин бири болуп, өздөрүнө тиешелүү бөлүм ачылды. Анын жетекчилигинде отургандар өзүбүздүн казак боордошторубуз. Алар бизди четке чыгарбайт. Ар бирөөсү кыргызды өзүндөй көрөт. Өзүм дешет. Ошон үчүн биз да карап жатпай, колубуздан келген жардамыбызды аягыбыз келбейт. Айылдык жер-жерлерде кыргыздардын арасында эл агартуу иштерине назар салып, элдин турмушуна тиешелүү өзгөрүүлөрдү, сунуштарды чагылдырып жазып туруубуз керек. Кыргыздардын саны канча, кайсы аймактарда, кайсы уездерге караштуу? Кытайда канча кыргыздар бар? Жетекчилик кылгандардын арасында казактардан башка кыргыздардан да барбы? Бар болсо алар менен байланыш түзүүбүз керек. Баардык азаматтарыбызды «Ак жол» аркылуу элге тааныттуу керек.

Башка да саясий пикирлер болсо, кеңири маалымат берип туруубуз керек. Биздин кыргыздарда көп окугандар жок болсо да, анча-мынча орто мектепти бүтүргөндөр бар сыяктуу. Таланттуу жаш өспүрүмдөр да жок эмес. Элдин жөн жайын түшүнүп, жардам берүүгө даяр агаларыбыз да бар. Ушулардын баарына көз кырын салып, көңүл буруп туруларын өтүнөмүн!.

Биз азаматтар, жогоруда жазгандай кабарларды кыргыз тилинде кыргыз турмушунан алып, жазып турсаңыздар «Ак жолдун» бети ачык болсо керек деп ойлойм» -деп жазат. [2]

Булардын бардыгын биз эгемендүүлүгүбүз энчибизге тийгенине 21

1 Базаркул Данияров-первый педагог. -Бишкек. -2007. -268-б
2 «Ак жол» гезити. №11. 3-январь 1921.

жыл убакыт болгон соң гана казак агайын туугандар Москва, Санкт-Петербург, Оренбург, Ташкент жана башка жерлерден чогулткан «Ак жол» гезитинин көктөмөлөрүнөн билип олтурабыз. 2012-жылдын 13-декабрында Чымкент шаарына «Алаш-Ордо» өкмөтүнүн 95-жылдыгына арналган эл аралык илимий-практикалык конференцияга барып, ал жердеги Оң түштүк Казакстан куугун-сүргүн курмандыктары музейинин директору Ханбүбү Эсенкара кызынын көмөгү менен Эшенаалы Арабаевдин калемине тиешелүү бир нече жаңы табылгаларды таап, араб жана казак тилинде жазылган газета жана котормолордун көчүрмөлөрүн алып келдик. Ал баалуу эмгектерден биз Эшенаалы Арабаевдин буга чейин али кыргыз коомчулугуна белгисиз болуп келген журналистикалык ишмердүүлүгүнө кана күбө болбостон, кыргыз-казак элинин эртеңки келечегине, билим-илимине түн уйкусун бөлгөн, миң ойлонуп, миң түйшөлүп доор толкунунда торолгон элдик коомдук-саясий ишмер экендигине да бекем ынанабыз.

Тарых таржымалына карап, Э. Арабаевдин табылгаларына сереп салсак. Ташкенттеги Кыргыз-казак агартуу институтунда окуган кыргыз уландарынын зээндүүлүгүнө, жөндөмдүүлүгүнө жана келечегине ынанып 1921-жылдын 4-январында «Ак жол» гезитине «Кыргыз шакирттери» деген макаласын жарыялайт. Анда өз омоктуу оюн төмөндөгүдөй билдирген: - «Аймактык Казак-кыргыз институтундагы кыргыз шакирттери менен жолугушуп аңгемелешкен учурумда: «Жаз чыгып, жазгы эс алууга кеткен убактыңарда эмне иштерди бүтүрсөк деген оюңар бар?» деп сурадым.

Алар магаушундай бир сүйүнүчтүү ойлорун айтышты: «Быйыл бирден тарап кетпей, институтта канча кыргыз шакирттери болсо, баарыбыз биригишип «көчмө театр» уюштуруп айыл аралап адабияттарыбыздан да арбын маалымат берип, элдин көңүлүн көтөрүп келсекпи деген аракетибиз бар. Сабатсыз элдин саясый түшүнүктөрүн жандандырсакпы деген ойдобуз. Ошол үчүн керектүү материалдарыбызды топтоп, бош убактыбызда кыргыз адабиятына котормочулукту баштадык. Эми ушул аракетибизди институттун жетекчиси Табынбаевге айтып, тактап алсакпы дейбиз» . Мен ордумдан турдум да суроо бердим: «Боордошторум!» институтта окуган жалгыз силердин күчүңөр жетеби?» - дедим; «Арийне жетет. Анткени, институттан башка да орус мектептеринде окуп жүрүшкөн кыргыз шакирттери бизге

кощулат. А түгүл мугалимдерибиз да биздин демилгебизге биргелешип аракет кылышып колдошот деген ишенимдебиз» - дешти шакирттер. Институттагы кыргыз шакирттеринин ушул сөздөрү мени өтө кубандырды. Ойлогон ойлорума, көздөгөн максаттарыма дем улады.

1916-17-жылдардагы темир-найзадан аман-соо өлбөй тирүү калган кыргыз руху жыйылып, катарлаш жайгашкан элдер менен бир убакта теңдүүлүгүнө жетет деген үмүтүм жанданды.» [1] Албетте, бул жерден белгилүү агартуучу кыргыз окуучуларына маашырланып, келечекте дүйнө элдерине теңелген илим-билимдүү эл болоорубузду ошол замандын бийиктигинен болжогон. Арадан үч жыл убакыт өткөн соң, ушул эле жогорку окуу жайы тууралуу «Кыргыз-казак институнан эмне күтөт?» аттуу макаласын «Ак жол» гезитинин 1924-жылы 8-февралындагы №402 санында жарыялайт. Анда үч жыл мурда кирген окуучуларга, институтту бүтүрүү алдында алардан элдин күткөн үмүтүн жеткире баяндаган. Макаладан кыскача мисал келтирсек.

- «Казак-кыргыз ушул институту эл жашоосунун кемчиликтерин түшүнө билип, жакшылыктарын караштырып жөнгө салып, замандын түз жолуна жан жактуу карап, элинин ишенимин актай алчу кайраттуу каармандарын күтөт.

Ушул институттан караңгы элдин шорунан арылтып башка маданият, билимди журттун катарына кошо ала турган эмгекчил, арыбайталбай, арданбай турган мугалимдерин күтөт. Ушул институттан, басма сөздөн таңдайы катып суусап каны алсыраган кедейлердин суусунун кандырчу жазуучулар керек. Жашасын ушул институттан чыккан эмгекчил мугалимдери, жашасын эмгекчилерге эркиндигин алып берген кедей жетекчилери. Жашасын ушул институтту баштап берген азаматтар» -дейт. [2]

Арабаевдин «Ак жол» гезитине жарыяланган андан кийинки макаласы саясий өңүттө жазылып, автордун бир топ дасыккан коомдук-саясий ишмердүүлүгүнөн кабар берсе, экинчиден элинин эртеңкиси үчүн түйшөлүп Фергана облисполкомунун башчысы Али Ходжаевге жазган бул ачык кат макаласы убак удулу келгенде кандан бектен кайра тартпастан «бетке айткан сөздүн заары жок» сымал ачык сүйлөгөн кашгөй мүнөзүн көргөзүп турат. Албетте, агартуучу аалымдын бул макаласын

1 «Ак жол» гезити. №10. 4-январь 1921.
2 «Ак жол» гезити. №402. 8-февраль 1924.

бүгүнкү күндүн бийиктигинен сын көз караш менен карасак, учурдагы кыргыз журналистикасына үлгү болчу бир топ өзгөчөлүктөрдү байкоого болот. Орой тил менен сөгүнүп жектебестен «амалкөй» деп жумшак кебез менен муунтуп, өз алдынча облус болууга даяр болуп калган кыргыз элинин көйгөйлүү турмушун көзүн май баскан Али Ходжаевдин кулагына далилдүү маалыматтар менен кумдай куйган ошол доордун дасыккан сабаттуу журналистинин бейнеси көз алдыбызга тартылат.

Мына ушул «Ак жол» гезитине 1924-жылдын 23-сентябрындагы №486 санында жарыяланган Эшенаалы Арабаевдин «Кара кыргыз алданбайт!» деген макаласында төмөндөгүдөй жазган: - «Жолдош Али Ходжаев айтат: «Фергана областынан кара кыргыз эркин абалына 39 болуш өткөнү олтурат» деп болжолдоп койгон имиш амалкөй Али Ходжаев. Ал 39 болуш кедей кыргыздын тагдырын борбордогу партия комитетибиз чечим чыгарып койгонуна бир нече ай өттү. Ал сиздин оюңуздан чыгып кеткенби. ?

Же сиздин мекемеңизге андай кабар жетпегенби, же болбосо көрүп туруп негизги жолдон чыккыңыз келдиби? Амалкөй!

Курсактын ач тогун кыргыздын кедейлери жакшы билет. Карышкыр кайдан тиет, катуу суук каяктан башталат, кыргыз короосун ошонусун билип салат. Анысын эстен чыгарбаңыз.

Кара кыргыздын жаралыш тарыхын караганда (2 жарым миң жыл) андай болгондо Түрк менен жолдошторубуз айткандай, казактын бир бутагы болуп жакында эле бөлүнүп олтурган жок., андай каталар азбы? Кыргыз тарыхын окубаган, кыргыз турмушунун чала кемтигин сыртынан божомолдоп жаза салган жана да Али Ходжаев жолдошубуз айтат: «Кедей кыргыз болуштарына шаарга жакын болуп, чарба тиричилиги шаарга байланыштыгы бар үчүн ыңгайлуу. Ал эми андай мүмкүнчүлүктөн ажырап калышса чарба тиричилигине муктаж болуп калышат.» Ошон үчүн алардын «Өзбек республикасында кылабыз» деген ниеттерин колдоп, өзбек республикасына 39 кембагал кыргыз кедей болуштары кошулуп калуусу мүмкүн дейт.

Ооба эгерде кара кыргыз кедейлерине жүрөгүңүз менен чындап жаныңыз ачыса жана алардын чарба тиричилигине тиешелүү абалынан айрылганы себептүү келечектеги жашоо турмушуна ыңгайлуу экенине көзүңүз жетет.

Ар жагы баш партия кара кыргыздын айрым эркин обласка бөлүп

Москвага биригишсин дегенине шектенбей, бер жагынан кыргыз тиричилиги шаарга тиешелүү болгондон кийин жалаң Фергана кыргызы гана эмес, Жети-Суу кыргыздарынын негизги жалпы кыргыз кембагалдарынын кошуларына көзү өтүп чарбасы бириккен Анжиян шаарынын бизге кошулуусуна эмне демекчисиз? Эгерде ичинде жана айланасында Кашкардагы өзбектер жашаган төрт - беш болуш Анжиян шаарынан ажырагыңыз келбесе, кыргыз кедейлерине кылган кайманалыгыңыздан башка маани жаралбасын жана нагыз гезит окугандар баягы Али Ходжаев эмитен эле туткун максатын ишке ашырмакчыбы дешпесин. Макаланын ушул бир бөлүмүнөн сасык жыт чыгат. Ошол жыт мына бул кара кыргыздар Өзбек республикасына биригебиз деген имиш. Түбүндө түлкү жойлобосо, камыштын башы кыймылдабас, кыргыз кедейинин тобунан качып, орун издеп карбаластаган миң башчылар, казылар, атка минген баатырлар менен ошолордун куйруктары болчу, билүү сиздин милдетиңиз.

Кыскача айтканда каршылашым Али Ходжаевден анан Сыр-Дарыя обкомунун жоопту катчысы жолдош Мусажан Алимухамедовдун сиз менен жанаша жазган макаласы балким Фергана амалына түспелдеш келип жүрбөсүн. Коммунисттик чын көзүңүз менен көрүнсө дээр элем.

Кара кыргыз эрктүү областы менен улуу Өзбек республикасынын келечеги чарба жагынан байланышы эч качан үзүлбөйт. Бай салыгын салса, кедей чарыгын салат дегендей кыргыздын эрктүү областы эл катары тарбия көрүп ички тиричилигин ылайыгы менен жөнгө салып тыкыс уюштурса табийгат эмгекчилердин жолу да байланышта болуусу мүмкүн. Кыргыз кедейликтин түрлөрүн бала башынан көп өткөрүп, 2 миң жарым жыл тарыхы бар кембагалдар өкмөтү келгенде дагы нечен жыл артык жашайт.» [1]

Чынында, ошол «Ак жол» чыгып турган 1920-1925-жылдар саясий жактан кандай гана кыйын жылдар экени айтпасак да түшүнүктүү. Андыктан бул газета ар тараптан кысымдарга, ар түрдүү көралбастыктарга тушугуп турду. Ал гана эмес, анын атынан да кыйкым таап, «Ак жол» эмнеге «Кызыл жол» эмес, кызылдардын жолу ак болбосо керек эле, биздин жолубуз ак болсо, анда эмнеге актар менен согушуп, кан кечтик деген каршы пикирлер газета беттерине чыгып турган.

Мезгил мерчеминдеги мындай бут тосууларга карабастан, «Ак жол»

1 «Ак жол» гезити. №486. 23-сентябрь 1924.

газетасы ата конушунан, боштондук эркиндигинен айрылган Үркүндөн кийинки казак-кыргыздын жашоо турмушу, жаңы Кеңеш бийлигинин окуу-агартуу иштери, ошол мезгилдеги тил маселеси, жаштар маселеси жана казак-кыргыздын туңгуч сьездинде козголгон көйгөйлүү маселелерди жарыялап, элге гана жеткирбестен, бийликтегилердин да жүрөгүнө коңгуроо кагып турган. Мисалга алсак, шаршемби, 9-март 1921-жылдагы «Ак жол» газетасынын №34 санында жарыяланган Түркстан казак-кыргыз эмгекчилеринин туңгуч съездинин 1921-жылдын 27-январындагы эртең мененки жыйынынын материалдары бүгүнкү эгемен кыргыз-казак элдери үчүн эң чоң тарыхый мааниге ээ болмокчу. Жалпыга, дайын болуш үчүн бул тарыхый материалдан үзүндү келтиребиз.

Аталган съезддин окуу-окутуу маселесин караган жыйындын отурумунда төмөндөгүдөй токтом токулган: үч жылдан бери Түркстан Республикасынын Эл агартуу комиссариаты казак-кыргыз калкын окутуу, алардын көзүн ачуу тууралуу көрүнөрлүк эч нерсе иштебеген. Андыктан мындан ары казак-кыргыз калкынын арасында окуу-окутууга тартуу үчүн Эл агартуу комиссариаты төмөндөгү көрсөтүлгөн жоболорду колдонсун:

1. Ушул 1921-жылдын ичинде ар бир болуштукта жатаканалуу мектептер ачылсын. Айыл балдары келип окучу мектептер ачылсын.

2. Элге салынчу мектептерге керектүү жыгач, кыш жана башка материалдар ушул 1921-жылдын жазынан калбай даяр болсун. Бул жумуштарга казак-кыргыз эли Эл агартуу комиссариатына жардам берүүгө убада берди.

3. Ар бир уезд, шаарларда 1921-жылдан казак-кыргыз балдары үчүн экинчи баскыч мектептери ачылсын.

4. 1921-жылга карата ушул күнгө ачыла турган 1чи жана 2чи баскыч мектептерге жеткиликтүү билим берүүчү окутуучулар дайындалсын.

5. Эл агартуу комиссариаты тездик менен казак-кыргыз мектептерине жетишерлик окуу китептерин даярдап берүүгө киришсин.

6. Казак-кыргыз элдеринин жатаканалуу мектептерине керектүү азык-түлүк, кийим- кечек жетишээрлик берилсин.

7. Ташкент университетинин ар бир бөлүмдөрүнөн элдин санына жараша казак-кыргыз балдары үчүн орундар бөлүштүрүлсүн.

8. Казак-кыргыз арасында Кеңеш өкмөтүнүн ишин азыркы заман

агымы менен тааныштырган ар түрлүү китепчелер басылып таратылсын!

9. Ушул күндөн казак-кыргыз тилинде чыга турган гезиттердин санын көбөйтүп чыгаруу тапшырылсын, анын үстүнө казакча журнал чыгарылсын.

10. Бул басма сөздөр эл ичине кеңири таратылсын. Ар бир болуштук, айылдык кеңештер, партия уюмдарына, кедейлер комитеттерине жиберилип, анын үстүнө болуштуктагы 20-30 кишиге атайын жиберилип турсун.

11. Казак-кыргыз калкы көп болгон уезддерде эл агартуу бөлүмүнүн башчысы казак-кыргыздан коюлсун.

12. Эл агартуу комиссариатынын сабатсыздыкты жоюу аракеттерин съезд кубаттап, аны өтө тездик менен жүзөгө ашыруу керек.

13. Эл агартуу кеңешинин казак-кыргыз калкы үчүн кызыл үйлөрдү, музейлерди ачабыз дегени жакшы тилек, бул кагаз жүзүндөгү эреже болуп калбай, иш жүзүнө ашуусун съезд тилейт. [1] Мына ушундай өз доорунун өрнөктүү гезитине айланган «Ак жол» гезити ошол оңой эмес 1920-1926-жылдардын аралыгында таралышы, негизинен Түркстан Республикасынын аймагын камтыганы менен, чынында ал Казак автономиялык республикасынын аймагына гана тараган. Республикалык жетекчилик бекиткен 12 миң даана нускадагы гезит ошол мезгил үчүн оңой эмес эле. Бирок, түрлүү жагдайларга байланыштуу, анын нускасы бирде көбөйүп, бирде азайып турган. Айталык «Ак жолдун» 1923-жылдын 19-декабрдагы саны 21690 даана нуска менен тараган. Ал эми илимпоз Д. Махат архивдик материалдарга таянып, 1925-жылдын күзүндө «Ак жол» гезитинин нускасы 3 миң даанага чейин төмөндөгөнүн жазып, анын себептерин белгилеген. [2]

1925-жылы 25-майда И. Сталин Казакстан Компартиясынын бюросуна «Ак жол» гезитинин саясий багытына байланыштуу кат жолдойт. Анда Кремлдеги улуу көсөм «Ак жол» гезити менен тааныштыгын, андагы кээ бир материалдар Мустафа Чокаевдин ак гвардиячыл басма сөздөгү материалдарына үндөшүп кетерин, кээде гезит аңдабай, Чокаевге көлөмдүү материал берерин жана башка саясий

1 Ак жол. 2-китеп. –Алматы, –2011, –345-б.
2 Махат Д. Ак жол гезити неге жабылды//Алаш. Тарыхый-этнологиялык илимий журнал. №6. (9) 2007, –116-120 -бб.

айыптарды таккан. Мына ушул Сталиндин түн уйкусун бузган «Ак жол» гезити көп өтпөй жабылууга дуушар болот. [1] Тарыхый өңүттөн алып караганда, «Ак жол» агартуу багытындагы улуттук басылмаларга жол көрсөткөндүгү белгилүү. Анын таасири менен «Жаш алаш» гезити жана «Шолпан» журналы коомчулукка таанылып, агартуу, адабият тармагына багыт коюп өсүп келе жаткан кыргыз-казак интеллигенциясынын көзүн ачкан.

Өз мезгилинин агартуучулук атагына жетишип, кыргыз интеллигенциясынын «молдокеси» атыккан Эшенаалы Арабаев эми ушул жаңы ачылган «Шолпан» журналынын телчигип бутка туруусуна өз салымын кошот. Түркстан Коммунисттик партиясынын Борбордук комитетинин органы болгон саясат, чарбалык, билим-адабият багытындагы айына бир чыгуучу «Шолпан» кыргыз-казак журналынын биринчи саны 1922-жылдын октябрь айында Түркстан мамлекеттик басмаканасынан жарык көрөт. Ошол «Шолпан» журналынын №1 санындагы сөз жазуучу азаматтар тизмесинде же бүгүнкү сөз менен айткан редколлегиясында кыргыздардан Эшенаалы Арабаев менен Абдыкерим Сыдыковдун ысымдарын кезиктиребиз. [2] Ошол «Шолпан» журналынын редколлегиясынын курамында төмөндөгү азаматтар болгон: Н. Төрекулов, С. Кожанов, С. Асфендияров, Т. Рыскулов, О. Жандосов, К. Бөриев, доктор Х. Досмухамедов, доктор И. Кошкынбаев, А. Досжанова, этнограф Э. Диваев, М. Есболов, К. Жаленов, С. Айзунов, Ж. Досмухамедов, А. Сыдыков, И. Арабаев, Олеков, Искалов, Э. Оразбаев, Сара Есова жана башкалар. [3] Өмүрү кыска болсо да бул журнал казак-кыргыз элинин адабиятына, маданиятына, агартуу ишине жаңылык жарчысы боло алды. «Шолпан» журналынын жашоо тарыхын бүгүнкү эгемен мезгилдеги маданий-адабий, тарыхый-агартуу багытындагы басылмалар менен салыштырсак туура болчудай. Анткени, дүйнөлөштүрүү агымында батыштын таасиринен улам, басма сөздөрүбүз саясат жана шоу багытындагы нукка түшүп, ал чалчыктан басылмалардын чыга албай турган убагы. Ал эми ошол эле мезгилде руханий бийиктиктерге үндөгөн тарыхый, адабий-маданий багытындагы саналуу эле гезит болсо, базар экономикасынын тушунда каражат жагынан каршылыкка тушутуп, алардын бир даары

1 Койгелдиев. М. Улуттук саясий элита. -Алматы, -2004, -227-б
2 Шолпан. –Алматы, –2010, –10 б.
3 Ошондо эле, –64-б.

жабылууга дуушар болуп, эркин мамлекетибиздеги миңдеген гезиттин ичинен «Кыргыз Туусу», «Рух кенчи» жана «Көк асаба» гезиттери уюштуруучулардын өз каражаттары менен чыгып, ошол агартуучу аталарыбыз түптөгөн «Шолпан» журналы сыяктуу басылмалардын жолун жолдоп, бүгүнкү техникалык өнүгүүнүн айлампасында калган жаш муундарга ата-салтыбыздан, маданий мурастарыбыздан таалим берип, руханий адептүүлүккө тарбиялап турат.

«Шолпан» журналын бүгүнкү маданий-адабий руханий бийиктиктеги гезиттерге салыштырып жатканыбыздын себеби, бүгүнкү маданий-адабий гезиттер материалдык дүйнөнүн курмандыгына айланышса, казак-кыргыз элинин адабият агартуусун жазып, элди сабаттуулукка үндөгөн бул журнал ошол кездеги караңгылыктын, сабатсыздыктын курмандыгына айланган. Антсе да калкым деп жүрөгү соккон кыргыз-казак эр азаматтары караңгы элге жарык жылдыздай шоола чачкан «Шолпан» журналын сактап калуу үчүн түрлүү жолдорду издеген. Айтсак, журналдын 4-5 саны биригип чыккан басылышында төмөндөгүдөй жарыя басылган.

Окурмандарыбызга

«Шолпан» журналын камсыздоо жагынан өкмөттүн берип келген жардамы мындан ары токтотула турган болду. Журналдын бардык каражаты басманын өз мойнуна түшүп, өзүнөн өндүргөн акча менен чыга турган болду. «Өлгөндүн үстүнө көмгөн» дегендей, анын үстүнө кымбатчылык күндөн күнгө өсүп жатат. Ошондуктан, журнал токтобой чыгуу үчүн кыргыз-казак азаматтарынын көмөгү керек. Антпесе, кыргыз-казак тилинде чыккан илгерки көп журнал-гезиттер сыяктуу журналыбыз токтоп калышы мүмкүн. Андыктан, журналыбыздын өмүрүнүн узак болушуна тилектеш азаматтардан, окуучулардан өтүнөбүз

1. Мурдагы журнал жиберген азаматтар тийиштүү акчасын кечиктирбей жиберүүсүн.

2. Топтоп журнал алдырып эл арасына, шаар-шаарларга таратып, журналга жазылуучуларды жыюу. «Шолпан» журналынын материалдык абалы начар экенин түшүнүп, жогорудагы айтылган тилектерибизди кыргыз-казак азаматтары, окуучуларыбыз иш жүзүндө орундатат деген ишеничибиз бар.

Башкармалыктан

Бирок, мындан ары дагы абал өзгөрбөгөндүгүн №6-8 үч саны биригип чыккандагы санында дагы жолуктурабыз. Анда журналдын жамааты: журналдын кошулуп чыккан бул үч номерлери, өз убактысынан бир ай кечигип чыгып отурат. Кечигүү себеби, басмакана жумуштарынын начарлыгынан болду. Ошондуктан, башкармалык өзүнүн себептери болбогондуктан, журналдын өз убактысында чыга албай, окуучуларды күттүргөндүгү үчүн чоң кечирим сурайт, деп билдирген. [1] Мына ушул сегизинчи санын чыгарган соң, 1923-жылдын 30-июнда журнал жабылып, өз ишмердүүлүгүн токтоткон. Журналдын жабылышынын негизги себеби каражаттын жетишсиздигинен болсо, экинчи бир себеби, буржуазиячыл-улутчулдук маалыматтарга жол берилгенине байланыштуу деп айтышат тарых изилдөөчүлөр.

XX кылымдын 20-жылдарындагы «Ак жол» гезити, «Шолпан» журналдарын чыгарууга катышкан Эшенаалы Арабаевдин артынан Казак-кыргыз институтунда окушкан Касым Тыныстанов, Осмонкул Алиев, Базаркул Даниияров жана башка интеллигент азаматтарыбыз да басма сөз иштерине ыкчам аралашышкан. Айрыкча, басма сөздө тажрыйбасы бар Э. Арабаев жогорудагы газета-журналдар менен гана байланышпастан, Жети-Суудагы жаңы ачылган газеталардын дээрлик көпчүлүгүнө көмөктөшкөнүн замандашы жана шакирти академик Кусейин Карасаев төмөндөгүдөй эскерет: «Эшенаалы 1922-жылы Жети-Суу облшааркомунун аткаруу комитетинин чечими менен «Тилчи» газетасына туруктуу кабарчы болуп бекитилген, ал кеңеш бийлиги орногондон тартып, көп иштерге катышты. Толгон макала жазды. Бул инсандын толгон макалалары чыккан, аларды чогултуп албадым» -деп арман кыла эскерген. [2] 1921-жылдын 17-сентябрында Казак-кыргыз агартуу институтунун студенттери «Жаштар урааны» деген аталыштагы жазма журналдын №1 санын жарыялашкан. Журналдын рубрикалары «Тууган элим», «Жаштар милдети», «Тилдин айыбы», «Ай жарыгында», «Эстегеним казак-кыргыз турмушу» деп аталып, жаңылмачтар, макалдар, табышмактар жарыяланып турган. Ошондой эле журналда казак-кыргыз турмушунан алынган сүрөттөр менен да коштолгон.

1 Шолпан. –Алматы, –2011, 433-б.
2 Эшенаалы Арабаевдин туулган күнүнүн 110 жылдыгына арналган жыйнак. –МП. //Табылга, 1993. –6-7-б.

Ошол 1921-жылы Казак-кыргыз агартуу институтунун студенттери К. Тыныстанов менен О. Алиев чыгарган жазма журналга кыргыз студенттери ырларын байма-бай жарыялап турган. Алардын бири Касым Тыныстановдун казакча жазылган ырларында туулуп-өскөн мекени Ысык-Көлдү сагынуу мотиви өтө күчтүү болгон:

Кайдасың кең Ысык-Көл туулган жерим!
Киндигим кесип, кирим жууган жерим!
Көргөн жан саулетиңди сагынады,
Жайкалган сен Каракол- алтын кеним!

Барымсың Түп, Жыргалаң эки өзөн суу,
Үстүңө каздар конуп салган кыйкуу.
Жайылган соодагердин койлорундай,
Көл бетин бермеуши эдиң уйрекпен, куу.

Касым Тыныстанов Ташкенттеги казак-кыргыз агартуу институнда окууну казак тилинде окугандыктан, 1920-1921-жылдарда жазган алгачкы он эки ыры казак тилинде жазылган. Ага чейин эле 1919-жылдан баштап, ал ошол кездеги Ташкент жана Алма-Ата шаарларында чыгып турган «Ак жол», «Учкун», «Тилчи», «Өрүш» аттуу газеталарга казак тилинде ырларды жазып, ал ырлардын кээ бирөөлөрүнүн аягына «Кыт» деп кол коет. Ошондой эле Ташкентте казак, кыргыз тилинде «Чолпон» жана «Жаш кайрат» аттуу журналдарынын да ред коллегиясынын мүчөсү болот. «Жаш Кайрат» аттуу журналынын 1924-жылдагы №1, 2, 3, 4 чыгарылыштарына «Мариям менен көл боюнда» аттуу аңгемесин жарыялап Касым ага «Келгин» деген лакап ат менен кол коет. [1]

Осмонкул Алиевдин «Ак жол» гезитинин №10 санына «Казак-кыргыз жаштарынын азыркы жана мурдакы абалы» [2] деген макаласы жарык көрөт.

1920-1923-жылдары Ташкент шаарындагы Казак-кыргыз агартуу институнда окуган дагы кыргыз студенти, кийин белгилүү кыргыз агартуучусу болуп таанылган Базаркул Данияров 6-февраль 1921-жылы «Ак

1 Бектенов З. Замандаштарым жөнүндө эскерүү. -Бишкек. -1996. 37-б.
2 «Ак жол» гезити. 4-январь 1921-ж. №10.

жол» гезитинин №11 санына «Кыргыз азаматтарына!» [1] деген макаласын жарыялайт. Ал макаланын мазмуну төмөнкүчө:

- «Ушул макаланын астына колун койгон Базаркул Данияр уулу кыргыз жигити. Анын макаласы кыргыз тилинде даана жазылган. Казак Кыргыз Алаштын эки уулундай болсо да, кыргыз боордоштордун тилинде казактардан бир аз айырмасы бар. Казак менен кыргыз экөөсү Алаштын уулдары.

Дегеним менен конушу башка болгондуктан, көпчүлүк казак алыстагы кыргыз боордошторунун сөздөрүнүн эне тилиндеги айырмасын билише элек. Ошон үчүн баардык окуучуларыбызды тааныштыруу иретинде Базаркул жолдоштун катын дал өзүнүкүндөй кыргызча бастырдык. Кыргыз тилинде казак түшүнбөгөн сөз дегеле аз көрүнөт. Ушул макалада «Шоң», «Зор» деген мааниде экен. Бирок, бул сөз күнү бүгүн көп айтылбаганы болбосо казакта да бар. Маселен, шоң, Шоңмурун деген казактын аттары көп. Базаркул жолдоштун «Кыргыз азаматтарына» деп жазган макаласы төмөндөгүчө: «Октябрь көтөрүлүшү башталды. Ар бир журт, ар бир айыл, өздөрүнө тиешелүү шыбагасына тийген энчисин бөлүшүп, өзүнүн аянтындагы түшүмүн жыйнап алышты. Бирок, менин оюмча биздин кыргыз үч жыл өтүп төртүнчү жылга аяк баскан көтөрүлүштүн максаты эмнеде экенин түшүнбөй, түз жолунан адашып, тескери жакка умтулганы байкалды.

Мурдараак Кеңеш өкмөтүнүн ичине жашырынып кирип алгандар ортомчунун чапанын жамына салып жүргөн куулар, экинчи жактан кыргыз жериндеги тоо арасында жашап, шаардан алыс жүргөндөрү Кеңеш өкмөтүнүн жакшы жактарын бурмалаган бузуктарга ишенишип, анан дагы падыша заманы мураска калтырып кеткен заркындылары, зордук зомбулукту мурдакысындай күчөтүшүп жиберүүгө аракеттенишип, актардын качкындарынын хрестьяндын чоң муштумдарына кошулуп, кыргыздардын булуң-бурчтарынан чатак, жаңжал чыгаргандарга себепчи болушту.

Эми ошондогу татаал мезгил өзү менен калсын. Менин максатым: Түркстандын киндиги болгон Ташкентте, казак-кыргыздар үчүн арналган ушул бир «Ак жол» гезити чыгып жатат. Казак-кыргыздын жанындагы Түркстандын борбордук комитетинде орчундуу маселенин бири

1 Абдырахманов Т., Кубатова А., Байдилдеев Ж. Эки доор инсаны: Эшенаалы Арабаев. -Бишкек, 2013. 199-б.

болуп, өздөрүнө тиешелүү бөлүм ачылды. Анын жетекчилигинде отургандар өзүбүздүн казак боордошторубуз. Алар бизди четке чыгарбайт. Ар бирөөсү кыргызды өзүндөй көрөт. Өзүм дешет. Ошон үчүн биз да карап жатпай, колубуздан келген жардамыбызды аягыбыз келбейт. Айылдык жер-жерлерде кыргыздардын арасында эл агартуу иштерине назар салып, элдин турмушуна тиешелүү өзгөрүүлөрдү, сунуштарды чагылдырып жазып туруубуз керек. Кыргыздардын саны канча, кайсы аймактарда, кайсы уезддерге караштуу? Кытайда канча кыргыздар бар? Жетекчилик кылгандардын арасында казактардан башка кыргыздардан да барбы? Бар болсо алар менен байланыш түзүүбүз керек. Баардык азаматтарыбызды «Ак жол» аркылуу элге таанытуу керек.

Башка да саясий пикирлер болсо, кеңири маалымат берип туруубуз керек. Биздин кыргыздарда көп окугандар жок болсо да, анча-мынча орто мектепти бүтүргөндөр бар сыяктуу. Таланттуу жаш өспүрүмдөр да жок эмес. Элдин жөн жайын түшүнүп, жардам берүүгө даяр агаларыбыз да бар. Ушулардын баарына көз кырын салып, көңүл буруп туруларын өтүнөмүн!.

Биз азаматтар, жогоруда жазгандай кабарларды кыргыз тилинде кыргыз турмушунан алып, жазып турсаңыздар «Ак жолдун» бети ачык болсо керек деп ойлойм, » -деп жазган.

Кыргыздардын алгачкы өз тилинде гезити чыкканга чейин казак басма сөзү менен кызматташкан кыргыз алгачкы аалым агартуучулары Эшенаалы Арабаев, Касым Тыныстанов, Базаркул Данияров, Осмонкул Алиев менен бирге кыргыздын туңгуч тарыхчысы жана этнографы Белек Солтоноев болгон. XX кылымдын биринчи чейрегинде кыргыз элинин кат-сабаты толук ачылбай, дүйнөлүк цивилизациядан обочолонуп турганы менен кыргыз элинин ойчул жазма акыны Молдо Кылычтын айтылуу «Зилзала» китебинен кийин 1913-1914-жылдары Уфа шаарынан Осмонаалы Сыдык уулунун «Мухтасар тарых Кыргызия», «Тарых кыргыз Шадмания» деген санжыра китептери жарык көргөн. Кыргыз элинин санжыра тарыхын солтонун момокон уругунан чыккан Бала Айылчы деген адам да кеңири баяндап жазууга аракеттенген. Мына ошол эле мезгилдерде орусча да, кыргызча да жаза билген өтө илимпоз адам Белек Солтоноев да кыргыз элинин байыртадан берки тарыхына байланыштуу болгон жазма булактарды, оозеки санжыраларды талыкпастан иликтеп, чогултуп жүргөн. Ошол эле мезгилде ал поэзияга

да кызыккан. Б. Солтоноевдин тарыхый материалдары кийин китепче болуп чыгып элге дайын болгондуктан, анын поэтикалык чыгармалары жарыкка чыкпаган соң, элге анча белгисиз болуп келген.

Белек Солтоноев Кытайда калган кыргыздардын оор абалын элестетип, андагылардын зары, арманы ирээтинде алардын атынан муңдуу ырларды жазып, ошол жылдары Алматыда чыгып турган «Ак жол», «Тилши», «Көмөк» сыяктуу газета-журналдарга жарыялап турган. Анткени ал, бул каардуу Үркүндү өз көзү менен көргөн. Окуяга күбө болмок турсун, 1916-жылкы көтөрүлүштүн алдында катчылыктан болуштукка шайланып 6 ай болуш болуп турган мезгилде козголоң башталып, ал падыша бийлиги берген болуштук чынжырын үзүп ыргытып, көтөрүлгөн элдин башында жетекчилик кылат. 1916-жылы үрккөн эл менен кошо Кытайга барып, Совет бийлиги орногон соң кайра кайтып келип, жаңы элдик бийликти чыңдоо ишине белсене кирет. 1922-жылы Алматы шаарында жайгашкан Жети-Суу облусунун Эл агартуу бөлүмү эл адабиятын чогултуу максатында уюштуруу иштерин жүргүзөт. Мына ушул ишке кыргыздардан биринчилерден болуп Белек Солтоноев тартылат жана 1922-жылы 6-февралда атайын өкүл катары мандат берип, аны эл адабиятын жыйноо үчүн Каракол, Нарын, Пишпек уезддерине жиберет.

1924-жылы 9-сентябрда Түркстан Республикасынын Дыйканчылык Эл комиссариаты качкындарды Кытайдан кайтаруу боюнча Жети-Суу облустук комиссиясына кат жазып, анын карамагына 18690 сом берип, ошонун эсебинен Б. Солтоноевди Кытайга иш сапарга жөнөтүүгө көрсөтмө берет. Ошол эле жылы 18-ноябрда Жети-Сууну үйрөнүү коому Б. Солтоноевге облусту илимий үйрөнүү боюнча кеңири укук берген күбөлүктү тапшырат. Кытайга баргандан кийин Б. Солтоноев 1916-жылы качып кетип, кайра өз жерине ар түрлүү себептер менен кайта албай калган казак, кыргыз жана башка элдердин көргөн күнү, өткөргөн турмушу менен таанышып, аларды өз мекенине кайтаруу боюнча бир катар маанилүү иштерди жүргүзөт. Ал жактан кайтып келип, 1925-жылдын 15-февралында Кара-Кыргыз облустук Качкындар комитетинин төрагасына отчеттук билдирүү жазган. Ал билдирүүдөн сырткары тарыхчы-этнограф катары акындык жөндөмү менен жазган «Кытай колунда калган кыргыз кызынын зары» аттуу ырын «Ак жол» гезитинин 1922-жылдын 3-июнундагы №177 санына жарыялаган.

Үрүмчүдө мен бир баш,
Өрүлүп агат көздөн жаш.
Үйүң күйгөн кытайлар,
Үстүмө койду оор таш.

Казак, кыргыз калың журт,
Кыйналышып көрдү жут.
Кысылып үркүп келгенде,
Баабыз болду жарым пуд.

Кербендерден кеп угам,
Эл тынчыды деп угам.
Ырас болсо ушул сөз,
Болбостур дейм менде арман.

Азыркы орус жакшы дейт.
Элге Ленин башчы дейт.
Баштакы зулум кууларды,
Илмегинен басты дейт.

Акылы менен айласы,
Баары журттан башка дейт.
Даңкын уккан паашалар,
Акылынан шашты дейт.

Бул ырлардан жана отчеттордон маалым болгондой, Белек Солтоноев Кытайга качкан кыргыздардын, казактардын оор турмушу жөнүндө поэтикалык да, документалдык да кабарларды билдирип, аларды мекенине кайтышына жана өз жерине жайгаштырылышына көмөкчү болуп, көп эмгек сиңиргендигин баса белгилесек болот.

Б. Солтоноевдин жазуучулук, акындык жүзүн көрсөткөн көркөм адабий мурастары да кыргыз адабиятынын тарыхы үчүн көңүлгө алууга арзырлык баалуу материалдар болуп эсептелет. Албетте, буга чейин поэтикалык чыгармалары белгисиз сыяктуу болуп келген. Алматыда чыгуучу «Тилши» газетинин 1923-жылкы 29-октябрындагы санына Баялы уулу Касымдын (К. Баялиновдун –Ж. Б. ) «Адабият майданында» деген макаласы жарыяланып, анда «Жаштар өрнөгү» деген китепчеге

Б.Солтоноевдин «Жаңы өскөн жаш балдар» аттуу ырынын жарыялангандыгы кабарланган жана ырдын тексти үзүндүлөнүп басылган.

К. Баялиновдун авторлош менен жазган дагы бир «Аймактык кыргыз-казак билим комиссиясынын назарына» деген макаласында[1] Б. Солтоноев тарабынан: 1. «Кыргызча Алиппе китеби», 2. «Акыл деген эмне?», 3. «Жетим кыздын ыры», 4. «Кыскача кыргыз тилинде словарь», 5. «Кыргыз– казак жаштарына», 6. «Кыргыз макалы», 7. «Жыл он эки ай», 8. «Жаштар өрнөгү», 9. «Ак калпактуу кыргыздын башынан өткөн күн», 10. «Кошок табышмак, жаңылмач», 11. «Шырылдаң, секетпай, Бекбекей…», 12. «Кыргыздын тамаша оюну» деген эмгектердин жазылгандыгы кабарланат жана макала: «Мына ушул жогорудагы айтылып өткөн адабияттарды жүзөгө чыгаруу үчүн казак-кыргыз билим комиссиясы бардык күчүн аябастан жардамын көрсөтөр деген үмүттөбүз», - деген өтүнүч менен аяктайт.

Жогоруда аталгандардын ичинде Б. Солтоноевдин тарыхчы, котормочу экендигин айкындаган эмгектерден тышкары анын акын-жазуучу экендигин аныктаган да эмгектердин бар экендигин байкайбыз. Бирок жыйырманчы жылдары бирин-серин ырлары жарыяланганына карабастан, негизинен Б. Солтоноев акын катары казак гезиттерине ырлары жарыяланып келгени акыркы убактарга чейин белгисиз эле.

1921-1925-жылдары Алма-Ата шаарындагы Казак-кыргыз агартуу институтун алгачкылардан болуп бүтүргөн кыргыздын дагы бир көрүнүктүү агартуучусу, 1927-1929-жылдар аралыгында Кыргызстандын Эл агартуу комиссариатынын Академиялык борборунун төрагасы болуп иштеген Токчоро Жолдошов да казак басма сөзү менен тыгыз кызматташып, ошол кезде Алма-Ата шаарында казак тилинде чыгып турган «Тилчи» газетасынын активдүү кабарчысы болот. Ал газета эл арасында болуп жаткан мыйзамга сыйбас кыңыр иштер тууралуу үзбөй жазып турган. 1922-жылы жайкы дем алыш мезгилинде Токчоро Суусамыр жайлоосуна барып, Кызыл-Ойдун жайлоосунда чоңдордун сабатсыздыгын жоюу боюнча мугалим болот. Ошондо «Кара-Булак» деген лакап ат менен «Тилчи» газетасына «Сорлы София» аттуу кабарды жазат. [2] Ал кабардын кыскача мазмуну мындай: -Пишпек уездинде Алымкул аттуу кишинин София деген сулуу кызы болот. Атасы ал кы-

1 «Тилши», 1924, 6-январь, №79
2 Кара-Булак, «Сорлы София», «Тилчи», 29-декабрь, 1922-ж, №11.

зын Пишпек шаарындагы татар мектебине берип, бир нече жыл окутат. Кыз бойго жеткенде, суусамырлык Түркмөн деген манап менен кудалашып, Софияны анын Сулайманкул деген уулуна берет. София Суусамырга келин болуп барганда, мугалимдик кылып, бала окутуп жүрөт. Күйөөсү аялынын мугалим болгонун жактырбай, аны эркектерден кызгана баштайт. Ошол себептердин негизинде эрди-катындын ортосунда чатак ырбайт да, чоң чырга айланат. София күйөөсүнөн чыгып кетмекчи болот. -Сен мени чанып кете турган болсоң, сага мындай кылайын!- дейт да, Софиянын мурдун бычак менен кесип салат.

1922-жылында лакап ат менен кол коюп, газета, журналдарга макала, кабар, ыр, аңгеме жазгандардан кыргыз адабиятында эки гана киши болот. Алардын бири –Токчоро Жолдошов, экинчиси –Касым Тыныстанов. Токчоро Жолдошов ошол Казак-кыргыз агартуу институтунда окуп жүргөн мезгилде студенттердин тили болуп, кол жазма түрүндө чыгып турган «Сауле» (Шоола) аттуу адабий көркөм журналга редактор болуп, ага кыргыз элинин оозеки адабияты, элдик оюндары жөнүндө ар түрлүү макалаларды үзбөй жазып турган.

Алма-Ата шаарындагы Казак-кыргыз агартуу институтунда окуп жүргөн кезинде эле «Көмөк», «Тилчи» газеталарына ыр жазып турган кыргыздын дагы бир чыгаан тилчи-педагогу Байсерке Калпаков болгон. Байсерке Калпаков 1919-1920-жылдары Алма-Ата шаарында ачылган Совет мезгилиндеги эң алгачкы мугалимдерди даярдоо курсунан, кийин агартуу институнан окуп чыгып, эл арасына барып, бир нече жылы мугалимдик кылган. Устатынан шакирти өткөн сыңары 1925-жылдарда катардагы жөнөкөй мугалим эмес, кыргыз тилинин грамматикалык эрежелеринин теориялык маселелери боюнча Эшенаалы Арабаев жана Касым Тыныстановду жакалап, алар менен айтышып чыккан мугалимдердин тыңдарынан болгон.

Алма-Ата шаарында билим алып жүргөн мезгилинде «Көмөк» газетасынын 1919-жылдагы 1-сентябрда жарык көргөн №63 санына Байсерке Калпаковдун төмөнкү ыры басылган:[1]

Биздин элде билгенден билбеген көп,
Жалпылдап жарма ичип жүргөндөр көп.
Азыркы заман менен таанышпастан,
Кара сууга семирип жүргөндөр көп.

1 «Комок», 1-сентябрь, 1919-ж, №63

Башка эл окуугa деп обол баштан,
Билимин бириктирип аралашкан.
Окуунун пайдасына түшүнгөн соң,
Умтулган алга таман талпынышкан.

Келатат жогорку адат эч калбастан,
Аны ойлоп мен байкушту кыял баскан.
«койдур» деп, мындай жаман үрп-адатты,
Өтүнөм жаш муундан замандаштан.

Мына ушул кереге гезиттерден тажрыйба алышкан студенттердин ой-тилегинде өз тилиндеги гезитти ачуу мүдөөлөрү болгон. Анткени, ошол мезгилде кыргыз интеллигенциясынын гана жүрөгүндө эмес, коомчулукта да, коңшу элдердин көз кырында кыргыз элинин бай мурастарын изилдөө, «Манас» эпосун жазуу, улуттук тилдеги гезит чыгаруу, агартуу ишин жандандыруу жана башка көптөгөн маселелер турган. Буларды биз ошол «Ак жол» гезити менен «Шолпан» журналына жарыяланган макалалардан байкасак болот. «Шолпан» журналынын 1923-жылдын июнь айындагы акыркы санында «Байкаган» деген каймана ат менен бир сабаттуу кыргыздын «Эсиң барда, этегиңди жап» деген сын макаласы жарыяланат. Анда кандайдыр бир элдик адабиятыбыздан куру калбасак, эне тилибиздеги жазма, басма адабиятыбыз болсо, билимдүүлөрүбүз окуу китептерин чыгарып, агартуу ишин жандандырса, деген күйүп бышкан ой-тилек айтылат. Сөзүбүз далилдүү болуш үчүн ошол макаладан кыскартып берсек.

«1917-жылдагы төңкөрүш толкунунда боштондук туусу тийип, Николайдын Орто Азия мусулмандарына жүргүзгөн арам саясатынын астында эзилген улуттарга эркиндик берилди деген кабар тараган мезгилде, эзилген ар бир улуттардын окуган жол башчы азаматтары далайдан бери көксөгөн максаттарына жеткен сыяктуу.

Өз улутунун камын колунан келишинче, саясий, агартуу, чарбачылык жагынан өз колдоруна алышып, төңкөрүштүн апыр-топур убактысында өз тизгинин колуна алып, аздыр-көптүр аны ишке ашырып, пайдалангандардын натыйжасын көрүп отурабыз. Бирок, биздин кыргыз окумал жигиттери элирип, бир беткей саясат жагы менен алек болуп кетти. Эки жагын кылчайып караган жок. Ал жагынан да чыгарган на-

тыйжасы белгилүү. Муну биз тажрыйбадан улам көрүп отурабыз. Башкаларды коелук, өзүбүз менен бирге туушкан казак элинин ушул беш жыл аралыгында эл агартуу жагынан жана башка иштерден көп жумуш жасаганы сезилди. Эне тилинде мектептер ачылып, китептер басылып, чыгып жатат.

Ал эми биздин кыргыз эл агартуу жолунда кызмат кылат дегендерибиз бери дегенде, саясатчыл болушуп, комиссарлыкты кууп кетишти. Мен бул сөздөрдү кекетип, мокотуу үчүн айтып атканым жок. «Эсиң барда, этегиңди жап» дегендей, азыр да кеч эмес. Элибиздин агартуу жумушуна киришелик. Атактуу «Манас», «Семетей» аттуу окуяларыбыз жоголууга жакын калган. Булар ушул кезге чейин жазылбастан, аңыз катары эл оозунда айтылып жүрөт. Ушул күндө «Манас», «Семетейди» айта турган жалпы кыргызда сексенге жашы келген 23 чал калган. Арадан бир-эки жыл өтүп, ал чалдардан ажырасак, «Манас», «Семетей» болгон экен, болгон экен деген менен калмакпыз. Узун сөздүн кыскасы, кыргыз билимдүүлөрүнө: «Эликкенди таштап, эсти жыйууга убакыт жетти» . Эмдиги иштөөчү ишибиз агартуу ишине киришүү, Европа адабияттарын жыйноо, эл ичинде эмне кыларын билбей, далбастап жүргөн жаштарды окууга тартуу. Агартуу жумушуна жарай турган өкмөттүн саясий ишинде жүргөн азаматтарды, өз ордуларына алып келип отургузуу. Бул сөздү биз ушул мезгилде өкмөт башында жүргөн кыргыз азаматтарына айтабыз, ошолордун кулагына алтын сырга кылып илебиз.»[1] Мына ушундай эле көйгөйлүү маселени 1923-жылдын ошол эле июнь айында белгилүү казак агартуучусу жана акыны Магжан Жумабаев «Ак жол» гезитинин 23-июндагы санындагы «Кыргыздын ооз адабияты» деген макаласында көтөрөт. Анда: «Түрк элдеринин адабиятын текшерген белгилүү окумуштуу Радлов ооз адабият жагынан казак менен кыргызды салыштырып, казакты сырчыл, кыргызды аңгемечил дейт. Башкача айтканда, казактын кошогу, ашыктык ырлары, жар-жар сыяктуу сырчылдык ырлары, жөө жомоктору сыяктуу аңгеме адабияты мол дегени. Ошол Радлов «Манас», «Семетей» сыяктуу баатырлык ырлары бар кыргызды Гомердин «Илиада», «Одиссеясын» жараткан Троян согушу убагындагы грек элине окшоштурушат.

Кыскасы, кыргыздын өтө бай ооз адабиятынан баатыр ырлары менен жөө жомоктору калса, жалпы түрк адабиятынын ичинен, ашып

1 Шолпан. –Алматы, –2011. 263-264-б.

кетсе жалпы дүйнөлүк адабияттын ичинен күмөнсүз кадырлуу орунду алууга акысы бар. Өкүнгөнүбүздөн пайда чыкса жакшы болор эле, өкүнөлүк, Радлов сыяктуу бирин-серин Европа адамынын жыйнаганы болбосо, кыргыздардын бай адабияты жыйналбай, унутулуп, жоголуп бара жатат. Бир кездерде калың кыргыздын эңкейген чалынан, эмгектеген баласына чейин жатка биле турган «Манас», «Семетей», Сейтек» ырларын бул күндө эки-үч гана чал айтат дейт. Ал эки-үч чал мүрөктүн суусун ичкен эмес чыгаар, алар өлүп кетсе, адабиятыбыз баа жеткис кымбатынан айрылып калганы да.

Иштин ушул жагын ойлоп, жыйноого кирише турган кыргыз-казак азаматтары болууга тийиш эле. Бирок ушул кезге чейин ага киришкен киши көрүнбөйт. Өкмөттүн билим мекемелеринин белсенип киришкен түрү жок. Ташкенттеги казак, кыргыз билим комиссиясына 21-жылы адабият жыйноо үчүн Жети-Сууга чыгарган экспедициясы Жети-Суудагы калың кыргыздардын оозунан бир гана жөө жомок жазып алып келиптир. Буга күлүш керекпи, ыйлаш керекпи?

Эми айтыла турган сөз, айрыкча кыргыз азаматтары колдорун тийгизишип, убакытты өткөзбөй, ооз адабиятты жыйноо керек. Тиги чалдар өлүп кала элегинде, айрыкча үч баатырдын ырын жазып калуу керек.» [1] Мына ушул жогорудагы эки басмага жарыяланган макаладан биз ошол убакта кыргыз элинин оозеки чыгармаларын, өзгөчө «Манас» эпосу баштаган залкар дастандарыбызды жыйноого убакыт жетип калгандыгын жана эне тилиндеги китептерди чыгарып, агартуу ишин жандандыруу маселеси күндүн күрдөөлдүү темасына айланып, аларды ишке ашыруу үчүн кыргыз интеллигенциясынын алдыңкы өкүлдөрү болгон билимдүү кыргыз азаматтарынан эл үмүт артып тургандыгы туюлат. Жогорудагы саясий ишмер болуп комиссарлыктын артынан кууп кетти деп каймана айтылган инсандар Эшенаалы Арабаев, Касым Тыныстанов жана башкаларга айтылгандыгын байкасак болот. Анткени, ошол мезгилде эл үмүт арткан караңгылыктан жарык доорго алып чыгуучу элдик интеллигенциянын өкүлдөрү дал ошол инсандар болуучу. Бирок, дал ошол кысталыш кыйын кезеңде улуттук интеллигенциябыздын алдыңкы өкүлдөрү, Кеңеш бийлигинин ишине кол кабыш көмөк кылып, алардын жардамы аркылуу элдин агартуу ишине киришип, оозеки адабияттарыбызды жыйнап, окуу

1 Тагдыры бирге эгиз эл. –Бишкек, –2006. 165-168-б.

китептерибизди даярдап, улуттук басма сөзүбүздү чыгаруу иштерин жасоого белсенип жаткандарын карапайым сабатсыз эл анча таназар албаса керек.

Андыктан, XX кылымдын 20чы жылдарынын башындагы кыргыз элитасынын алдыңкы өкүлдөрү Эшенаалы Арабаев, Касым Тыныстанов, Абдыкерим Сыдыков, Жусуп Абдрахманов, Иманалы Айдарбеков, Абдыкадыр Орозбеков, Баялы Исакеев, Төрөкул Айтматов, Осмонкул Алиев жана башка кыргыздын белдүү азаматтары башында турган интеллигенциябыз заман агымын, эл үмүтүн туя билип, жогорудагы көйгөйлөрдү жүрөгүнүн толтоосуна сакташкан. Анын натыйжасында, элибиздин ойлогон тилеги орундалып Союздук тутумдагы мамлекеттүүлүктүн туусу желбиреген. Замандын нечен оор кыяматтарынан алсырап кемиген, сабатсыздык менен караңгылык каптаган, эркиндикке жетсек деп зарлаган калкыбыз жаңы турмушка бет алышкан. Мына ошол мезгилден баштап кылым карыткан кыргыз элинде жаңы советтик доордун тарых-таржымалы башталды.

Эчен кылым, доорлор мунарыгын артка таштап келген кыргыз элинин жаңы тарых барактарынын ачылышы менен Эшенаалы Арабаевдин демилгеси астында улуттук тун басылмабыз «Эркин-Тоонун» жарыкка чыгышы элибиздин үмүтүн актап, жүрөк дегдөөсүн басты. 1924-жылы 7-ноябрда кыргыз улуттук советтик басма сөзүнүн туңгучу болгон «Эркин-Тоо» газетасынын жарык көрүшү элибиздин чыныгы майрамы, кубанычтуу зор окуя болгон. Ал улуттук жазуунун, басма сөздүн, профессионалдык адабияттын, социалисттик маданияттын жана агартуу ишинин өнүгүшүнө негиз салып, анын алгачкы пайдубалын курган. [1] Ошентип, элибиздин кайра ойгонушуна жар салып, алдыга үндөө бактысы кыргыз элинин биринчи басма сөз органы– «Эркин-Тоонун» шыбага-энчисине туш келди. «Эркин-Тоо» газетасы жаңынын жарчысы болуу менен, кыргыз элинин улуттук-маданиятын, тилин, адабиятын, салт-санаасын, үрп-адатын, кеңири жайылтып, өсүп өнүгүүсүнө зор салым кошкон. Гезиттин алгачкы сандары мектеп окуучулары үчүн окуу куралы катары да милдетти аткарды. Сабатсыз эл сабакты газета бетинен алышты. «Эркин-Тоо» газетасы аркылуу берилген сабактар менен элдин сабатсыздыгын жоюп, сабаттуулардын катарына кошту.

1 Сартбаев К . И. Арабаев–кыргыз элинин туңгуч агартуучусу-окумуштуусу. –Бишкек, –2003. –15-б.

Кыргыз ССРинин тарыхында «Эркин-Тоо» газетасынын иши жөнүндө: «Ал узак жылдар бою кыргыз эмгекчилеринин окутуучусунун жана насаатчысынын, досунун жана кеңешчисинин ролун аткарып, окуучуларга журналдын, китептердин ордуна кызмат кылып келди, ал түгүл сабатсыздар жана чала сабаттуулар үчүн окуу китеби болду» деп көрсөткөн. [1] «Эркин-Тоо» газетасынын атын да агартуучубуз Эшенаалы Арабаев койгон. Ал 1924-жылы Кара-Кыргыз областынын Илим комиссиясынын Академиялык борборунун төрагасы болуп турган убакта башкы редактор Осмонкул Алиев, жооптуу катчы Садык Карачев менен бирге редколлегиянын мүчөсү болуп иштеген. Гезиттин №1 санында «Эркин-Тоо» деген төмөндөгүдөй баш сөз макаласы жарыяланган. [2] «...Кыргыз-кыргыз болгондон бери өз тилинде гезит, журнал, китеп дегенди көрбөй билбей, ары чети бүт ааламдагы, бери чети өз журтундагы тиричиликтен, саясаттан, маданияттан артта калып, караңгылыкта камыккан. Мына эми өзүнчө облус болуп, эңсеп жүргөн тоосу энчисине тийген соң, Кеңеш өкмөтү кыргыздар да жаңы турмуштан, саясаттан, маданияттан, илим-билимден кабардар болсун деп мына бул гезитти чыгарып олтурат. Бул гезиттин табын аягы көңүлдү элжиретип, көздүн жоосун алган эркиндик менен тоону кошуп «Эркин-Тоо» деп койдук...

...Кыргыз эмгекчилери, саргая сагынып кан какшаган тооң эми эркиндик менен кошо колуңа тийди...Тооң үчүн, эркиндик үчүн күрөштө төгүлгөн каның, салынган башың, элдери кул, катындары тул болгон кыргыздын эңсеген «Эркин-Тоосу» ушул. Эми муну бек карма кыргыз, бек карма...

... «Эркин-Тоо» гезити –кыргыз эмгекчилеринин бактысына жаралган шам чырак болду. Ушул шам чырактын өчпөй, ар дайым жаркырап жанып турушуна баарыбыз тең жоопкербиз. Бул гезит бардык кыргыз эмгекчилерине шоола берип, аларды келечектеги эң сонун жаңы турмушка үндөй турган кубаттуу курал. Албетте, майсыз чырак күйбөгөн сыяктуу, гезит акчасыз чыга албайт. Ошондуктан, жалпы кыргыз эмгекчилеринин көзүнө ак чел болуп, күндүздү түнгө айландырып жаткан наадандыкты жоюп, аны эл катарына кошо турган мына ушул «Эркин-Тоо» гезитине бир жылга алты сом берип жазылып

---

1 Кыргыз ССРинин тарыхы. –Фрунзе: Кыргызстан, 1973, –188-бет.

2 Шаймергенова Т. А. Развития периодической печати Кыргызстана и ее роль в период социалистических преобразований. –Бишкек, –2008, 11-б

коюудан кыргыз баласынын тартынбастыгына ишенебиз жана кыргыздын бардык эмгекчилерин жалпы ашарга чакырып, «Эркин-Тоого» алуучу болуп жазылууларын өтүнөбүз.

Эшенаалы Арабай уулу

Ошентип, «Эркин-Тоонун» чыгышы менен кыргыз басма сөзүнүн тарыхы башталган. Жаңы дүйнө жаралып, жарыкка чыйыр салган багы эң оор эле. Мурда көрбөгөн-билбеген иш болгон соң, гезитти уюштуруу, чыгаруу жагы эбегейсиз зор күчтү талап кылган. Мындай учурда өзбек калкы достук жардамын аябай, гезиттин алгачкы төрт санын Ташкенттен чыгарышат. Ал жердеги эки элге орток Казак-кыргыз эл агартуу институтунда билим алган жаштар гезитти чыгарууга, таркатууга көп көмөк көрсөтүшкөн. 1924-жылдын 3-ноябрында Ташкент басмаканасы «Эркин Тоо» гезитин басып чыгаруу үчүн 19 адамдан турган атайын бир цех бөлүп берген. Алардын арасында биринчи арип терүүчү кыргыз Орозбай Темиров болгон. [1] Гезиттин биринчи санынын чыгышы кыргыз эли үчүн чыныгы майрамга айланып, маданий турмушундагы чоң окуялардын бири болду. «Тунгуч кыргыз гезиттин биринчи санын мен айылдык мектепте окуп жүргөндө биздин сүйүктүү мугалимибиз Кыдыке Аманбаевден көрүп окудум, » - деп эскерет кыргыз эл акыны Кубанычбек Маликов. [2]

Ошол мезгилдеги «Эркин-Тоо» гезитин уюштуруу жана ал жөнүндө дайыма камкордук көрүү түйшүгүн мойнуна алган Эшенаалы Арабаевди, Жусуп Абдрахмановду, Төрөкул Айтматовду, Осмонкул Алиевди жана туңгуч журналисттерибиз –Шарип Көкөнов, Садык Карачев, Жумадыл Төлөкабыл уулун, гезитке бүткүл жан дили менен кол кабыш кылган Кусейин Карасаев, Аалы Токомбаев, Мурат Салихов, Мустапа Ахмедов жана башкалардын ысымын атап өтсөк калыстык болоор.

Мына ушул «Эркин Тоо» гезитинин алгачкы саны жөнүндө Кыргыз эл жазуучусу Түгөлбай Сыдыкбеков төмөндөгүдөй эскерет: «Касымдын Кеңеш өкмөтүнө арнап казак тилинде жыйырманчы жылы эле жазган «Таң», «Бүгүнкү күн» деген ырларынын бирин чыгаралы. Туңгуч гезитибизде акын үнү угулсун, - деген пикирди Касым кубаттап,

1 Бутенко Н. И. Создание киргизской национальной печати. –Фрунзе, 1960. –С. 25.

2 Шаймергенова Т. А. Развития периодической печати Кыргызстана и ее роль в период социалистических преобразований. –Бишкек, –2008, 12-б

мурдатан өзүм уюштуруп жүрүп өз ырымды басканым уят болор. Арабызга жаңы келген Садык Карач уулунун гезитке арналган «Эркин Тоо» деген ыры басылсын, - дейт. Анда Сыдык: - Жаңы келсем да жоопту катчы койдуңар. Өзүм чыгарып жатып, өз ырымды басканым кандай болоор экен. Биринчи санга А. Токомбай уулунун «Өктөбүрдүн келген кези», экинчи санына атайы арналган С. Карач уулунун «Эркин-Тоо» деген ыры, үчүнчү санына К. Тыныстан уулу «Койчуман менен Бакачы» деген аңгемеси, алтынчы санга М. Элебай уулунун айтылуу «Зарыгамы» басылат» [1]-деген.

«Эркин-Тоо» гезитинин алгачкы сандарында Э. Арабаев сыяктуу эле кыргыз элитасынын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн дагы бири, кыргыз мамлекеттүүлүк идеясынын башатында туруп, анын пайдубалын түптөөчүлөрдүн көрүнүктүү өкүлү Жусуп Абдрахманов да мындай көңүл кубантаарлык саамалыктан четте калбай, туңгуч басылмабызга төмөндөгүдөй өз пикирин билгизген: - «Эркин-Тоо» кыргыз эмгекчилеринин жарык күзгүсү. «Эркин-Тоонун» беттеринде өкмөттүн иш чаралары жана кедей-кембагалдардын турмуш абалдары дайыма жарыяланып турат. Кыргыз өкмөтүнүн иш аракеттеринен, калайык калктын турмуш тиричилигинен кабардар боломун деген кыргыз атуулдарынын колунда «Эркин-Тоо» гезити болууга тийиш. . . Бүгүнкү күндөн тартып, гезитке жазылуунун жана ага жазылып окуучуларды табуунун бир айлыгы жарыяланып олтурат. . .» Эркин-Тоонун» саны канчалык көп болсо–кедей-кембагалдардын аң-сезими ошончолук жогорулай берет. . . Ушул бир айлыкта «Эркин-Тоого» жазылып окуучулардын саны он миңге жетүүгө тийиш. Бул милдетти орундоо–бардыгыбыздын ыйык парзыбыз.

Жусуп Абдрахманов

Мына ушул 1924-жылдын 7-ноябрында жарык көргөн элибиздин туңгуч «Эркин-Тоо» гезити зор милдеттерди өтөп, калкынын чыныгы сыр бөлүшөөр пикирлешине айланды, ошон үчүн аны мезгилдин таасын таржымалчысы деп атаганыбыз туура болот. Бул тууралуу гезиттин алгачкы кызматкерлеринин бири Мамасалы Абдукеримов «Эркин-Тоонун» тарыхы Кыргызстандын тарыхынан да кеңири турат. Ал кезде

1 Эсенгулова М. М. –Просветительская деятельность и педагогическое наследие Эшенаалы Арабаева:– дисс. . . канд, пед. наук –Бишкек, –2005, –С 46.

эл өкмөттү да билбейт эле. Дароо «Эркин-Тоого» деп арыз-муңун жазып келишчү. Гезиттин кадыр-баркы абдан чоң эле. «Эркин-Тоонун» айтканы айткан, жазганы жазган болчу –деп эскерет. Ал эми «Эркин-Тоонун» эң алгачкы корректору жана кабарчысы Кусейин Карасаев:- «кыргыз элинин биринчи басма сөз органы өзүнүн өмүрүндө өтө татаал тарыхый жолду басып өттү. Өлчөмсүз зор милдеттерди аткарды. Кыргыз эмгекчилеринин, айрыкча кыргыз интеллигенттерин өзүнүн жылуу кучагында тарбиялады, аларды күрөшкө, жеңишке шыктандырды. Ошон үчүн сенин алгачкы сандарыңды ар бир интеллигент ыйык көрүп, сактап, аларды окугусу келет. Кыргыз тилинин сөздүгүн түзүүчүлөр үчүн алгачкы кездерде негизги булак болдуң. Сенин тарыхый иштериңди даңазалап, илимпоздор нечен эмгектерди жазат, » –деп, гезитке болгон кубанычын жашырбай ой бөлүшөт.

«Эркин-Тоо» - бардык жаңы башталыштардын тушоосун кескен умай эне, элди алдыга сүйрөгөн шыктандыруучу болду. Ал таланттардын чыныгы устаканасына айланып, кыргыз акын-жазуучуларынын бүткүл муунунун тушоосун кескендигин айтуу кандай сыймыктуу! «Эркин-Тоонун» кудурети, мол күчү, көмөгү болбогондо элибиздин сыймыгына жана сүймөнчүлүгүнө айланган Аалы Токомбаев, Кубанычбек Маликов, Түгөлбай Сыдыкбеков, Касымалы Жантөшов, Алыкул Осмонов, Жусуп Турусбеков, Мукай Элебаев, Касымалы Баялинов, Абдрасул Токтомушов, Жоомарт Бөкөнбаев, Жума Жамгырчинов, Насирдин Байтемиров, Саткын Сасыкбаев, Айткулу Убукеев, Мамасалы Абдукаримов жана башкалар сыяктуу ондогон-жүздөгөн таланттардын, кыргыз адабият-маданият тармагынын көч баштоочуларынын талант шыгы, бактысы мынчалык ачылат беле?

Ушул гезит аркылуу алардын баалуу өрнөгүн албаса, ченемсиз күчкө ээ таасири тийбесе, бир кезде караңгылыктан тунжураган кыргыз журтунан ааламга аты белгилүү жазуучу Чыңгыз Айтматов, көркөм өнөр чеберлери Саякбай Каралаев, Болот Миңжылкиев, Сүймөнкул Чокморов сыяктуу залкар адамдар, улутубуздун улуулугун айгинелеген мыкты жазуучулар, акындар, артисттер, режиссерлор, сүрөтчүлөр, илимпоздор бүгүнкүдөй арбын чыгат беле!

Кыргыз элинин XX кылымда кайра жаралган басма сөзүнүн төл башы, элге тамга тааныткан «Алиппеси», өнөр билимге үндөгөн үгүтчүсү жана агартуучусу болгон жана азыр да өзүнүн калк турмушун

ар тараптан таасын чагылдырган тунук күзгү, коом сөзүнүн жарчысы катары тааныткан «Эркин-Тоо» деген жарашыктуу аты бар гезиттин кийин «Кызыл-Кыргызстан», «Советтик-Кыргызстан», «Кыргыз Туусу» болуп аталып, кылымга тете жолду басып бүгүнкү күнгө жетишинин өзү эле даңктуу кыргыз интеллигенциясы чапкан жолдун кенендигин, ой туюмунун тереңдигин далилдеп, XXI кылымдын келечек муундарына илим-билимдин жарык нурун чачып турат. Ошол Эшенаалы Арабаев башында турган кыргыз азаматтары түптөп куруп, бизге мураска калтырган «Эркин-Тоо» газетасы кылымдар бою эңсетип, акыры колубузга тийген ыйык тарыхый таберик катары кыргыз басылмаларынын көч башында турат. Мына ушул төл басылмабыздан таалим тарбия алып, эгемен замандын шартында көптөгөн эркин басылмалар жаралды. Алар мамлекеттүүлүктү түптөөдө, демократиялык сааттарды калыптандырууда барандуу салымдарын кошуп жатат десек аша чапкандыкка жатпайт.

Алгачкы кыргыз агартуучулары менен адабиятчылары 1917-1924-жылдары казак басма сөзү менен кызматташып, өзүлөрүнүн макала, аңгеме, ыр жана башка кайрылууларын коңшу элдин газета-журналдарына жарыялап, алардан топтолгон тажрыйба менен улуттук төл гезит «Эркин-Тоо» жана башка гезит журналдарды негиздешкенин айттык. Мына ошол жылдардагы казак басма сөзүнө жарыяланган чыгармаларды Кыргыз эл жазуучусу Касымаалы Баялинов жыйнак кылып чыгаруу тууралуу Зыяш Бектеновго кайрылган. Аны белгилүү тилчи Зыяш Бектенов төмөндөгүдөй эскерет: «Касыкем кечээ жакында эле, өзү каза болоордон эки-үч жыл мурда эртели-кеч сейилдеп филармониянын айланасында бирге басып калганыбызд: - «Кыргыз совет адабиятынын толук тарыхын жазууда 1917-жыл менен 1924-жылдардын аралыгында Алма-Ата жана Ташкент шаарларында казак жана татар тилдеринеде чыгып турган газеталарга аңгемелер менен ырлар жазган кыргыз акын-жазуучуларынын чыгармалары ушул кезде эч кимге белгисиз табышмактуу арал болуп келе жатат. Ошолордун чыгармаларын экөөбүз бир томго толук жыйнап, сөз жазып туруп басмага берелик. Бул өтө чоң иш. Мен Кыргызстандын жетекчи чоңдору менен сүйлөшүп койдум. Даярдап, бир том кылып алып келсеңер, дароо планга киргизип, бастырабыз дешти. Алма-Ата менен Ташкенттин архивдерине качан баралы десең мен даярмын. Менде мингич бар эмеспи», -деп жүрдү.

«Касыке, сиз айткан мезгилдеги адабияттар эмес, «Эркин-Тоо» газетасына жарыяланган адабияттарды азыркы жаштар билбей жатпайбы. Сиз пенсиядагы, астыңызда атыңыз бар, туш-туштан гонорарлар келип, романдарыңыз биринин артынан бири басылып турган чоң жазуучусуз. Ал эми мен сизди ээрчип, шаар кыдырып кетип калсам, студенттерге сабагымды ким окуйт, балдарыма нандык тыйынды ким берет? Бир аз күтө туруңуз! Мен дагы пенсияга чыгайын, анан көрүшөбүз», -дечүмүн. Бирок Касыкем ал максатына жетпей калбадыбы, » -деп эскерген. [1]

Арадан жарым кылым убакыт өтсө да, алардын асыл ойлору аткарылбай келет. Бирок, бул улуу инсандардын арбагына таазим этүү менен, ошол мезгилдердеги чыгармаларды жыйнак кылып чыгарбасак дагы, казак басма сөзү менен кызматташкан инсандардын ысымына кайрылып, алардын ишмердүүлүгүнө токтолдук. Казак элинин атактуу жазуучусу Олжас Сулейменовдун: «Тарыхта улуу инсандарды жаратпаган эл, тарыхтагы өз миссиясын аткарбаган эл» деп айтканы бар. Анын сыңары улут алдындагы урпактык миссиябызды аткарганга аракет кылдык.

1 Бектенов З. Замандаштарым жөнүндө эскерүү. –Бишкек. 1996. 190-бет.

# II-БАП. КЫРГЫЗ-КАЗАК ИНТЕЛЛИГЕНЦИЯЛАРЫНЫН КЫЗМАТТАШТЫК ЖАНА БООРДОШТУК МАМИЛЕЛЕРИ

## 2. 1. Эшенаалы Арабаевдин казак элитасы менен кызматташтыгы

Канча бир мезгил убакыттан бери кыргыз-казак калкынын баскан жолу, ашкан ашуусу, жашоо-тирлиги, руху менен деми, тагдыры менен таалайы тамырлаш жана бир болуп келди. Тарыхтын тайкел таш таман доорунда казак калкынын башына кайгылуу мүшкүл иш түшсө, кыргыздын туусу жыгылып, күлүккө кара жабылып, көктөгү күндүн көзү жабылып күйүттүү кошок айтылган. Кыргыз элине кут түшсө, жакшылык жылоолосо ал казактын атак даңкын чыгарган жышаан катары кабыл алынып келген. Доорлор добушунан бери кыргыз менен казактын ийгилиги, жакшылыгы, кубанычы менен кайгысы дагы бир болуп келди. Ошон үчүн кыргыз, казак куштун эки канатындай уялаш эгиз эл деп айтылып келет. Кыргыз элинин залкар уулу Чыңгыз Айтматов бул эки элди төмөндөгүдөй сыпаттайт:

- «Өткөн кылым жолунан бир-эки мисал айталы. Эгиз элдин балдарынын келечеги үчүн жан аябай күрөшкөн казак тилчи-агартуучусу К. Сарсекеев менен кыргыз тилчи-агартуучусу Э. Арабаев экөө биргелешип 1911-жылы «Алиппе, же тез окууга үйрөтүү» деген китеп жазып, басмадан чыгарышкан. Ал «алиппе» кыргыз, казак балдарына акыл азык болгон. Ырас, кыргыз, казак калкы 1916-жыл трагедиясын бир көрдү. 1930-жылдардагы эл кырылган ачкачылыкта жарты нанды тең бөлүштү. 1937-жылдын апаатын чогуу тартышты, 1941-жылы ийинге-ийин тийиштирип Москваны да коргоп калышты. Желтоксондо кыргыз эли кылыч мизин кармашып, кандашынан кан аябай жолго чыкты. Эгемендик деген эл бактысын да бирге алды. Эгиз элдин тагдыры мына ушундай эриш-аркак бир болду.»

Аалам алпы Айтматов акыл калчап айткандай, XX кылымдын башындагы кыргыз-казак байланышынын башаты, караңгыдан жарыкка умтулган биргелешкен билим алууга жумшалып, эң ириде Эшенаалы Арабаевдин ысымы менен байланышат. Белгилүү казак тарыхчысы, окумуштуу М. К. Койгелдиев белгилегенде[1]Э. Арабаевдин казак элитасы менен катнашы Уфадагы Галия медресесинде билим алып жүргөн жылдарда эле башталган. Андыктан, ошол медресенин бүтүрүүчүсү болгон Эшенаалы Арабаев дагы агартуучулук ишмердүүлүктөн четте калбай жогоруда айтылгандай өзү менен чогуу окуган казак Х. Сарсекеев менен бирдикте 1911-жылы Уфадагы «Товарищество Каримова, Хусаинова» деген басмаканадан «Алифба йаки төтө окуу» деген китебин басып чыгарган. [2] Ага удаа эле 1912-жылы «Жазуу өрнөктөрү» деген китепчеси Оренбург шаарындагы «Вахит» басмаканасынан жарык көрөт. Э. Арабаев менен Х. Сарсекеевдин бул окуу китептери, агартуучулук иши жөнүндө 1911-жылдан тартып 1915-жылдын сентябрь айына чейин Троицк шаарында үзбөй чыгып турган «Айкап» журналына бир катар макалалар жарыяланган жана ушул жылдар аралыгында алардын достук мамилелери курчуган.

Эшенаалы Арабаевдин казак интеллигенциясы менен тыгыз байланышы жана биргелешкен ишмердүүлүгү ушул «Галия» медресесинде окуп жүргөндө башталгандыгын аталган окуу жайда окуган Сейфи Фаттах уулу Кудашевдин «Жаштык кездин изи менен» деген китебинде кеңири токтолгон. Анда ал, «Галия» медресеси башынан эле демократиялык багыттагы окуу жайы болуп, эл арасына өнөр билим тартууну, эл агартуу иштерин жана маданиятты өркүндөтүү, аялдар теңдиги медресенин иштеринде борбордук орунду ээлегендигин, өз шакирттерин демократиялык духта тарбиялоого өзгөчө көңүл бургандыгын баса белгилейт.

Мында окуган татар – Г. Ибраимов, М. Гафурий, К. Т. Хакимов, башкыр С. Кудаш, Ш. М. Бабич, З. Ш. Насыров, казак В. Майлин, Ж. Тилепбергенов, Н. Манаев, адыгей Т. Керашев, А. Хатков, өзбек М. Шермухамедов, Б. Салиев, кыргыз Э. Арабаев ж. б. окуу жайын бүтүргөндөн кийин жалаң гана бала окутуу менен чектелбей, маданий–агартуу, илим-

1 Койгелдиев М. Алаш козголушу. -Алматы. 2008.

2 Ишенаалы Арабаев. Туулган күнүнүн 110 жылдыгына арналган жыйнак. Бишкек: Табылга, 1993. -11-бет.

изилдөө иштеринде көп эмгек сиңирип, мамлекеттик жана коомдук жетекчи кызматтарда үзүрлүү эмгектенгенин көрсөткөн.

Медресенин бүтүрүүчүлөрү Совет бийлигине чейин эле өз эне тилинде окуу китептерин түзүп, жазуу эрежелерин иштеп чыгуу, алфавитке өзгөртүүлөрдү киргизүү, өзүнчө газета журналдары чыгаруу, оозеки эл адабиятынын үлгүлөрүн чогултуу боюнча көп иштерди аткарышкан. 1913-жылы 15-декабрда ушул медреседе окуган 17 шакирт кол коюуп, «Имла» (орфография) жөнүндө макала жазышып, аны жөнгө салуунун бир катар маанилүү маселелерине токтолушкан.

1915-жылы 23-декабрда «Казак» газетасына медресенин 3-4 шакирти тарабынан «Мугалимдерге арналган ачык каты» жарыяланган, анда өнөр-билимге жетүү үчүн төтө жолду табуу менен ар бир элдин балдарына эне тилинде жазылган китептерди окутуп, анын методикасын өркүндөтүү жөнүндө бир катар баалуу пикирлер айтылган. 1915-жана 1916-жылдары дагы бир топ казак шакирттери биригип, ошол эле «Казак» гезитине Казакстанга барып бала окуткан татар, башкыр мугалимдеринин иш-тажрыйбаларына токтолуп, алардан казак тилинде жазылган окуу китептерин окутканда гана окуучулар терең билим ала турганын көрсөтүп, өзүлөрү да балдар менен казакча сүйлөшүүгө үйрөнүүсүн талап кылган. Анын 1916-жылдын 16-январындагы санында «Галия» медресесинде окуган казак шакирттеринин чоң тобунун ачык каты жарыяланып, анда тил маселеси боюнча бир катар курч маселелер көтөрүлүп, «өз тилинен айрылган эл граммофоного кошулуп жүргөн куурчак сыяктуу болот. Анда элдин тилин жок кылып, жөн гана сүрөтүн калтырган менен тең» - деп көрсөткөн.

Мындай өз тилинин кызыкчылыгын коргогон макалаларды газета, журналдардан көп окуп, алардан таасирленген, Э. Арабаев эне тилин коргоого алып, аны эл арасында кеңири пайдалансын үчүн биринчи иретте сабатсыздыкты жоюуну тездетип, кыргыз мектептерин көбөйтүүнүн зарылдыгын көрсөткөн.

Медреседе окуган жылдары ал болочок казак адабиятынын классиктери Магжан Жумабаев, Байымбет Майин жана башка казак элитасынын өкүлдөрү менен таанышкан. [1] Өзгөчө 1908-1909-жылдары чогуу окуган Магжан Жумабаев менен боордоштук сезимдери бирге

1 Жети-Суу. Иссык-Кульская трагедия 1916-1920 гг. –Астана, 2007, –С. 14-15-б.

болгон. [1] Бул тагдыры бир эгиз элдин чыгаан урпактары Уфада гана бирге окубастан, кийинки ишмердүүлүк жолдору дагы бирге болду. Эшенаалы Арабаев 1913-жылы «Галия» медресесин бүтүрүп, 1916-жылга чейин Ысык-Көл жана Тянь-Шань өрөөндөрүндө мугалим болуп иштесе, Магжан Жумабаев 1917-жылга чейин Омбудагы мугалимдер гимназиясында иштейт. Октябрь революциясынан соң бул эки чыгаан инсан кайрадан жолугушат. М. Жумабаев 1917-1923-жылдары «Бощтондук туусу», «Ак жол» гезиттеринде жана «Шолпан» журналында жооптуу кызматтарда иштейт. Ал эми Э. Арабаев 1916-жылдагы падышалык режимге каршы күрөштө үрккөн эл менен кошо Үч-Турпанга качып барып, Россиядагы Октябрь революциясы менен Түркстанга Совет бийлиги орногон кезде 1917-жылы өз мекенине кайтып келген. Мындан кийин 1922-жылга чейин Түркстандын Жети-Суу областында ар түрдүү жооптуу кызматтарда иштеп, мугалимдерди даярдоочу курстарды гана уюштурбастан, Ташкенттеги кыргыз-казак институтунда билим берип, М. Жумабаев эмгектенген «Ак жол» жана «Тилчи» гезиттерине байма-бай омоктуу материалдарды жарыялап, «Шолпан» журналында М. Жумабаев менен бирге редакциялык кеңештин мүчөсү катары эриш-аркак бирге иштешет. [2]

Э. Арабаевдин казак интеллигенциясынын өкүлдөрүнөн ичинен эң жакын досу, белгилүү казак агартуучусу жана коомдук ишмери, «Алаш» партиясынын лидери Ахмед Байтурсунов болгон. Ал өзү дагы бул партияга мүчө болуп, «Казак» газетасын редакциялоого жигердүү катышканын, Пишпек уездинде «Алаш» партиясынын кыргыз бөлүмүн түзгөндүгүн белгилүү тарыхчы Зайнидин Курманов өз эмгектеринде баса белгилейт. [3] Мына ушул казак интеллигенциясынын өкүлдөрү түзгөн «Алаш-Ордочулар» менен байланышта жалпы түрк мамлекеттүүлүгү үчүн биргелешип күрөшкөн.

Казактын көрүнүктүү агартуучусу, акын-жазуучу, коомдук ишмеи «Алаш-Ордо «партиясынын түптөөчүлөрүнүн бири Миржакып Дулатов менен Э. Арабаевдин ишмердүүлүк жана боордоштук мамилеси бүгүнкү

---

1 Алаш арыстары. -Чымкент, -2012. -28-б .
2 Антология педагогической мысли Казакстана. Алма-Ата. 1996. С. 298-299.
3 Курманов. З. Национальный интеллигенция 20-30 годов; вклад в возрождение государственности кыргызского народа и борьбу с тоталитарно-авторитерным режимом. –Бишкек, 2005. С. 11.

күнгө чейин көмүскө келген. Тарых таржымалынан алып карасак, «Алаштын» азаматтарынын бири Миржакып Дулатов 1917-1918-жылдары «Казак» гезитинин редактору жана «Алаш-Ордо» өкмөтүнүн жетекчилеринин бири болгон. Мына ушул мезгилдерде Э. Арабаев «Казак» гезитине кайрылууларды жазып, «Алаш-Ордо» өкмөтүнүн кыргыз бөлүмүн түзүп М. Дулатов менен жакын мамиледе жүргөн. Ал боордоштук мамилелер кийин 1920-1924-жылдары «Ак жол» гезитинде бирге иштешкен мезгилде дагы уланган. Ушундай эле кызматташтык мамиле «Ак жол» гезитинин редактору Султанбек Кожанов жана 1920-1921-жылдардагы ал гезиттин редактору Газымбек Биримжанов менен дагы болгон. [1] Түркстан крайлык элге билим берүү кеңешинин мүчөсү, бир эле убакта Ташкент шаарындагы Кыргыз-казак агартуу институнун уюштуруучусу жана директору, казактын дагы бир кырааны Иса Тохтыбаев сурактагы өз өмүр баянында 1916-жылдагы Үркүндүн алдында Жер иштери министрлигинин экспедициясы менен Кыргызстанда болгондугун жана көтөрүлүш чыгаарын жергиликтүү элдерден угуп, экспедиция мүчөлөрү болгон орус улутундагыларды Токмок шаарына жеткирип аман алып калганын айтып, бул тууралуу кыргыздын ошол кездеги үркүндөн кийинки жетекчилери Сарыкулаков, Э. Арабаев, Сыдыковдор биле тургандыгын жазган. [2] Ошондой эле анын өмүр баянындагы маалыматтардан Э. Арабаев менен ал Ташкенттеги Кыргыз-казак агартуу институнда, кийин 1920-жылы ал «Ак жол» гезитинде жооптуу редактор болгондо байланышта болгонун баамдасак болот. [3]

Мына ушундай эле Эшенаалы Арабаев казактын дагы бир көрүнүктүү уулу адабиятчысы, фольклор жыйноочусу, котормочу жана сынчы Илияс Жансүгүров менен да чыгармачылык жана боордоштук мамиледе болгон. Илияс Жансүгүров 1922-жылы Алматыда «Тилчи» гезитинде кызмат кылган. Ошол эле мезгилде Алматыдагы Эл агартуу институтунун директору кызматын да аркалаган. Ал эми Эшенаалы Арабаев 1922-жылы Жети-Суу облшааркомунун аткаруу комитетинин чечими менен «Тилчи» газетасына туруктуу кабарчы болуп дайындалган. [4] Дал ошол жылдары бул эки элдин азаматтары бир тилекте кыргыз-

1 Алаш арыстары. -Чымкент. -2012, -21 б
2 Архив ДКНБ Республика Казахстан. Алматы. Д. 04693. Т. 17. Л. 13-16. Подлинник.
3 Красный террор. – Алматы, –2008. –262-б.
4 Эшенаалы Арабаевдин 110-жылдыгына арналган жыйнак. -МП. «Табылга», -1993. -6 б

казак элинин бай фольклорун жыйноого өз салымдарын кошуп, ал эмгектерин «Тилчи» газетасы аркылуу элге жеткирип турушкан.

Ошондой эле Эшенаалы Арабаев 1924-жылы июнь айында Оренбург шаарында өткөн казак, кыргыз илимпоздорунун туңгуч съездине Түркстан АССРинин Эл агарттуу комиссариатынын атынан делегат болуп катышып, съезддин президиумуна шайланат. Бул съездде ал А. Букейханов, А. Байтурсунов, М. Дулатов жана башкалар менен казак-кыргыз тамгасы, илимий иштердеги көйгөйлүү маселелерди биргелешип карашкан. Мына ошол съезди жабылаар алдында сүйлөгөн сөзүндө мындай деген:

«Съезддин кароосуна тапшырылган маселелердин баары каралып бүттү. Бул съезд казак, кыргыз калкынын мурда каралбаган илим маселелерин жаңыдан колго алган казак, кыргыз илимпоздорунун жаңыдан баш кошкон туңгуч съезди болду. Съезддин мааниси терең, максаты артыкча. Съезд негизги маселелерди чечти. Элдин келечегине жол салды. Казак-кыргыз калкы караңгы наадандыктан бошонуп, маданият жолуна түшкөнүн көрсөттү. Мындай болгондугунун негизги себеби - Октябрь революциясы, элдин турмушуна кандай өзгөрүш киргизсе, илим, адабият жүзүндө да ошондой өзгөрүш жасады. Биздин бул съездде иштеп отурган ишибиз да ошол революциянын бир жемиши. Коммунисттер партиясы башчылык кылган Совет өкмөтү революциялык доорду башынан өткөзүп, илим, адабият ишин эми гана колго алып отурат. Биз бүгүн көзүбүз менен көрүп сүйүнүп, колубуз менен иштеп отурган ишибиз-ошол аз гана убакыттын ичиндеги иштин жемиши. Казак, кыргыз калкынын уйкусу ачылып, маданият жолунда илгери баруу үчүн мындан ары бардык күчүбүздү совет өкмөтү жүктөгөн ишке чегүүбүз керек. Совет өкмөтүнө чын дилибиз менен тилектеш болуп, кылчаңсыз ишке киришүүбүз керек.

Жашасын Совет өкмөтү!

Жашасын жол башчыбыз Лениндин салып кеткен жолу!» . [1]

Кыргыз интеллигенциясынын ичинен Эшенаалы Арабаевдин казак элитасы менен коомдук-саясий, агартуу-маданий жана басма сөз айдыңындагы журналисттик байланыштары жогорудагы баптарда баса белгиленди.

Касым Тыныстанов менен Магжан Жумабаев

1 Кыргыз, казак илимпоздорунун туңгуч сьезди. –Киргозиздат, -Оренбург. -1925. -117-б.

Касым Тыныстанов менен Магжан Жумабаевдин адабий чыгармачылык жактан, кийинчерээк коомдук-саясий байланыштары жөнүндө сөз кылаардан мурда ошол Октябрь революциясынын алдындагы жазма адабиятыбызга кайрылсак, ал дароо эле даңгыр жолго чыгып, профессионалдык багытта өнүгүп кеткен жок. Жаңы кыргыз адабиятын баштоочулардын алдыңкы өкүлдөрү бул багытта тектеш тилдүү коңшу элдердин жазма адабияттары менен таанышып, алардан үйрөнүүгө мажбур болушту. Андыктан коңшу казак элинде жазма поэзия мурдараак калыптангандыктан кыргыз жазма адабиятыбыздын жаш өкүлдөрү алардан таалим алгандыгы талашсыз чынды, к дейт көрүнүктүү илимпоз, адабиятчы жана сынчы Качкынбай Артыкбаев. Чынында алардын Шакарим, Магжан Жумабаев, Сакен Сайфуллин, Илияс Жансүгүров өңдүү таланттуу өкүлдөрү 1924-жылга чейин эле бир канча поэтикалык китептерди, драмалык, прозалык чыгармаларды жаратышып, профессионалдуу денгээлге жетип калышкан.

Ошол жаңы жазма адабиятыбыздын доору башталган мезгилде эл арасындагы кыз оюндарга катышып, сүйүү ырларын чыгарып жүргөн Касым Тыныстанов 1919-жылы Каракол уездинде милициянын уезддик начальниги болуп турган Садыбакас Ысмайылов деген кишинин жардамы менен Ташкент шаарына окууга кетип, андагы Казак-кыргыз агартуу институна кирет. Ташкентте окуган жылдары ал казак, өзбек, татар орус адабияттарынын үлгүлөрү менен таанышып, агартуу институтунун алдындагы адабий ийримде кыргыз жаштарынын тобун жетектейт. Ал жерден казактын кайраттуу акыны аталган Магжан Жумабаевден таалим-тарбия алат. Ал киши 1922-жылдан баштап институтта иштеп, Касымдарга адабияттан сабак берет, «Түркстан үнү» аталган адабий ийримге да жетекчилик кылат. Касым 1920-жылы май айынан Түркстан РКП(б) крайкомунун, Түркстан Борбордук Аткаруу Комитетинин жана Түркстан фронтунун саясий бөлүмүнүн «Жаңы өрүш» гезитинде студент жаштардын сунушу менен Түркстан Коммунисттик Жаштар Союзу бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенет. Ушул иш менен бирге эле Ташкент шаарындагы Казак интернатынын алдындагы Түркстан Жаштар Союзунун ячейкасын уюштуруучу болуп дайындалат. 1923-жылдан «Ак жол» гезитинде, «Жаш кайрат», «Сана» журналдарында редколлегия мүчөсү, аталган басылмаларга жарыялануучу кыргыз тилиндеги материалдарды уюштуруучу жана анын чыгышына жооптуу кызматкер катары дагы иштейт. Дал

ошол мезгилде М. Жумабаев да аталган гезиттерде иштеген. Ал эми казактын дулдул акыны аталган Илияс Жансүгүров да «Жаңы өрүштө» К. Тыныстанов менен бирге кызмат өтөгөн. Маалыматтарга караганда ал корректор да, кызматкер да болгон.

Казак элинин эң мыкты акындарынын бири Магжан Жумабаев 1893- жылы туулуп, 1938-жылы репрессиянын курманы болгон. 1912-жылы Казанда алгачкы ыр китеби («Шолпан» ) жарык көргөн. 1922-жылы ошол эле Казандан экинчи ыр китеби, ал эми 1923-жылы Ташкенден толукталган үчүнчү ыр китеби басылып чыккан. Ал «Алаш-Ордо» партиясынын активдүү мүчөлөрүнөн болгон. 1929-1935- жылдары камакта жатып, Горькийге кат жазып, анын көмөгү менен бошонгон. 1937-жылы 30-декабрда кайрадан камалып, репрессиянын капшабына кабылган. Орусча окуп, орус тилин мыкты билип, орус поэзиясынын тишин чаккан Магжан алдыңкы Европа адабиятынан таалим алып, бийик профессионалдуулукка жетишкен. Анын ырлары куюлушуп жеңил чыгып, терең мазмунду камтып жөнөкөй, көркөм, таамай сөздөр менен коштолуп, ой жүгүртүүлөрү элестүү, сүрөттүү болуп чыккан. К. Тыныстанов менен М. Элебаев Магжандын ушул касиеттеринен үйрөнүүгө аракеттенишкен. К. Тыныстановдун адабиятка арийне, көркөм чыгармачылыкка баш оту менен киришине дал ушул Магжан Жумабаевдин чыгармачылыгы өтө катуу таасир калтырган. Ал жалаң эле казак, кыргызга эмес, ошол кездеги жалпы түрк тилдүү элдердин алдыңкы көз караштагы адамдарына дагы таанымал болуп, чыгармалары түрк, азербайжан жаштарына чейин жаткен.

Өзгөчө Магжандын поэзиясынын Касым Тыныстановдун чыгармачылыгына тийгизген таасири жөнүндө көптөгөн фактылардын негизинде айтууга болот. Анткени, ошол XX кылымдын 20-жылдардын башындагы обьективдүү, субьективдүү жагдайлары бул эки инсандын бири-бирине жакын болуусун шарттаган экен. Кыргыз совет энциклопедиясынын 6-томунда К. Тыныстановдун өмүр жолу жөнүндө жазылган мындай маалыматтарды окуйбуз: «... Алгачкы билимди айылдык диний мектептен алган (1909-1912). 1913-1914-ж Сазановка кыштагындагы (Ысык-Көлдүн күнгөйү) өзбек мектебинен, 1914-1915-ж. Пржевальск шаарындагы орус –тузем мектебинин окуган. Ташкендеги Казак-кыргыз агартуу институтун бүткөн (1924). Институттун акыркы курстарында (1923-1924) «Ак жол» газетасынын, «Жас кайрат», «Сана»

журналдарынын редакциясында кызматкер, Кара-кыргыз илим комиссиясына мүчө. Институтту бүткөн жылы Түркстан республикасынын Академиялык борборунда (илим комиссиясы) Кыргыз областтык бөлүмүнүн секретары, 1925-жылдын башында председатели» .

Бул маалыматтарга караганда, К. Тыныстанов мусулманча да, орусча да окуп, ошол кездеги эң алдыңкы билимдүү адамдардын бири катары өзүнүн чыгармачылык ишин баштагандыгын, жыйырманчы жылдардын биринчи жарымында Ташкенде болуп, окуп иштеп, чыгармачыл чөйрөдө, адабий, саясий турмуштун чордонунда жүргөндүгүн көрөбүз. Дал мына ушул учурда Магжандын да Ташкент шаарында болгондугу жөнүндө мына бул маалыматтарды окуйбуз: «… Ал үшинши өлеңдер жыйнагы 1923-жылы Ташкентте Султанбек Кожановтың көмеги аркасында жарык көреди.

1922-жылы Магжан Ташкентке келди. Бул–Магжанның акын ретиндеги өң өнимди жылдары еди. Атакты «Батыр баян» дастаны осы калада дүниеге келеди. Түркстан мен Сыр циклдери жазылды. Акан сери, Базар жырау жане Абубакир Диваев туралы макалалары жарыкка шыкты. «Шолпан», «Сана» журналдары мен «Ак жол» газетиниң жумасына белсене араласты. Казак-кыргыз билим комиссиясының мүшеси ретинде кыруар жумыс истеди» (Жумабаев. Б. Шыгармалары. Алматы: Жазушы, 1989, -397- бетте)

Кыскасы, Магжан менен Касымдын «Шолпан», «Сана» журналдарында, «Ак жол» гезитинде, билим комиссиясында бирге иштешип, бири-бирин жакшы билишкендиги жогорку фактылардан ачык көрүнүп турат. Ал эми Магжан ал учурда үч ырлар жыйнагын чыгарып, Касымга караганда бардык жагынан такшалган акын болуп калган эле. Чыныгы акын болуу ыр китептеринин саны менен эмес, сапаты менен өлчөнөрүн эске алсак, бул жагынан Магжандын ошол учурда чон акын катары таанылып калгандыгын казак адабиятын изилдөөчүлөр да бир оороздон айтып отурушат. Магжан 1924-жылы Москвага Күн чыгыш басмасына ишке которулат. Мына ушундан улам 1925-жылы Москвадан чыккан Касымдын ыр китебинин жарыяланышына белгилүү деңгээлде Магжандын да көмөгү сөзсүз тийген болуу керек деген болжолубуз туура болушу толук ыктымал. Кыргыз-казак агартуу, илим-билиминин алдыңкы өкүлдөрү Касым Тыныстанов менен Магжан Жумабаевдин кызматташтык алакалары эки элдин болочок илимпоздоруна дагы бордоштук таалим-тарбия үрөөнүн сээп турмакчы.

## 2.2. Касым Тыныстанов менен Магжан Жумабаев

Касым Тыныстанов менен Магжан Жумабаевдин адабий чыгармачылык жактан, кийинчерээк коомдук-саясий байланыштары жөнүндө сөз кылаардан мурда ошол Октябрь революциясынын алдындагы жазма адабиятыбызга кайрылсак, ал дароо эле даңгыр жолго чыгып, профессионалдык багытта өнүгүп кеткен жок. Жаңы кыргыз адабиятын баштоочулардын алдыңкы өкүлдөрү бул багытта тектеш тилдүү коңшу элдердин жазма адабияттары менен таанышып, алардан үйрөнүүгө мажбур болушту. Андыктан коңшу казак элинде жазма поэзия мурдараак калыптангандыктан кыргыз жазма адабиятыбыздын жаш өкүлдөрү алардан таалим алгандыгы талашсыз чынды,к дейт көрүнүктүү илимпоз, адабиятчы жана сынчы Качкынбай Артыкбаев. Чынында алардын Шакарим, Магжан Жумабаев, Сакен Сайфуллин, Илияс Жансүгүров өңдүү таланттуу өкүлдөрү 1924-жылга чейин эле бир канча поэтикалык китептерди, драмалык, прозалык чыгармаларды жаратышып, профессионалдуу денгээлге жетип калышкан.

Ошол жаңы жазма адабиятыбыздын доору башталган мезгилде эл арасындагы кыз оюндарга катышып, сүйүү ырларын чыгарып жүргөн Касым Тыныстанов 1919-жылы Каракол уездинде милициянын уеэддик начальниги болуп турган Садыбакас Ысмайылов деген кишинин жардамы менен Ташкент шаарына окуута кетип, андагы Казак-кыргыз агартуу институна кирет. Ташкентте окуган жылдары ал казак, өзбек, татар орус адабияттарынын үлгүлөрү менен таанышып, агартуу институтунун алдындагы адабий ийримде кыргыз жаштарынын тобун жетектейт. Ал жерден казактын кайраттуу акыны аталган Магжан Жумабаевден таалим-тарбия алат. Ал киши 1922-жылдан баштап институтта иштеп, Касымдарга адабияттан сабак берет, «Түркстан үнү» аталган адабий ийримге да жетекчилик кылат. Касым 1920-жылы май айынан Түркстан РКП(б) крайкомунун, Түркстан Борбордук Аткаруу Комитетинин жана Түркстан фронтунун саясий бөлүмүнүн «Жаңы өрүш» гезитинде

студент жаштардын сунушу менен Түркстан Коммунисттик Жаштар Союзу бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенет. Ушул иш менен бирге эле Ташкент шаарындагы Казак интернатынын алдындагы Түркстан Жаштар Союзунун ячейкасын уюштуруучу болуп дайындалат. 1923-жылдан «Ак жол» гезитинде, «Жаш кайрат», «Сана» журналдарында редколлегия мүчөсү, аталган басылмаларга жарыялануучу кыргыз тилиндеги материалдарды уюштуруучу жана анын чыгышына жооптуу кызматкер катары дагы иштейт. Дал ошол мезгилде М.Жумабаев да аталган гезиттерде иштеген. Ал эми казактын дулдул акыны аталган Илияс Жансүгүров да «Жаңы өрүштө» К.Тыныстанов менен бирге кызмат өтөгөн. Маалыматтарга караганда ал корректор да, кызматкер да болгон.

Казак элинин эң мыкты акындарынын бири Магжан Жумабаев 1893- жылы туулуп, 1938-жылы репрессиянын курманы болгон. 1912-жылы Казанда алгачкы ыр китеби (« Шолпан») жарык көргөн. 1922-жылы ошол эле Казандан экинчи ыр китеби, ал эми 1923-жылы Ташкенден толукталган үчүнчү ыр китеби басылып чыккан. Ал «Алаш-Ордо» партиясынын активдүү мүчөлөрүнөн болгон. 1929-1935- жылдары камакта жатып , Горькийге кат жазып, анын көмөгү менен бошонгон. 1937-жылы 30-декабрда кайрадан камалып, репрессиянын капшабына кабылган. Орусча окуп, орус тилин мыкты билип, орус поэзиясынын тишин чаккан Магжан алдыңкы Европа адабиятынан таалим алып, бийик профессионалдуулукка жетишкен. Анын ырлары куюлушуп жеңил чыгып, терең мазмунду камтып жөнөкөй, көркөм, таамай сөздөр менен коштолуп, ой жүгүртүүлөрү элестүү, сүрөттүү болуп чыккан. К.Тыныстанов менен М.Элебаев Магжандын ушул касиеттеринен үйрөнүүгө аракеттенишкен. К.Тыныстановдун адабиятка арийне, көркөм чыгармачылыкка баш оту менен киришине дал ушул Магжан Жумабаевдин чыгармачылыгы өтө катуу таасир калтырган. Ал жалаң эле казак, кыргызга эмес, ошол кездеги жалпы түрк тилдүү элдердин алдыңкы көз караштагы адамдарына дагы таанымал болуп, чыгармалары түрк, азербайжан жаштарына чейин жаткен.

Өзгөчө Магжандын поэзиясынын Касым Тыныстановдун

чыгармачылыгына тийгизген таасири жөнүндө көптөгөн фактылардын негизинде айтууга болот. Анткени, ошол XX кылымдын 20-жылдардын башындагы обьективдүү, субьективдүү жагдайлары бул эки инсандын бири-бирине жакын болуусун шарттаган экен. Кыргыз совет энциклопедиясынын 6-томунда К.Тыныстановдун өмүр жолу жөнүндө жазылган мындай маалыматтарды окуйбуз: «... Алгачкы билимди айылдык диний мектептен алган (1909-1912). 1913-1914-ж Сазановка кыштагындагы (Ысык-Көлдүн күнгөйү) өзбек мектебинен, 1914-1915-ж. Пржевальск шаарындагы орус –тузем мектебинин окуган. Ташкендеги Казак-кыргыз агартуу институтун бүткөн (1924). Институттун акыркы курстарында (1923-1924) «Ак жол» газетасынын, «Жас кайрат», «Сана» журналдарынын редакциясында кызматкер, Кара-кыргыз илим комиссиясына мүчө. Институтту бүткөн жылы Түркстан республикасынын Академиялык борборунда (илим комиссиясы) Кыргыз областтык бөлүмүнүн секретары, 1925-жылдын башында председатели».

Бул маалыматтарга караганда, К.Тыныстанов мусулманча да, орусча да окуп, ошол кездеги эң алдыңкы билимдүү адамдардын бири катары өзүнүн чыгармачылык ишин баштагандыгын, жыйырманчы жылдардын биринчи жарымында Ташкенде болуп, окуп иштеп, чыгармачыл чөйрөдө, адабий, саясий турмуштун чордонунда жүргөндүгүн көрөбүз. Дал мына ушул учурда Магжандын да Ташкент шаарында болгондугу жөнүндө мына бул маалыматтарды окуйбуз: « ... Ал үшинши өлеңдер жыйнагы 1923-жылы Ташкентте Султанбек Кожановтың көмеги аркасында жарык көреди.

1922-жылы Магжан Ташкентке келди. Бул–Магжанның акын ретиндеги өң өнимди жылдары еди. Атакты «Батыр баян» дастаны осы калада дүниеге келеди. Түркстан мен Сыр циклдери жазылды. Акан сери, Базар жырау жане Абубакир Диваев туралы макалалары жарыкка шыкты. «Шолпан», «Сана» журналдары мен «Ак жол» газетиниң жумасына белсене араласты. Казак-кыргыз билим комиссиясының мүшеси ретинде кыруар жумыс истеди» (Жумабаев.Б. Шыгармалары. Алматы: Жазушы, 1989,-397- бетте)

Кыскасы, Магжан менен Касымдын «Шолпан», «Сана»

журналдарында, «Ак жол» гезитинде, билим комиссиясында бирге иштешип, бири-бирин жакшы билишкендиги жогорку фактылардан ачык көрүнүп турат. Ал эми Магжан ал учурда үч ырлар жыйнагын чыгарып, Касымга караганда бардык жагынан такшалган акын болуп калган эле. Чыныгы акын болуу ыр китептерининин саны менен эмес, сапаты менен өлчөнөрүн эске алсак, бул жагынан Магжандын ошол учурда чоң акын катары таанылып калгандыгын казак адабиятын изилдөөчүлөр да бир оздон айтып отурушат. Магжан 1924-жылы Москвага Күн чыгыш басмасына ишке которулат. Мына ушундан улам 1925-жылы Москвадан чыккан Касымдын ыр китебинин жарыяланышына белгилүү деңгээлде Магжандын да көмөгү сөзсүз тийген болуу керек деген болжолубуз туура болушу толук ыктымал. Кыргыз-казак агартуу, илим-билиминин алдыңкы өкүлдөрү Касым Тыныстанов менен Магжан Жумабаевдин кызматташтык алакалары эки элдин болочок илимпоздоруна дагы боордоштук таалим-тарбия үрөөнүн сээп турмакчы.

# III-БАП. РЕПРЕССИЯЛАНГАН КЫРГЫЗ-КАЗАК ИНТЕЛЛИГЕНЦИЯСЫНЫН ӨКҮЛДӨРҮ

## 3.1. Репрессияланган кыргыз интеллигенциясы

### Жусуп Абдрахманов

**(1901-1938-ж)**



Көрүнүктүү мамлекеттик жана коомдук ишмер Жусуп Абдрахманов 1901-жылдын 28-декабрында Каракол уездинин Күңгөй-Аксуу болуштугундагы Чиркей айылында төрөлгөн. 1912-15-жылдарда Сазановка кыштагында орус-тузем мектебин окуп бүтүрөт, андан кийин Каракол шаардык жогорку-башталгыч окуу жайынан окуйт. 1916-жылы эл менен бирге Кытайга качып барып келүүгө аргасыз болот.

1918-жылдан баштап коомдук ишке аралашат. Кызыл Армияга жазылып, катардагы жоокерден эскадрондун командирлигине чейин көтөрүлөт. Адегенде 1919-жылы Верныйдагы командирлик курстан, андан кийин Ташкендеги аскердик жогорку мектептен окуйт. 1918-19-жылдарында түндүк Жети-Суу фронтунда ак казактар менен салгылашат. 1919-жылдан баштап ал партиялык-советтик курулушка киришип, Кыргыз мамлекетин түптөгөндөрдүн башында болуп, түзүлүшүнө жана калыптанышына негиз салган. 1920-жылы ВЛКСМ дын III- съездине катышып, ошол жерде В.И. Ленин (Ульянов) менен президиумда отуруп, аны менен маектешкен. 1924-жылга чейин Жети-Суу аймагында жооптуу партиялык-советтик кызматтарда иштеп турат. 1924-жылы Түркстан Компартиясынын БКсы тарабынан уюштурулган «Улуттук

оргбюронун» төрагасы болуп, Кыргыз автоном областын түзүүнү ишке ашырат. 1924-1925-жылдарда БКП (б)нын 1-секретарынын милдетин аткарып, анан 2-секретары болуп турат. 1925-жылы Москвага БКП (б) га кызматка чакырылып, борбордук аппаратта жооптуу инструктор болуп иштейт.

Ж.Абдрахманов 1927-жылдын 12-мартында 26 жашында Кыргыз АССРинин Эл комиссарлар Кеңешинин төрагасы болуп дайындалып, 1933-жылга чейин эмгектенген. Республиканын өкмөтүнүн башында турган кезинде өзгөчө тайманбас, борбордун көзүн карабаган саясат жүргүзөт. Сталинге эки жолу (1929-жылдын ноябры, 1930-жылдын апрели) жазган каттарында республиканы үч жерге (союздук борборго, РСФСРге жана СредАзбюрого) баш ийдирген туура эмес практиканы жоюп, Кыргыз АССРин союздук республикага айландыруу маселесин эки жолу кайталап коёт. Чечкиндүү позициясы менен 1932-жылы дан өз керектөөлөр үчүн да калтырылып, Кыргызстанда ачарчылык болгон эмес. Ушул эрдиги үчүн Абдрахманов кызматтан алынып, партиядан чыгарылат. Кыргызстандан куугунтукталып Самарада, Оренбургда крайлык, областтык Жер башкармалыгында иштеп туруп, 1937-жылдын апрелинде Оренбург шаарында камалып, 5-ноябрь 1938-жылы атууга өкүм кылынган. 17-апрель 1958-жылы акталган. 1991-жылдын жайында Чоң-Таштагы 137 атылган адамдын сөөгү менен кайрадан Ата-Бейит көрүстөнүнө коюлган №3.

# Абдыкадыр Орозбеков

## (1889-1938)



Кыргыздын чыгаан коомдук жана мамлекеттик ишмери Абдыкадыр Орозбеков 1889-жылы азыркы Кадамжай районундагы Охна айылында кедей үй-бүлөдө туулган. 1912-жылы Коконго келип, наабайчы болуп иштейт. 1915-жылы Анжиянга которулуп, түрк-грек наабайканасында наабайчы болуп иштеген. Бул жерде 1916-жылы жумушчуга жөнөтүлө турган жаштардын катарында бунт чыгарууга катышат. Буга байланыштуу наабайкананын ээси А. Орозбековду иштен айдап жиберет. Натыйжада Ферганага кетүүгө аргасыз болот.

Ал убактылуу өкмөткө каршы чыккан жумушчулардын Союзу тарабынан Фергана областтык солдат жана жумушчу депутаттарынын Советине, ошондой эле Маргалаң уездинин жана шаардык аткаруу комитетинин президиумуна шайланат. 1918-жылы 6-августта комунисттик партиянын катарына өтөт жана Совет бийлиги үчүн күрөшкө активдүү катыша баштайт. 1920-жылдан баштап, Чимион ревкомунун төрагасы, Үч-Коргон райткомунун төрагасынын орун басары, Мархамат райткомунун төрагасы болуп иштейт.

1924-жылы Ош округдук революциялык комитетинин жер бөлүмүнүн башчысы болуп дайындалат. 1925-жылдын мартында округдук конференцияда БКП(б) округдук комитетинин жооптуу катчысы, округдук биринчи съезде Округдук аткаруу комитетинин президиумунун мүчөсү болуп шайланат.

Кыргыз автаном облусунун 1-облустук съездинде облустук аткаруу комитетинин өкүлү жана Советтердин бүткүл россиялык съездине делегат болуп шайланат. СССРдин Борбордук Аткаруу

Комитетинин мүчөсү болуп калат. 1925-1927-жылдары Кыргыз облаткомунун төрагасы болуп иштейт. 1927-жылы Кыргыз АССРинин Борбордук Аткаруу Комитетинин төрагасы болуп шайланып, бул кызматта 1937-жылга чейин иштейт.

1937-жылдын ноябрь айында камалып, түрмөөдөгү тергөөдөн 1938-жылдын май айында кайтыш болгон. 1956-жылы акталган.

# Иманаалы Айдарбеков

## (1884-1938)



Кыргыздын чыгаан коомдук жана мамлекеттик ишмери Иманаалы Айдарбеков 1884-жылы Пишпек Уездиндеги Кунтуу болуштугунун Арчалы айылында атактуу Айдарбек Турдиндин үй-бүлөсүндө туулган. 1898-1905-ж.ж. Пишпектин айыл чарба мектебинде окуган. 1906-1910-жылдары аны аяктагандан кийин Ташкенттеги гидротехникалык мектепте окуйт.

1912-1918-жылдарында болуштун катчысы болуп иштейт. 1918-жылы мартта Пишпек уездинин Советинин съездинде Уездик-шаардык аткаруу комитетинин мүчөлүгүнө шайланган. 1921-жылы 29-октябрда Пишпек уездинин жумушчу, дыйкан жана казак депутаттарынын курултайына катышат. 1921-жылдын октябрынан 1923-жылдын мартына чейин Пишпек уездинин шаардык аткаруу комитетинин төрагасы болуп иштеген. Ошондой эле түндүк Кыргызстанда 1921-жылдары жер-суу реформасын ишке ашыруу жумуштарына жетекчилик кылган.

1924-жылдын 21-октябрында жаңыдан түзүлгөн Кара-Кыргыз Автономиялуу облусунун ревкомунун төрагасы болуп дайындалат. 1925-жылдын апрелинде РКП(б) БКнын Орто Азия бюросуна, Ташкентке жиберилет. 1929-жылдын январында республиканын башкы сотунун төрагасы болуп шайланат. Кыргыз АССРинин Эл Комиссарлар Кеңешинин (СНК) алдында СССР өнөр жайынын эл комиссарынын орун басарлык кызматында да иштеген. 1934-жылдын 26-сентябрында Орто Азиялык экономикалык Кеңештеги Кыргыз АССРинин туруктуу өкүлү болуп бекитилет.

1937-жылы 4-сентябрында күнөөсүз жерден камакка алынып, 1938-жылдын 5-ноябрында СССРдин Жогорку сотунун жана Аскер коллегиясынын өкүмү менен атууга өкүм калынган. 1958-жылы акталган. Сөөгү кийин, 1991-жылы Чон-Таштагы Ата-Бейит көрүстөнүнө көмүлгөндөгү №5.

# Төрөкул Айтматов

## (1903-1938-ж)



Көрүнүктүү партиялык жана мамлекеттик ишмер Төрөкул Айтматов 1903-жылы Олуяата уезди, Күркүрөө болушу, азыркы Кара-Буура районунун Шекер айылында туулган. 1917-жылы орус-тузем мектебин бүтүргөн.1920–21-жылдары болуштук ревкомдун, Грозный кыштагындагы кедейлер уюмунун катчысы болуп иштеген. 1924-жылы Москвадагы Чыгыш эмгекчилеринин коммунисттик университетин бүтүргөн.

1924–29 жылдары партиянын Кыргыз обкомунун агитация жана пропаганда бөлүмүнүн башчысынын орун басары жана башчысы, Нарын округдук комитетинин, Жалал-Абад кантондук комитетинин катчысы. 1929–31 жылдары Кыргыз АССРинин өнөр жай, соода Эл комиссары жана Эл чарбасынын борбордук кеңешинин төрагасы.1931–33 жылдары Араван-Буура райкомунун 1-катчысы. 1934–35 жылдары ВКП (б) Кыргыз обкомунун 2-катчысы болуп иштеген.1935–37 жылдары Москвадагы Кызыл профессура институтунда окуган.

1937-жылы 1-декабрда Москва шаарындагы Воровский көчөсүндөгү №25 үйдөн камакка алынып, 1938-жылы 5-ноябрында атылган. Төрөкул Айтматов 1957-жылы акталган.Сөөгү 1991-жылы Чоңташ айылындагы Ата-Бейит көрүстөнүнө кайрадан коюлган №6.

# Осмонкул Алиев
## (1903-1938 )



Көрүнүктүү агартуучу, кыргыз басма сөзүнө негиз салуучулардын бири-Осмонкул Алиев 1903-жылы Калинин районундагы Чолок-Арык айылында туулган. 1913-1916-жылдары орус-тузем мектебинен окуп билим алат. 1917-1919 жылдары Сыр-Дарыя облусунун Ауле-Ата шаарындагы реалдуу окуу жайынан окуйт. 1919-жылдын январь айында Ташкент шаарындагы Казак-кыргызАгартуу институтуна кирет. Ошол жерден Ташкент шаардык комсомол уюмунун ишине активдүү катыша баштайт. 1924-жылы институтту бүтүрүп, Сыр-Дарыя обком комсомолунун бөлүм башчысы болуп дайындалат. 1924-жылдын май айынан сентябрь айына чейин Сыр-Дарыя областында уездик элге билим берүү бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. 1924-жылдын октябрь айынан 1925-жылдын январына чейин Ташкент шаарында чыккан кыргыз элинин туңгуч гезити «Эркин –Тоонун» биринчи редактору болгон. 1925-1926-жылдары Пишпек шаарында ВЛКСМдин Кыргыз автономиялуу областынын жооптуу катчысы. Ошол эле жылы Кыргыз Автономиялуу областынын элге билим берүү бөлүмүнүн башчысы кызматын аркалап жатып, БКП Кыргыз обкомунун бөлүм башчылыгына дайындалат. 1926-1927-жылы Москва шаарындагы Бүткүл союздук Борбордук Аткаруу комитетинин алдындагы кыргыз өкүлчүлүгүнүн өкүлү. 1927-1930-жылдары Москвадагы Свердлов атындагы Коммунисттик Университетинде окуйт. 1930-жылдын август айында Кыргыз АССРинин Агартуу Эл комиссарлыгына шайланат.

1932-1933-жылдары БКП(б) Кыргыз обкомунун транспорт жана тейлөө иштери боюнча жооптуу катчысы. 1933-жылдын март айында Ташкентке чакырылып, БКП(б) БК Орто Азия бюросунун айыл чарба бөлүмүнүн башчысынын орун басары, 1934-жылы Кыргызстанга

келип, Жерге жайгаштыруу Комиссарлыгынын саясый секторунун башчысынын орун басары, 1935-1937-жылдары БКП Ош райкомунун биринчи секретары болуп иштеген.

1937-жылдын январь айында Кыргыз ССРинин Эл агартуу комиссарлыгына шайланат. 1937-жылдын августунда Кыргыз ССР НКВДсы тарабынан Осмонкул Алиев Фрунзенин түрмөсүнө камалып, 1938-жылдын 5-ноябрында өлүм жазасына өкүм чыгарышкан. 1957-жылдын 9-августунда СССР Жогорку Сотунун аскер коллегиясы аныктамасы менен акталган. 1991-жылдын жайында Чоң-Таштагы 137 атылган адамдын сөөгү менен кайрадан Ата-Бейит көрүстөнүнө коюлган Осмонкул Алиевдин номуру 11.

# Эшенаалы Арабаев

## (1882-1933)



20-кылымдын башындагы туңгуч кыргыз илимпоз Арабаев Ишеналы, турасы Эшенаалы 1882-жылы Кочкор болуштугу, Күн батыш айылында туулган. 1900-жылы Орус - жергиликтүү мектебин бүткөн. 1900-10 жылдары Кыргыз айылдарында мугалим (молдо) болуп иштеген.1910-13 жылдары Оренбург шаарындагы «Медресе Кусейинниядан» бир жыл окуп, анан Уфадагы жогорку диний мектеп - «Медресе Галиядан» окуп билим алган.1911-жылы Молдо Кылыч Шамыркановдун «Кысса зилзаласына» - кыргыз тилиндеги эң биринчи китепке өзү алгы сөз жазып, Казан шаарынан чыгарган. Кыргыз, казак балдарына арнап «Алиппе жаки тото окууаталыштагы туңгуч окуу китебин К. Сарсекеев экоо жазып, Уфадагы «Шарк» басмасынан бастырган.1912-жылы «Жазуу орнектери» (таза жазуунун үлгүлөрү) аталыштагы китепти Оренбургдан чыгарган.

Ошол эле жылы «Оренбургдан Ташкенге келе эскерүү» аттуу жол очерки «Айкан» журналынын 1-санына басылган.Уфадан келгенден кийин Ысык Көл, Нарын аймактарында бала окутуп, мектептерди ачкан. Ал Боогачынын «Секет байын» жана фольклордук материалдарды жыйнаган.1918-22 жылдыры Жети Өгүз ревкомунун мүчөсү, облустун «Кошчу» бирлигинин төрагасына орун басар, Орусия Кеңештеринин 9-съездине делегат болгон. Жети Өгүздө 1-мугалимдер курсун уюштурган, Алматыда жооптуу кызматта иштеген.1922-24 жылдары Түркстан Эл комиссарлар Кеңешинде (Ташкент) иштеп, анын ил. комиссиясын жетектеген. Арабаев жетектеген ил. комиссия кыргыз тилинин алфавитин түзгөн, башталгыч класстардын окуучулары үчүн алиппени, окуу жана усулдук куралдарды, мугалимдер үчүн усулдук сунуштарды даярдашкан, кыргыз терминологиясынын маселелерин изилдешкен ж.б.

1922-жылы Сагымбай Орозбак уулунан «Манас» эпосунун жазууну уюштурган.1924-жылы Теке айында Оренбургда өткөн казак-кыргыз илимпоздордун 1-съездине «катышып, баяндама жасаган.1924-жылы Кыргыз АОсу түзүлгөндө ал облустук ревкомдун мүчөсү, илим комиссиясынын төрагасы, «Эркин-Тоо» гезитинин редколлегия мүчөсү болгон. 1924-жылы араб графикасынын негизинде туңгуч кыргыз алфавитин түзүп, »Кыргыз алиппесин» жазган. Грамматика жана табият таануу боюнча 1-кыргызча окуу китебин түзгөн.

1925-жылы «Сабатсыз чоңдор учун алып-бээни» түзгөн. Окуу китептерин, колдонмолорду жазган жана көп китептерди которгон. Арабаев бүт республиканы кыдырып, жаштарды окууга, билим алууга чакырган. 1926-жылы Бакуда өткөн 1-түркологиялык съездге катышкан. Арабаев 1933-жылы улутчул деп камакка алынып, ошол эле жылы Ташкенттин түрмөсүндө каза болгон. 1958-жылы толугу менен акталган.

# Ташым Байжиев

## (1909–1952)



Адабиятчы, сынчы, драматург Ташым Байжиев 1909-жылы Жети-Суу уездинин Теңизбай айылында туулган. 1925-жылы Фрунзеге келип педтехникумга кирип, аны 1930-жылы бүтүрүп чыгат. 1930–1931-жж. Гүлчөдөгү балдар үйүнүн директору, Жалал-Абаддагы педтехникумдун окуу бөлүмүндө башчы болуп иштеп, тил жана адабияттан, тарыхтан сабак берет. 1940-жылы Фрунзедеги пединституттун орус тил жана адабият факультетин бүтүрүп чыгып, тарых жана адабият институтунун «Манас» бөлүмүн башкарат. 1942-жылы өз ыктыяры менен согушка кетип, 1944-жылы жарадар болуп тылга кайтат. 1944–1949-жж. Т.Байжиев Кыргыз илимдер академиясынын алдындагы «Манас» секторунун башчысы, 1949–1950-жж. Кыргыз мамлекеттик пединститутунда мугалим болуп иштейт. Т.Байжиевдин 1927–1928-жж. «Кызыл Кыргызстан» гезитинде «Чабуул», «Маданият жолунда» журналында Ташымдын «Сен кимсиң?», «Досум», «Кытмыр өлдү», «Күрөө», «Тер-Суудa», «Суу боюнда» ж. б. чакан повесть, аңгемелери чыгат. 1927-жылы ал «Кызыл Кыргызстан» гезитинин алдында курулган «Кызыл учкун» адабий уюмунун алгачкы мүчөлөрүнүн бири болуп, кийин Кыргыз Жазуучулар союзу уюштурулганда М.Элебаев, Ж.Жамгырчиев, Ж.Бөкөнбаев, К.Жантөшев, С.Сасыкбаев ж. б. менен бирге СССР Жазуучулар союзунун мүчөсү болот.

1930–1940-жж. Т.Байжиев өзүнүн чыгармачылыгын сынга, адабият таануу жана тил илимине жумшайт. Адабиятчы Зияш Бектенов менен бирдикте Кыргыз грамматикасы жана адабияты боюнча биринчи окуу китептеринин автору болот. Т.Байжиев театр ишине да бир топ эмгек сиңирген. 1944-жылы анын Улуу Ата Мекендик согуш жөнүндө жазган «Жигиттер» аттуу пьесасы «Советтик Кыргызстан» журналына

басылып чыккан. Кыргыз драма театрында анын котормосу боюнча А.Треневдин «Любовь Яроваясы», А.Островскийдин «Сепсиз кызы» коюлган. Т.Байжиев И.Тургеневдин, Л.Толстойдун, Д.Фурмановдун, А.Фадеевдин ж.б. чыгармаларын кыргыз тилине которгон. 1936-жылы СССР Жазуучулар союзуна мүчө болгон. 1950-жылы Т. Байжиев айыпсыз куугунтукка алынып репрессияланган жана 10 жылга эркинен ажыратылган. 1952-жылы 17-февралда Караганда лагеринде каза болгон. 1955-жылы толугу менен күнөөсү акталган.

# Базаркул Данияров
## (1897-1942)



Көрүнүктүү агартуучу Базаркул Данияров 1897-жылы 20-октябрда Чүй облусунун Кемин районуна караштуу Чоң-Кемин өрөөнүнүн Чоң-Кайыңды айылында туулган Токмоктогу орус-татар жергиликтүү мектебинде окуп, окуусун 1915-жылы Верный гимназиясынан улантккан. Кытайдын Ак-Суу, Үч-Турфан багыттарына үркүп барып келгенден кийин, билимин улантуу максатында, Казак агартуу институтунун (Казинпрос) тогуз айлык мугалимдик курсуна кирип, 1919-жылы бүтүрүп, күбөлүк алат. Түркстан округунун областтык эл агартуу бөлүмү 1924-жылы июнь айында Базаркулду Ош, Жалал-Абад аймагына жиберген. Жалал-Абадга келип, сексен кишилик кыргыздар үчүн мугалимдерди даярдоо курсуна башчылык кылып, эне тилин окуткан.

1925-жылы 1-июнда Ош областтык агартуу бөлүмүнүн башчылыгына дайындалат. Базаркул Данияров 1925-жылы августта Кыргыз Эл Агартуу Комиссариятынын атайын чакырыгы менен Оштон Пишпекке которулуп, окуу бөлүмүнүн башчылык кызматына дайындалат. Ал кызматта 1929-жылга чейин иштеп, андан кийин 1931-жылга чейин ошол эле окуу жайдын директору болуп иштеген. П.К.Юдахин менен Б.Данияров бул окуу жайды 1928-1929 окуу жылында Кыргыз педагогикалык техникумуна айлантышкан. 1929-жылга чейин окуу бөлүмүнүн башчысы, 1929-жылдан 1931-жылга чейин директору болуп иштеген. 1931-жылдан 1934-жылга чейин Эл агартуу комиссариатында окуу методикалык сектордун башчысы болгон.

1932-33-жылдары Ташкен шаарындагы Коммунисттик академиянын алдындагы кызыл профессорлорду даярдоочу институтта окуган. 1933-жылдан 1935-жылга чейин Эл агартуу комиссариатынын кызматкери, баштапкы партиялык уюмдун катчысы, Эл агартуу

комиссарынын милдетин аткаруучу болуп иштеген.

1935-жылы жалган жалаа менен партиянын катарынан чыгарылып, Оштогу пахта талаачылык техникумуна мугалимдикке жиберилген. 1937-жылы камакка алынып 10 жылга түрмөгө кесилген. 1942-жылы декабрь айында Свердлов облусундагы Идваль селосундагы «Н» саясый күнөкөрлөр лагеринде дүйнөдөн кайткан. 1959-жылы күнөөсү толугу менен акталып, 1990-жылы партиялуулугу калыбына келтирилген.

# Дүйшөналы Жабинов

## (1900-1938 )



1900-жылдын март айында азыркы Жумгал районундагы Куйручук айыл округунун аймагында туулган. Билим башатын өтө жашынан (төрт) арабча окуганды билген, диний жактан сабаттуу өз атасынан алган. Анын уландысын Пишпек калаасындагы татар мектебинен 1912-1916-жылдары улантып жүргөнүндө 1916-жылдагы улуттук көтөрүлүштө Кытай жергесине качып, ал жактан кайтып келгенден кийин1918-1922-жылдары Пишпектеги айыл чарба окуу жайынан окуган. Эмгек ишмердүүлүгүн 1923-жылдын январь айынан Пишпек уездинин алтынчы аймактык эл сотунун катчысы болуу менен баштап, аны «Степь» жолдошчулук кооперативинин инструктору, угорисполкомдун жалпы бөлүмүнүн, экономика жана укук бөлүмүнүн башчысы кызматында, андан соң Ташкент шаарында Түркстан крайлык айыл чарба кредиттик союзуна инструктор 1924-1925-жылдары болуп иштөө менен улаган. 1925-жылдын февралында Пишпекке чакырылып, БКП (б)нын кыргыз обкомунун эсеп бөлүмүндө ага статист кызматында эмгектенет. 1925-жылдын июнь айында БКП (б)нын сунушу боюнча Кооперативдердин Борбордук жумушчу комитеттеринин башкармалыгынын төрагалык кызматына шайланат.

Нарын кантонунун элге билим берүү бөлүмүнүн башчылыгында иштеп, 1929-жылдын 27-январында Токмок райаткомдун төрагалыгына шайланат да, ошол 1-сессияда советтердин республикалык 2-курултайына чечүүчү добуш менен делегат болуп шайланат.

Д.Жабинов 1930-жылы Москвадагы пландоо-экономикалык институтуна окууга жиберилет. Анда 1934-жылга чейин окуп, Кыргызстанга кайтып келип, билим, илим жаатына өткөн. Бишкектеги коммунисттердин жогорку айыл чарба мектебинде доцент, парткомунун катчысы,

андан соң 1936-1937-жылдары 1932-жылы негизделген республикабыздагы эң алгачкы, ал кездеги бирден бир жогорку окуу жайы болгон - Кыргыз педагогикалык институтунун (азыркы Кыргыз Улуттук университети) жетекчилигинде эмгектенет. Ал жерден 1937-жылдын 22-февралында баштапкы партиялык уюмдан «контрреволюциячыл улутчул уюм - социал-туран партиясынын (СТП) мүчөсү болгон деген күнөөлөр коюлуп, партиядан чыгарууга чечим чыгарылат. Андан соң убактылуу республиканын Мампланынын төрагасынын орун басары - айыл чарба бөлүмүнүн башчылыгына дайындалат. Ал жерден 1937-жылдын 10-августунда камакка алынат да, контрреволюциячыл топтун активдүү уюштуруучуларынан делген күнөө коюлуп, үй мүлкү конфискацияланую менен атууга өкүмдөлөт.

Кыргыз ССРинин Жогорку сотунун кылмыш иштер боюнча коллегиясынын 1956-жылдын 18-сентябрындагы аныктамасы менен акталат. Партиялуулугу Кыргызстан КП БКнын 1959-жылдын 16-сентябрындагы токтому менен калыбына келтирилген.

# Алымкул Жумагулов
## (1893-1938)



Коомдук-мамлекеттик ишмер Алымкул Жумагулов 1893-жылы Талас өрөөнү, Көк-Арык айылында туулган.. Балалык чагы азыркы Панфилов районунун Кум-Арык айылында өткөн. Чалдовар айылындагы орус-тузем мектебин, Мирзоян(мурдагы Олуя-Ата, Тараз) шаарындагы үч жылдык мугалимдер курсун бүткөн. Эмгек жолун 1914-ж. Олуя-Ата уездиндеги келгин дыйкандарды жерге жайгаштыруу башкармалыгында кызмат өтөө менен башталган. 1915-1918-жылдары Олуя-Ата уездинин начальнигинин тилмечи болуп иштеген . 1918-1919-жылдары Солчул эселер партиясынын, 1920-жылдан ВКП(б)нын мүчөсү.

1919-жылы Советтердин Бүткүл россиялык съездине делегат катары катышкан.1920-жылдары Пишпекте түзүлгөн уездик жер комитетин жана жер боюнча өзгөчө комиссиясын жетектеген. Кыргызстанда жер-суу реформасын ишке ашырууда жана Кара-Кыргыз автономиялуу областынын чек араларын тактоодо чоң эмгек сиңирген.1925-1926-жылдары Кыргыз АССРинин жер боюнча башкармалыгынын төрагасы болгон.1926-1937-жж. Жалал-Абад жана Талас чөлкөмдөрүндө ар түрдүү чарбалык кызматтарда эмгектенген. 1937-ж. жазыксыз камакка алынып, 1938-жылы кыргыздын чыгаан уулдарынын бири атылып кеткен. 1958-ж. акталаган. Талас районундагы Көк-Ой айылындагы орто мектепке ысымы ыйгарылган.

# Данаке Иманов

## (1898-1938)



Кыргыз элинин дагы бир көрүнүктүү агартуучуларынын бири-Данаке Иманов 1898-жылы Каракол уездиндеги Жети-Өгүз айылында кедей-кембегалдын үй-бүлөсүндө туулган. Караколдогу (мурдагы Пржевальск шаары) орус-тузем мектебине кирип, ушул жерден орус тилин үйрөнгөн. 1916-жылдагы улуу үркүндө он сегиз жаштагы Данаке да Кытайга үркүп барып келген.

Данаке Иманов 1919-жылы январда Большевиктер партиясынын катарына кабыл алынып, Караколдо үгүт-насаатчыларды даярдоо боюнча атайын курста окуду, биринчилерден болуп Кызыл Армиянын катарына кошулуп, көп өтпөй эле түндүк Жети-Суу фронтунун 3-Чыгыш полкунун өзгөчө эскадронунун саясый жетекчиси болуп дайындалат. Ташкент шаарындагы рабфакка окууга жиберилет. 1922-жылы Түркестан Советинин крайлык II съездине делегат болуп шайланат, андан соң Кокон шаарында «Кошчу» Союзунун төрагасынын орун басары, Ош шаарында «Кошчу» Союзунун төрагасы, Пишпекте «Кошчу» Союзунун обкомунун төрагасы болуп иштеген.

1925-жылдын күзүндө Москвадагы коммунисттик университетке кабыл алынат. Бир жылдан соң Кыргыз АССРинин саясый-агартуу башкармасынын жана областтык эл агартуу бөлүмүнүн төрагалыгына дайындалат.

1927-жылы Данаке Иманов жаңы алфавитти түзүү боюнча комиссиянын курамына ирип, кыргыз жазуусун араб тамгасынан латын тамгасына өткөрүү боюнча уюштуруу ишине активдүү катышат.

Жети-Өгүздө стандарттуу мектеп салдыруу ишиндеги элдик демилгенин башкы уюштуруучусу жана шыктандыруучусу Иманов Данаке болгон. Анын түздөн-түз жетекчилиги астында курулган мектеп 1925-

1926-окуу жылында жаштар мектебине кийинчерээк колхоз жаштар мектебине (ШКМ) айланат.

1937-жылы 16-августа Кыргыз ССР НКВДсынын үчилтиги тарабынан Фрунзе шаарындагы түрмөгө камалат. 10-февраль 1938-жылдагы №3 протоколу боюнча 1922-жылы Алаш-Ордо уюмуна мүчө болуп, анын идеясын колдогондугу жана шпиондук маалыматтарды берип терс иштерди жүргүзгөндүгү Данеке Имановдун үй-мүлкүн конфискациялоо менен атууга буйрук кылынсын деген өкүм чыгат. 7-август 1956-жылдагы Түркестан аскер округунун Аскер трибуналынын аныктамасы боюнча Кыргыз ССР НКВДсынын үчилтигинин 10-февраль 1938-жылдагы Данаке Имановго карата чыгарылган өкүмү кылмыш ишинин жоктугуна байланыштуу токтотулган.

# Баялы Исакеев

## (1897-1938 )



Көрүнүктүү партиялык жана мамлекеттик ишмер Баялы Исакеев 1897-жылы Кочкор районундагы Үкөк айылында төрөлгөн. Нарын шаарындагы орус-тузем мектебинде билим алып, ал жерден сабатсыздыгын жойгон. Баялы 19 жашка келгенде үркүн башталып, өз эли менен бирге Кытайга качкан. 1920-жылы партиянын катарына кирип, кат сабаты жоюлган адис катары партиялык кызматтарга ишке алынган. Саясий ишмердиги 1920-жылы Кочкор волостунун аткаруу комитетин башкаруу менен башталган. 1922-жылы Нарын уезддик партиялык комитетинин төрагасы болуп дайындалган. 1923-жылы Орто Азиядагы келечектеги коммунисттерди тарбиялап чыгаруучу Ташкенттеги Коммунисттик университеттен окуйт. 1925-жылы Москвадагы партиянын алдындагы тогуз айлык курска жөнөтүлөт. Окуусун аяктаган соң Кыргызстанга келип, ошол кездеги мамлекеттик кыргыз тилиндеги Эркин-Тоо гезитинде башкы редакторлук кызматка дайындалган.

Кайрадан партиялык кызматка өтүп, Киробкомдун (Кыргыз областык комитети) агитпропаганда боюнча бөлүмүнүн башчысы кызматына келген. Ошол кездеги үгүт-насаат бөлүмүнүн алдында турган эң чоң тапшырма: кыргыздардын маданий деңгээлин көтөрүү, сабатсыздыкты жоюу, кедей-кембагалдарды жумушка тартуу болгон. Андан тышкары айылдарды куруу, деңгээлин жогорулатуу жана коллективдештирүүнү ишке ашыруу маселеси коюлган. 1929-жылы анын айылдан чыккан адис экендиги эске алынып, жер иштетүү боюнча эл комиссары (министри) болуп дайындалат. Талбас эмгегинин натыйжасында Баялы республикадагы партиянын экинчи адамына чейинки орунга көтөрүлөт. 1933-жылы Борбордук комитеттин чечими менен Жусуп Абдрахманов Эл комиссарлар советинин төрагалык

кызматынан бошоп, анын ордуна Баялы Исакеев келген. Союздук, тең укуктуу мамлекет болуу бактысы 1936-жылга туш келген жана СССРдин курамындагы Кыргыз ССРинин эл комиссарлар советинин төрагалык кызматы Баялы Исакеевге тапшырылган.

Ал бийликте турса дагы партиялык кызматтагы кетип жаткан чекиликтерди ачык айта билген адам болгон. Бирок, анын партия үчүн, эл үчүн жасаган аракеттеринин баары бир аз убакыттан соң «улутчул» деп бааланган. Буга 1937-жылы август-сентябрь айында Правда гезитине жазылган «Буржуазиялык улутчулдар» жөнүндөгү макала негиз болуп берген. 1937-жылы камакка алынып, 1938-жылы 41 жашында атууга кеткен. Сөөгү 1991-жылы Ата-Бейит көрүстөнүнө коюлгандагы №44.

# Байсерке Калпаков

## (1882-1937)



Кыргыз элинин агартуучу-адабиятчысы Байсерке Калпаков 1882-жылы азыркы Ысык-Көл облусунун Тоң районундагы Темир-Канат айлында төрөлгөн. 1910-11-жылдарда медреседен окуп, сабатсыздыгын жоюп, кат таанып андан кийин өзү медресеге мугалим болот. Октябр революциясынан кийин Көңдөй айлындагы Сасык дегендин тамына мектеп ачат. Бул мектепте 1920-жылга чейин мугалим болуп иштейт. 1920-жылы Алма-Ата шаарындагы Казак-кыргыз агартуу институтунан билимин жогорулатат. 1921-жылдын 16-июнунан баштап Каракол Уездик-шаардык (уездно-городской) партия комитети тарабынан Жети-Өгүз волостук шайлоо аймагына төрага болуп дайындалат. Ошол эле мезгилде 1921-25-жылдары ал Тоң, Улахол, Семиз-Бел болуштарына ополномочун болуп да коомдук иштерди аткарат. Тоң районунун «Кара-Суу», «Көңдөй» аттуу мектептеринде мугалим болуп 1925-жылга чейин иштейт. 1925-27-жылдарда «Эркин-Тоо» газетасында иштеген.

Б.Калпаков 1928-жылдан 1935-жылга чейин Тоң районундагы «Жалчы» ШХМсында, «Күн-Батыш» мектебинде мугалим болуп иштейт. 1937-жылы чыгармачылыгы гүлдөп турган мезгилде «Талап» аттуу адабий кружокко мүчө болгондугу үчүн деген күнөө коюлуп камакка алынат. «Бул кружок «адабият сүйүүчүлөрдүн ийрими» деген чүмбөттүн астында контрреволюциялык иштерди жүргүзгөн» -деген аныктама чыгарышкан. Чындыгында «Талап» аттуу адабий ийрим 1922-жылы уюшулган. Бул негизинен Ысык-Көл аймагында жашаган адабиятка дилгир жаштардын уюму болгон. Анын демилгечилери К.Тыныстанов, И.Арабаев, Т.Жолдошев, С.Чоңбашев, Б.Калпаков, О.Лепесов болушкан. Ага мүчөлүккө каалоочулардын

бардыгы катышкан. Мисалы, анын жигердүү мүчөлөрүнүн арасында И.Текеев, А.Молдогазиев, Т.Бокчинов, М.Үсөнов, Т.Сулпиев сыяктуу адабиятка кызыккан адамдар болгон.

1937-жылдын 10-августунда камакка алынып, он жылга концлагерге камалсын деген өкүм чыккан. 1957-жылы 31-июлда Байсерке Калпаков күнөөсүнүн жоктугуна байланыштуу акталган.

# Нуркул Кулназаров
## (1898-1938)



Нуркул Кулназаров Нарын уездинин Ак-Талаа аймагынын Кичи Кадыраалы өрөөнүндө 1898-жылы туулган. Ал 16 жашка чыкканча, башкача айтканда 1914-жылга чейин айылдык мектептен 4-5 жыл окуп сабатсыздыгын жойгон. Нуркул Кулназаров 1919-жылдан баштап Кеңеш өкмөтүнүн ишине аралашат. Кадыраалы айылындагы жергиликтүү мектепке мугалимдикке дайындалат.

Жаңы бийликтин таасиринен улам 1920-жылы май айында Ташкент шаарындагы үч айлык мугалимдерди даярдоочу курстан окуп келген соң, Нарын уездик элге билим берүү бөлүмүндө инструктор болуп ишмердүүлүгүн улантат. 1923-жылдын июнь айынан сентябрь айына чейин Нарын угоркомунун агитация бөлүмүнүн башчысы. Ал эми 1923-жылдын сентябрынан 1924-жылдын март айына чейин Нарын волостунун Волостук аткаруу Комитетинин төрагасы, Нарын угоркомунун Кошчу Союзунун төрөгасы кызматында иштейт.


1925-жылы борборго облустук Кошчу союзунун төрагасынын орун басары, 1926-1928-жылдары төрагасы. 1927-1928-жылдары Кыргыз АССРинин Кошчу союзунун Борбордук Комитетинин төрагасы кызматтарында иштеп туруп өзгөчө мамлекеттик маанидеги олуттуу комиссиялардын курамында болуп, алардын ишин алга жылдырууга чоң өбөлгөлөрдү түзгөн. Ташкенттеги Орто Азия Коммунисттер Университетинен (САКУ) 1928-1929-жылдары окуп, билимин жогорулатып келет. Ташкенттен окуп келген соң 1929-1931-жылдары Кыргыз АССРинин өз ара жардамдашуу Борбордук Комитетинин төрагасы

1929-жылдын 19-декабрында Жарды-Жалчылар уюмунун Талас канткомунун уполномоченныйы, ал эми 1931-жылдын 25-февралында Автономиялуу республиканын салык комиссиясынын мүчөсү,

1931-1932-жылдары Ат-Башы райондук колхоздор союзунун төрагасы, андан соң Атбашы райкомунун төрагасынын орун басары, 1934-жылы Балыкчы райкомунун төрагасы, 1935-жылдан Фрунзе коммуналдык чарба мекемесинде гидротехник болуп 1937-жылга чейин иштеген. Ошол 1937-жылдын август айында камалып, 1938-жылы ноябрда атууга өкүм кылынган. Сөөгү 1991-жылы Ата-Бейит көрүстөнүнө коюлгандагы №58.

# Сатыбалды Нааматов

## (1905-1938)



Кыргыздын чыгаан агартуучу окумуштуусу жана педагогу Сатыбалды Нааматов 1905-жылы Ат-Башы өрөөнүндөгү Балагазы (азыркы Жаңы-Күч) айлында туулган. 1928-жылы Алматыдагы Казак-кыргыз эл агартуу институтун методолог-педагог адистиги боюнча бүтүрүп келген. 1928-33-жылдары Кырмамбаста редактор, педтехникумда муталим болуп иштеген. 1933-35-жылдары Эл агартуу Комиссариатында жетектөөчү адис-методист болуп эмгектенген. 1935-37-жылдары пединститутта лекция окуган.

Сатыбалды Нааматов 1928-жылдан 1935-жылга чейин болгону 7 жылдын ичинде, төмөндө тизмеде көрсөтүлгөндөй эмгектерди жаратканын кантип тануута болот. Мындай эмгекти жаратуу ал кездегидей кыйын шартта эмес, бүгүнкү күндө да ар бир адамдын колунан келе берчү иш эмес. Анын «Тунгуч» (1929, А. Шабданов менен бирдикте), «Сабатсыздык жоюлсун» (1- бөлүм, 1929-жылы, 2-бөлүм, 1930-жылы), «Кичинекей колхозчу» (1931-жылы балдар алиппеси), «Окуу китеби» (1-б., 1933-жылы, 2-б., 1934) жана башка окуу китептери жарык көргөн. Айрымдары бир нече жолу кайра басылган. «Тилибиздин методикасынан» (1932-жылы), «Анык политехникелешкен мектеп үчүн күрөшүү» (1932- жылы), жана башка окуу-усулдук китептерди да жазган. Ошол мезгилде элдин сабатсыздыгын жоюу, алиппени окутуу усулу боюнча көп эмгектенген. «Жөжөлөр. Молдо Сасык» (1928-жылы), «Тынымкан» (1930-жылы) жана башка аңгемелер жыйнактары да чыккан. Бардыгы 35 дей китептин автору болгон. Ыр, поэма да жазган. Лакап аты «Эпкин» болгон.

1937-жылы 26-сентябрда камакка алынып, 1938-жылы 14-февралда ак жеринен атылып кеткен. 1957-жылы 26-февралда Кыргыз ССР Жогорку Соту тарабынан иши кайра каралып, күнөөсү жок болгондуктан акталган.

# Жайнак Саадаев

## (1893-1938)



Көрүнүктү партиялык жана мамлекеттик ишмер Жайнак Саадаев 1893-жылы Чүй өрөөнүндөгү Бурана айылында төрөлгөн. Орус тилин үйрөнүп, өз алдынча сабатын жойгон. 1916-жылдагы дүйнөлүк империалисттик согуш мезгилинде Россия падышачылыгынын армиясына тыл жумуштарына тартылып, көп өтпөй 2чи аткычтар дивизиясынын курамында Австрия фронтуна жөнөтүлгөн.

1917-жылдын октябрь айында Улуу Октябрь революциясынын таңы аткан мезгилде Жайнак Саадаев Австрия фронтунан демобилизацияланып дароо эле өз ыктыяры менен Украинанын Бердичево шаарынын Кызыл Гвардиясына өтүп, 1918-жылы 13-июнда Большевиктер партиясынын мүчөлүгүнө кабыл алынат. 1919-жылы ал Токмок волостунун милициясынын начальнигинин орун басары болуп дайындалат. 1920-1921-жылдары ал Токмок волостунун Мамлекеттик Саясий башкармалыгынын (ГПУнун) башчысынын жардамчысы болуп дайындалат. Ал эми 1921-1922-жылдары партиянын Токмок райкомунун жооптуу катчысы болуп иштеген.

1923-жылы 15-мартта эл депутаттарынын Пишпек уездинин Советтеринин экинчи курултайында Пишпек уисполкомунун төрагалыгына шайланган. 1924-1925-жылдары партиянын Пишпек угоркомунун жооптуу катчысы болуп иштейт. 1928-жылы Москвадагы марксизм-ленинизмдин эки жылдык курсуна окуп келип, Кыргыз областык Контролдоо комиссиясынын төрагасы болуу менен бирге Жумушчу-дыйкан Инспекциясынын Наркомунун милдетин аткарган. 1933-жылы Жайнак Саадаев республикабыздагы бир топ жетекчилердин арасынан алгачкы

партиялык жаза алып, Ташкентке жиберилип, Орто Азия боюнча Борбордук кантролдоо комиссиясынын инструктору, 1934-жылы партиянын Кара-Балта райкомунун биринчи катчысы. 1935-жылдын 17-ноябрында «буржуазиялык-улутчул» катары коммунисттик партиянын мүчөлүгүнөн чыгарышат. 1937-жылдын 10-августунда Кыргыз ССРинин НКВДсы тарабынан Өзгөн райондук соода бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп жаткан Жайнак Саадаевди контрреволюциялык улутчул «Алаш ордо» уюмунун мүчөсү деген күнөө менен камакка алышат. 1938-жылдын 21-февралында атууга өкүм чыгып, өкүм 1938-жылдын 1-мартында саат үчтө аткарылат. 1956-жылды акталган.

# Абдыкерим Сыдыков

## (1889-1938)



Кыргыздын чыгаан коомдук жана мамлекеттик ишмери, окумуштуу, тарыхчы Абдыкерим Сыдыков 1889-жылы Кыргызстандын азыркы Чүй областына караштуу Аламүдүн районундагы Баш-Кара-Суу айылында солто уруусунан ири манаптын үй бүлөсүндө туулган. Алгач мусулман мектебинде окуп, ал жерден арабча кат тааныган. 1904-1911-жж Верный шаарындагы (азыркы Алмата) гимназияда билим алган. Ал жактан келгенден кийин 1913-1916- жылдары Нарын жана Каракол уездерине мектеп ачкан жана ал мектептерде өзү мугалим болуп иштеген. Ушул эле жылдары ал Пишпек уездик башкармалыгында катчы жана тилмеч болуп иштеген.

Абдыкерим Сыдыков 1922 - жылы март айында Тоолуу кыргыз областын түзүү боюнча маселе көтөрүп чыккан. Себеби 1920-жылы 25 августта Кыргыз (Казак) АССРин түзүү боюнча декрет кабыл алынып, Түркстан АССРинин курамындагы Жети-Суу жана Сыр-Дарыя областары Казак АССРине кошулуп калган. Башкача айтканда кыргыз эли Казак АССРинин курамына кирип калган. Иш жүзүндө кыргыз элинин өз алдынчалыгы жоголгон. 1922-жылы 25-мартта Түркстан Республикасынын курамында Тоолуу Кыргыз областын түзүү жөнүндө чечим чыгарылган.

1922-1924-жылдары үч жолу партиядан чыгарылып, кайра калыбына келтирилген. 1924-жылы Октябрь айында Кара-Кыргыз автономиялуу областы түзүлүп, А.Сыдыков баш болгон бир топ адамдар мамлекеттик жетекчилик кызматтарга атайын киргизилбей калган. Абдыкерим Сыдыковдун кийинки тагдыры «Отузчулардын» каты менен байланыштуу болуп, мамлекеттик кызматтан четтеп, окутуучулук ишмердүүлүккө өтөт. Кыргыздын туңгуч гезити Эркин-

Тоону түзүп, уюштуруучуларынын бири болгон. Анын биринчи санында (7-ноябрь 1924-жылы) «Эл жана сарамжал» деген макаласы жарыкка чыккан. 1926-1932-жылдары Ташкенттеги Орто Азия мамлекеттик университетинде (САГУ) айыл чарба факультетинде окутуучу, илимий кызматкер болуп иштеген. Кийин Ортоазиялык пахтакерлик институнун суу чарба факултетинин деканынын орун басары кызматына көтөрүлгөн.

1932-жылы Кыргыз АССРинин жетекчилеринин сунушу менен кайрадан Кыргызстанга чакырылып, Кыргыз АССРинин мампланынын төрагасынын орун басары болуп иштейт. Ал 1933-жылдын 9-майында камакка алынат.1934-жылдын 28-февралында «Социал-Туран деп аталган улутчул контрреволюциялык уюмдун» жетекчиси деп ага күнөө тагылып, 10 жылга эркинен ажыратылган. 1938-жылы 18-февралда 49 жашында өлүм жазасына тартылган.

# Тазабек Саманчин

## (1909-1979)



Адабиятчы, котормочу, сынчы, драматург Тазабек Саманчин 1909-жылы Кемин районундагы Жол айылында туулган.1921-жылы Токмоктогу жетим балдар үйүнө кабыл алынат.1923-1924-жылдары Алма-Атадагы казак-кыргыз эл агартуу институтунун даярдоо класстарында окуп жүрүп 1925-жылы Пишпектеги ачылган педтехникумга которулуп, аны 1929-жылы бүтүргөн. 1929-жылы Жалал-Абаддагы педтехникумга мугалим болуп иштейт.1930-жылы Москвадагы Ленин атындагы мамлекеттик педогогика институтуна кирип, аны 1939-жылы бүтүп келгенден кийин педтехникумда мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенген.

Чыгармачылык ишмердиги 1936-1949-жылга чейин тил жана адабият боюнча илим-изилдөө институтунда илимий кызматкер болуп иштеп жүргөндө илимий эмгектерди жаратып, Молдо Кылычтын чыгармаларын изилдеген.1946-жылы «Молдо Кылыч жазгыч акын» деген темада кандидаттык диссертациясын жазып, филология илиминин кандидаты деген илимий даражага жеткен.1949-жылы СССР жазуучулар Союзунун пленумунда «Кыргыз адабиятчысы Тазабек Саманчин «Молдо Кылычтын чыгармалары» аттуу илимий ишинде улутчул ката кетирген» деген жалган жалаа менен 1950-жылдан 1955-жылга чейин түрмөдө болгон.1956-жылы акталып келгенден кийин кесибин өзгөртүп, котормочулукка өткөн. Партияга мүчөлүгү калыбына келтирилген, 1938-жылдан баштап СССР Жазуучулар союзуна мүчө болгон. Чыгармачылык ишмердиги согуш жылдарынан мурда башталган. «Берметтин уландары», «Абышкалардын жоругу», «Тоо арасында» деген пьесаларды жазган. Ал В.Г.Белинскийдин тандалмалуу

чыгармаларын, М.Горькийдин чыгармаларынын үч томун, Л.Н.Толстойдун «Анна Каренина» романын, Тагордун аңгемелерин, Цао Юйдун, «Тайфун», В.Духовичныйдын, М.Слободскийдин «Үйлөнүү саякаты», А.П.Чеховдун «Ваня таяке», А.Мирзагатовдун «Энемдин буурул чачы», М.Поповдун «Үй-бүлөө» пьесаларын кыргыз тилине которуп, өзүн илимпоз жазуучу катарында гана эмес, чебер котормочу катарында да жалпы журтчулугубузга кеңири таанытты.

# Касым Тыныстанов

## (1901-1938)



Кыргыз тил илиминин негиздөөчүсү, азыркы кыргыз адабиятына негиз салгандардын бири, акын, драматург, агартуучу, коомдук ишмер, журналист, биринчи кыргыз профессору Касым Тыныстанов 1901-жылы азыркы Ысык-Көл району, Чырпыкты кыштагында туулган. 1909-1912-жылдарда Чырпыктыда мусулман мектебинде окуп, андан кийин Сазановка айылындагы өзбек медресесине кирет.1914-1916-жылдары Караколдогу орус-тузем мектебинде окуган. 1916-жылы үркүн учурунда эл менен Кытайга качат . 1918-жылы гана кайтып келип көл башындагы Тепке айылында таякелериникинде туруп калган.

1919-жылы Ташкентге келип, Казак-кыргыз агартуу институтунун даярдоо бөлүмүнө алынган. 1920-жылы Кыргыз агартуу институтунун 1-курсуна кабыл алынган. Анын ишмердик жолу институтта окуп жүргөн кезинде эле башталган. Ал 1920-1924-жылдары «Өрүш», «Ак-Жол» гезиттеринде, «Жас Кайрат», «Сана» журналдарында кызматкер болгон. 1925-жылы Кыргыз Автономиялуу облусунун Академиялык Борборунун Кыргыз бөлүмүнүн катчылыгына дайындалат. Ал кызматта 1926-жылга чейин иштеп, ошол эле убакта «Эркин-Тоо» гезитинин жоопту редакторунун милдетин да аткарган.1927-жылы Кыргыз Автономиялуу Республикасынын Эл Агартуу Комиссары болуп дайындалып үч жыл эмгектенген. Ушул эле убакта «Жаны маданият» журналынын редактору, 1930-37-жылдарда Кыргыз маданият курулуш институтунда илимий кызматкер, 3 ай анын жетекчиси кызматын аркалаган .Кыргыз педагогикалык институтунда лекция окуган. К.Тыныстановго 1932-жылы доценттик, 1936-

жылы профессорлук наамы ыйгарылган. «Эркин-Тоо» гезитинин 1926-жылкы 8-апрелдеги санында анын «Баку калаасында боло турган түркология съезди жана анын кадыры» деген макаласы басылып, баяндама жасаган. 1924-жылы «Окуу китебин» түзүп, 1926-жылы «Чондор үчүн алиппе», 1927-жылы «Эне тилибиз», 1933-жылы «Социалдык-экономикалык сөздүк», 1934-жылы «Кыргыз тилинин морфологиясын» 1936-жылы «Кыргыз тилинин синтаксисин» жаратты. Ошондой эле «Эне тили», «Жаны айыл», «Кыргыз адабий тилинин жаны долбоору», «Жаны алфавит түзүүнүн жаны принциптери», «Биздин тил» ж.б. макала, эмгектерин жазды.

К.Тыныстановду улутчул, панисламизм, пантүркизм идеяларына сугарылган, алаш ордочулар менен идеялаш болгон деп 1937-жылы Москвадан чакыртылып, 1-августта камалган. 1938-жылдын 5-ноябрында СССР Жогорку Аскер сотунун жабык көчмө сессиясында атууга өкүм кылынган. 1958-жылы 22-январда аны партиялык жактан актаган. Сөөгү 1991-жылы Ата-Бейит көрүстөнүнө көөюлгандагы №109.

# Эркинбек Эсенаманов

## (1904–1938)



Көрүнүктүү советтик жана партиялык ишмер Эркинбек Эсенаманов 1904-жылы Ауле-Ата уездинин Карасай айылында туулган. Революцияга чейин орус-тузем мектебинен окуган. 1920-ж. биринчи даражадагы Советтик эмгек мектебинде, 1921-1925-жылга чейин Чыгыш эмгекчилеринин коммунисттик университетинде окуган. 1925-жылы кыргыз айыл чарба банкынын башчысы, БКП (б) окуржкомунун уюштуруу бөлүмүнүн башчысы. БКП (б) Ош окружкомунун жооптуу катчысы, Кыргыз БКП (б) обкомунун айыл-кыштактар менен иштөө боюнча бөлүмүнүн башчысы.

1930-жылдын апрелинен 1931-жылдын январына чейин Кыргыз АССРнин Орто Азиядагы туруктуу өкүлү катары Ташкен шаарында иштеген. Москвадагы Кызыл профессуранын агрардык институтунда окуп, 1933-ж. Кемин районуна машина трактор станциясынын саясий бөлүмүнүн башчысы катары жиберилген. 1934-жылдын июндан 1937-жылдын 8-сентябрга чейин Кыргыз АССРинин жер боюнча эл комиссары болуп иштеген.

Ушул эле жылы сентябрь айында камакка алынып, 1938-ж. 5-ноябрда өлүм жазасына өкүм кылынган. 1957-жылы 27-майда акталган. Отузунчу жылдардагы кыргыз элинен чыккан алгачкы билимдүү, илимдүү жаштардын катарын толуктап, партиялык саясий ишмер катары тарыхта аты калды. Сөөгү 1991-жылы Чоң-Таштагы Ата-Бейит көрүстөнүнө коюлгандагы №127.

## 3.2. Репрессияланган казак интеллигенциясы

# Алихан Бөкөйханов

### (1866-1937)



Алихан Нурмухамед уулу Бөкейхан XIX кылымдын соңу менен XX кылымдын башындагы казак аалымдарынын, коомдук жана мамлекеттик ишмерлеринин көрүнүктүү өкүлү. Улуттук азаттыкты көздөгөн Алаш козголушунун жетекчиси. Алаш-Ордо автономиялуу өкмөтүнүн төрагасы, публицист, аалым, котормочу.

1866-жылы мурунку Семей облусунун, Каркыралы уездинин, Токыртаун болуштугунун 7-айылында туулган. 1888-жылы Омбу техникалык училищасын, 1894-жылы Санкт-Петербург техникалык институтунун экономикалык факультетин аяктаган.

XIX кылымдын аягында Омбы техникалык чарбачылык училищасында окутуучулук кызмат аткарып, илимий иштерди жасаган. Ал 1896-жылы көрүнүктүү илимпоздордун жолдомосу менен Орус география коомунун Батыш-Сибирь бөлүмүнүн анык мүчөсү болуп шайланат. Элихан Бөкөйханов «Россия. Жалпы географиялык мүнөздөмө» аттуу көп томдук эмгектин казак жерине арналган 18 томуна автор катары катышкан. Ал илимий жумуш менен катар эле коомдук-саясий кызматтарга да белсене аралаша баштаган.

1911-14-жж. Элихан Бөкейханов «Жаңы энциклопедиялык сөздүктүн» 4-21-томдоруна автор иретинде катышкан. Элихан Бөкейханов экономист, тарыхчы, этнограф, адабият таануучу, котормочу, ары публицист иретинде казак калкынын саясий, маданий руханий тарыхында өчпөгөн из калтырган. 1905-жылы Э. Бөкейханов Семей областынын казак калкынын I Мамлекеттик Думасынын депутаты болгон. 1906-жылы Омбудан чыккан «Голос степи», «Омич» жана

«Иртыш» гезиттеринде, 1908-жылы Санкт-Петербургда жарык көргөн меньшевиктик «Товарищ» кадеттик «Речь», «Слово» газеталарында редакторлук кызмат аткарган. 1917-жылы Оренбургда өткөн «Алаш» партиясынын II съездинде Алаш-Ордо өкмөтүнүн төрагасы болуп шайланды. «Казак» гезитинин уюштуруучусу, негизги тилчилеринин бири болду. 1920-жылы Эл, жер комитетинин курамына кирди.

Улуттук намыстан уялбаган жалган интернационалист, жалган чагымчылардын көрсөтмөсү менен ал 1926-жылы эки ирет туткундалып, түрмө азабын тартты. Элихан Бөкейхановду Москвага куугунтукташып, өздөрүнүн беделинен корккон большевиктер аны Казакстанга жолотушпады. Он жыл үй камагында отурган Элиханды 1937-жылы кайра камашып, бир айдан кийин жалган жалаа менен 67 жашында Москвада атууга кеткен.

# Ахмет Байтурсунов

## (1873-1938)



Казак акыны, адабият таануучу, аалым, түрктаануучу, публицист, педагог, котормочу, коомдук ишмери, казак элинин 20-к. башындагы улуттук-азаттык кыймылынын жетекчилеринин бири, казак тил бөлүмү менен адабияттаануу илимине негиз салуучу, улуттук жазуунун реформатору, агартуучу, Алаш-Ордо өкмөтүнүн мүчөсү Ахмет Байтурсун уулу 1873-жылы, азыркы Костанай областындагы, Жангелди ауданы Сарытүбек айылында дүйнөгө келген.

1895-жылы Оренбургдагы мугалимдер мектебин бүтүргөн. 1895-1909-жылдары Актөбө, Костанай жана Каркыралы уездериндеги мектептерде, орус-казак окуу жайында мугалим болуп эмгектенген. 1913-жылдан баштап, «Казак» аттуу апталык гезитти ачып, 1917-жылдын аягына чейин анын редактору болгон. Ал казак мамлекетин түзүү үчүн күрөшкөн «Алаш» партиясынын көсөмдөрүнүн бири болгон.

1922-1925-ж. ж. Эл агартуу комиссариатына караштуу илимий адабий комиссиянын төрагасы, Эл агартуу комиссары болуп шайланган. 1925-1929-жылдары Казак Эл агартуу институтунда дарс окуган. Ахмет Байтурсунов казак адабияты менен сөз өнөрүнүн байышына үлүш кошуп, казак балдарын өз тилинде окутуу ишине арнап тунгуч окуу китептерин жазган.

Ал казак илимий тарыхында улуттук кадам жасап, жана үлгү болгон реформатор катары улутчул болуп караланып, 1938-жылы камалып, кийин атуу өкүм кылынган.

# Миржакып Дуулат уулу

## (1885-1935)



Казактын өтө көрүнүктүү агартуучусу, коомдук ишмери, акын, жазуучу, жалындуу көркөм сөз чебери- Миржакып Дуулат уулу Торгай уездинин, Сарыкопа областынын биринчи айылында туулган. (азыркы Костанай областынын Жанкелдин оодашына караштуу «Кызбел» айылы).

1902-жылы педагогикалык курсту бүтүрүп, айылда бала окутуп, бош убактысын өз бетинче билим алууга жумшаган. 1910-жылы М. Дуулат уулунун «Бакытсыз Жамал» аттуу романы, 1913-жылы «Азамат» ырлар жыйнагы жарык көрдү. М. Дуулат уулу «Алаш» партиясын түзүүчүлөрүнүн бири.

1917-жылдын аягынан 1918-жылга чейин «Казак» гезитин жетектеген. Алашордо өкмөтүнүн жетекчилеринин бири жана Аскер Кеңешинин мүчөсү болгон. 1920-1930-жылдары «Ак жол», «Еңбекши казак» гезиттеринин, «Кызыл Кыргызстан» журналынын редакцияларында котормочулук кызматын аркалаган.

Бүткүл эл эркиндикке жетүүнүн башкы шарты түнөк болуп топтолгон караңгылык уйкусунан ойгонуу, бир силкинип наадандыктан арылуу деп билген ал: «Ойгон казак!» деген ураандан тайган жок. Ошондуктан анын үнү калың уйкудагы казактын кулагынын түбүнөн угулуп, тынчтык бербей ызылдап ойготуп, өзүнүн он эки жаш улуу агасы Ахмет Байтурсуновтун үнү менен катар эшитилип, казак талаасын катар аралаган.

1928-жылы камакка алынып, 30-жылы атуу жазасына кесилип, бирок, бул жаза 10 жыл түрмөгө отуруу менен алмаштырылган. М. Дуулат уулу Соловецк лагеринде 1935-жылы көз жумган. 1988-жылы акталган.

# Мустафа Шокай

## (1890-1941)



Казак ойчулу, окумуштуу, мамлекеттик жана коомдук ишмер Мустафа Шокай Акмечит (азыркы Кызыл-Ордо областында) жарык дүйнөгө келген. Ташкенттеги орус гимназиясын жана Петербург университетин бүтүргөн. 1917-жылы М. Шокай Ташкенттеги Мусулмандар конгрессинде курулган «Мусулман» борборун башкарган.

1917-жылы Кокон автономиясынын президенти болуп шайланып, андан кийин Алаш-Ордо өкмөтүнүн курамына кирген. 1920-жылы М. Шокай Түркияга кетип, андан ары Берлинге кийин Францияда жашады. Эммиграцияда жүрүп, Орто Азия, Казакстандагы элдердин жагдайлары тууралуу китеп, макалаларды жазып жүргөн.

Акпан төңкөрүшүнө чейин Алаш жетекчиси Э. Бөкейхан менен бирге Россия Мамлекеттик Думасынын мусулман фракциясында катчы кызматын аткарган. 1916-жылы үркүн кезинде Түркстан жана жалпы казак жериндеги башаламандыктарды ашкерелеп, Мамлекеттик Думага көптөгөн маалыматтарды берген. 1917-жылы төңкөрүш тушунда кубаттуу Түркстан мамлекетин куруу идеясын көтөргөн. Ташкенте «Бирлик туу» гезитин чыгарган. Оренбургда Алаш ишкерлери менен тыгыз байланыш түзгөн.

Дүйнөлүк экинчи согуштун башталышы менен М. Шокай Түркстандагы элдер тууралуу макалалар, теориялык эмгектерин жарыялаган. «Жаңы Түркстан» жана «Жаш Түркстан» журналдарын басып чыгарган. Аны 1941-жылы Германия өкмөтү камап, Париждеги Компьен концлагерине жиберген. Легерде казактын кайраттуу уулу 1941-жылы белгисиз жагдайдан дүйнөдөн өттү.

# Жусупбек Аймаутов

## (1889-1931)



Көрүнүктүү казак жазуучусу, драматург, котормочу, адабияттаануучу жана педагог Жусупбек Аймаутов Павлодар областынын азыркы Баян айылындагы орус-казак мектебинде, кийин айыл аралык семинариясында билим алган. 1911-жылы Керекуудеги эки класстык орус-казак мектебине барган. 1914-1919-жылдары Семейдеги мугалимдер семинариясында окуган. 1917-1919-жылдары «Алаш» партиясында. 1918-1919-жылдары Семей калаасындагы М. Ауэзов менен биргелешип «Абай» журналын чыгарган. Ошо журналда «Екей» деген ат менен Ауэзов менен биргелешип, «Абайдын өмүрү жана кызматы» (1918, №2), «Абайдан кийинки акындар», («Абай», 1918, №3) деген макала жазды. Аймаутов казак адабиятында Абайдын чыгармачылык эмгектерин тараткан эң ири таланттардын бири.

1920-жылы Казакстан Кеңештеринин курултайына делегат, 1921-жылы Семей губерниясынын окуу бөлүмүнүн «Казак тили» гезитинин редактору, бюро мүчөсү болгон. 1922-1924-жылдары Каркыралыда мугалим, 1924-1826-жылдары «Ак Жол» гезитинин бөлүм башчысы, 1926-1929-жылдары Шымкент педагогикалык техникумунун директору кызматын аткарган. Ошол жылдарда «Карткожа» (1926), «Акбилек» (1928) романдарын жазган. 1929-жылы Жусупбек Аймаутов репрессия курмандыгына айланып, атуу жазасына өкүм кылынган. 1931-жылы Москвада атылган.

# Мухаммеджан Тынышбаев
## (1879-1937)



Алаш партиясынын негизги түзүүчүлөрүнүн бири, туңгуч темиржол инженери, тарыхчы жана коомдук кызматкер Мухаммеджан Тынышбаев Талды-Корган областы, Капал оočанында жарык дүйнөгө келген.

М. Тынышбаев Верный гимназиясын медаль менен бүтүрүп, кийин Петербург транспорт инженерлери институтун бүтүргөн. Тынышбаев өзүнүн негизги адистиги боюнча Аму дарыядагы көпүрөнү салууга катышкан жана Урсатьевск Андижан, Арыс Олуята темир жол курулуштарын жетектеген.

Ал Элихан Бөкейханов менен бирге жалпы улуттук «Алаш» партиясын түптөөгө түздөн-түз көмөктөшкөн. «Алаш» автономиясы аймагындагы жер пайдалануу тууралуу «Ереже» жобосун жазууга катышкан. 1907-жылы Жети-Суу губерниясынан II Мамлекеттик Думага депутат болуп шайланган.

1917-жылы 5-12-декабрда Оренбургдагы съездине делегат болуп шайланган. Алаш партиясынын түзүүчү катарында Алаш-Ордо өкмөтүнүн ишине жигердүү иштеген.

1918-жылы Бүткүлтүркстандык IV мусулмандар съездинде жарыяланган Кокон автономиялуу республикасына премьер-министри болуп шайланган. 1918-жылы Темир жолдун Урсатьев-Андижан бөлүмчөсүнө башкы инженер болуп иштеген. 1924-жылдан баштап казак педагогикалык институтунда окутуучу болуп эмгектенет. 1926-1927-жылдары «Казак калкынын тарыхы менен санжыралары» тууралуу эмгектерин жарялаган. 1928-1930-жылдары Түрксиб темир жолунда инженер болгон. 1932-жылы Воронежге жер которуп, көп узабай 1937-жылы репрессияга кабылган.

# Жакып Акбаев

## (1876-1934)



1876-жылы Караганда уездинде жарык дүйнөгө келген. Окууну бүтүргөн соң, Омск гимназиясына кирип, кийин Томск гимназиясына которулган. Ж. Акбаев 1898-жылы гимназияны ийгиликтүү бүтүрүп, андан соң Сантк-Петербург университетин алтын медаль менен аяктаган. Семейде, Омбуда, Павлодар шаарларында кызматкер болуп иштеген.

Казак калкынын мүдөөсүн коргоп, падыша өкмөтүнө каршылык билдирип, ата-баба конушу болгон жерди эч себепсиз тартып алгандарга каршы аракет жасап, өзүнүн атуулдук сапатын көргөзгөн. «Алаш» партиясынын уставын жазууга да жардамдашкан. Ал билимдүү адам катары «Жергиликтүү боштондук», «Жер маселеси», «Эл коргоо», «Казакстандагы үй-бүлөө жана нике катнаштары» жана башка эмгектерди жазган.

1909-жылы Петербургда Абай ырларынынн жыйнагын басууга да жардамын берген. Ал 1924-жылы Алаштын түзүүчүлөрүнүн иретинде «эл душманы» деп айыпталып, Воронежге 5 жылга сүргүнгө айдалган. 1934-жылы түрмөдө көргөн азап менен тозоктун кесепетинен кайтыш болгон.

# Хайретдин Болгонбаев

## (1893-1937)



Көрүнүктүү Алаш ишмери Болгонбаев Хайретдин 1893-жылы Акмоло областы, акмоло уездинде (азыркы Коргалжын оо-даны) туулган.

1917-1918-жылдары М. Шокай, С. Кожановтор менен бирге «Бирлик туу» гезитин чыгарууга катышкан. 1919-жылы Ташкент калаасындагы педагогикалык курста окуган. 1919-1921-жылдары Ташкентте, Оренбургда мугалим болуи иштеген.

1921-жылы Э. Бөкейханов менен А. Байтурсуновтун тапшырмасы боюнча Бухарадагы басмачылар козголоңуна Энвер паша менен бирге Зеки Уалиди Тоган менен кездешип кайткан.

1922-1923-ж. ж. Акмолодо, 1924-1927-ж. ж. Петропавловскиде элге билим берүү бөлүмүнүн башчысынын орунбасары болуп иштеген.

1928-жылы «эл душманы» деген жалаа менен 5 жылга соттолуп, Батыш Сибирге жиберилген. Ошол эле жылы ал «контрреволюциячыл уюмга кирди» деген айып менен камалган. 1930-жылы Архангельскидеги Сыктывкарда сүргүндө болуп, 1934-жылы Алматыга которулуп, бирок, борбордо турууга уруксат берилбей, түштүктөгү Капланбек зооветтехникумунда мугалимдик кылууга жиберилип, 1937-жылы кайра камалып, 1937-жылы Ташкентте атылган. 1958-жылы акталган.

# Газымбек Биримжанов

## (1896-1938)



Коомдук ишмер, алашчыл азамат Биримжанов Газымбек 1896-жылы Торгай уезди, Тосын болушунда жарык дүйнөгө келген. Өз кесиби боюнча дарыгер. Алаш-Ордонун көрүнүктүү кызматкерлеринин бири болгон.

Оренбургдагы училищаны, кийин Орто Азия Мамлекеттик университетинин дарылоо факультетин бүтүргөн.

1921-1922-ж. ж. «Ак жол» гезитинде редактор болгон. Макалаларын «Шеген» (бабасынын асмы) деген каймана ат менен жазган.

1928-жылы Берлин университетин бүтүргөн. Ал университеттен алган билимин элинин болочоктогу жакшы жашоосу үчүн жумшайм деген тилеги орундалбай албай калды. Анткени ал университетти бүтүрүп жолдо келе жатканда Москвадан кармалып, Э. Бокейхан, А. Байтурсун уулу сыяктуу Алаш кызматкерлери менен камалган. Газымбек Карелиядагы Медвежегорск шаарына 10 жылга айдалган. Түрмөдө аларды Кеңеш өкмөтү Балтика каналынын курулушуна иштеткен.

1937-жылы Газымбек Биримжанов 41 жашында атылган.

# Смагүл Седуакасов
## (1900-1933)



Көрүнүктүү мамлекеттик ишмер, жазуучу, публицист, адабият сынчысы, экономист Смагул Седуакасов Омбу жеринде туулган.

С. Седуакасов Омбудагы училищасын 1918-жылы, транспорт инженерлеринин Москвадагы институтун 1932-жылы бүтүргөн. Эмгек жолун 1915-жылы мугалимдиктен баштаган.

1917-1918-жылдары Акмолодогу өзүнөзү башкарган казак губерниялык комитетинин «Жаш азамат» жаштар уюмунун мүчөсү болгон.

1920-жылы «Кедей үнү» гезитинин редактору болуп иштеген. Ошол мезгилде Казак Республикасынын биринчи адамы Ф. Голощекиндин көңүлүнө жакпай алтынчы партиялык конференцияда «жикчилик кызматы» үчүн бошотулган. Ошол жагдайдан кийин Москва транспорт инженерлери институтун бүтүрүп, Москва-Донбасс темир жол курулушуна инженер-курулушчу жумушуна жиберилген, ал жерден 1933-жылы 16-декабрда жарык дүйнөдөн кайткан.

# Халел Досмухамедов

## (1893-1939)



Казак калкы үчүн көп эмгек сиңирген чыныгы чыгаан уул Халел Досмухамедов 1893-жылы азыркы Атырау областындагы Кызылкога ооданындагы Карабауда жарык дүйнөгө келген. Ал орус-казак мектебинде билим алган. Андан соң Урал шаарындагы реалдык училищада окуган. Училищаны бүтүргөн соң Санкт-Петербург шаарындагы Аскер медициналык академияга жолдомо алып, 1903-1909-жылдары академияда студент болгон.

1917-жылы Оренбург шаарында Бүткүлказактык съезддин делегаты болуп, «Алаш» партиясынын батыш бөлүгүнүн төрагасы. 1923-жылдары Ташкент шаарындагы «Талап» уюмунун мүчөсү.

1924-жылы Россия Академиясындагы Борбордук өлкөтаануу бюросунда мүчө-корреспонденти болуп шайланган.

1929-жылы Алмата шаарындагы университеттин 1-проректору, КазАССР ден соолук сактоо комитетинде иштеген.

Х. Досмухамедов өзүнүн агартуучулук ишинде «Диуани-лугат аттүрик», «Казак-кыргыз тилиндеги сингармонизм заңы», «Мурат акын сөздөрү», «Иситай-Махамбат», «Кененсары-Ноорузбай» . ж. б. у. с. көптөгөн илимий эмгектердин автору.

1939-жылы СССР Жогорку Соту Аскери Коллегиясынын өкүмү менен атылган.

# Жанша (Жаханша) Досмухамедов

## (1886-1932)



Ж. Досмухамедов 1886-жылы азыркы Батыш Казакстан областында дүйнөгө келген. «Алаш» кыймылынын көрүнүктүү өкүлү, 1912-жылы Санкт-Петербург университетин бүтүрүп, Томск округдук сотунда 1917-жылдын аягына чейин кызмат өтөгөн. Орал областындагы казак комитетинин төрагасы болгон.

1917-жылы Москвада өткөн Бүткүлроссиялык мусулмандар съездине катышып, Кеңешинин төрагасынын орунбасары болуп шайланган.

1918-жылдын март айында Халел Досмухамедов менен бирге Алаш-Ордо өкмөтүнүн атынан Кеңеш Өкмөтүнүн башчылары В. И. Ленин жана И. В. Сталин менен бетме-бет жолуккан.

1920 жылдан баштап ар түрдүү жумуштарда, москвадагы «Малчы» башкармасында ага экономист болуп иштеген. Улуттук маданиятты көтөрүүдө, илимдин, билимдин өнүгүшүнө чоң салымын кошкон.

1922-1925-ж. ж. «Талап» маданият уюмунун мүчөсү болгон. Ж. Досмухамедов Х. Досмухамедовтун өтүнүчү боюнча кылмыштык кодексти казак тилине которуп тапшырган. Бул котормо 1000нуска менен жарык көрүп, ага М. Дулатов сын пикир жазган. Ж. Досмухамедов XX кылымдын 30-жылдары Кеңеш өкмөтү уюмдаштырган саясий-куугун сүргүнүнүн курмандыгы болгон.

# Илияс Жансүгүров
## (1894-1938)



И. Жансүгүров Талдыкоргон областынын Аксу ооданында жарык дүйнөгө келген. Казак адабиятынын классиги, Жети-Суудагы «Мамания» мектебинде окуган.

1920-жылы Ташкент шаарындагы 2 жылдык мугалимдик курсту бүтүрдү. Мектепте мугалим, «Тилчи» гезитинин кызматкери болуп иштеген.

Анын чыгармалары көп кырлуу. И. Жансүгүров элдик бай фольклорлорду жыйноого, анын анык үлгүлөрүн элдин кенчине айландырууга, китеп болуп чыгуусуна чоң салымын кошкон. Ал адабият жанрына да ат салышып, А. С. Пушкиндин, М. Ю. Лермонтовдун, Н. А. Некрасовдун, М. Горькийдин, Г. Гейне, В. Гюгонун, Г. Токайдын, К. Лахутинин чыгармаларын казак тилине которуп, казак адабиятын башка адабияттар менен байланышын кеңейтти.

1922-жылы Алматыда «Тилчи» гезитинде кызмат өтөгөн. Ошол жылы Алматыдагы эл-агартуу институтунун дироктору болуп дайындалат.

1925-1928-жылдары Москвада Коммунисттик журналистика институтунда окуган.

1928-1932-жылдары «Емгекчи казак» гезитинин кызматкери.

1932-1934-жылдары Казакстан Жазуучулар Уюмунун уюмдаштыруу комиссиясынын төрагасы.

1934-1936-жылдары «Казак саясий басмасы» башкы редактору,

1936-1937-жылдары Казак ССР Жазуучулар уюмунун катчысы.

1938-жылы «эл душманы» деп айыпталып атылган.

# Бейимбет Майлин
## (1894-1938)



Бейимбет Майлин – азыркы Костанай областынын Таран оодонында жарык дүйнөгө келген. Казак адабиятынын классиги, көрүнүктүү жазуучусу, казак адабиятын калыптандыруучулардын бири. Бейимбет сабатсыздыкты толук жоюу ураанын алга сүрөп, «Сабаттуулугу төмөндөргө арналган окуу китебин» (1929); Габит Мүсирепенов жана А. Сыдыков менен бирге «Сабатсыздарга арналган алиппени» (1935-1936) жазып чыгарган. Анын прозалык чыгармалары да жаркырап көрүнгөн.

1913-1915-жылдары Тройцк шаарындагы «Уазифа» медресесинде, Костанайдагы орусча-казакча мектепте, Уфадагы «Галия» медресесинде окуп жүргөндө адабият ийримине катышып, «Садак» аттуу кол жазма журналын чыгарган. Журналдын редактору жана автору болгон. 1925-жылы «Айкап» журналында иштеген.

1919-1921-жылдары Оренбург шаарында «Кызыл Казакстан» журналында кызмат кылган.

1919-1922-жылдарда айыл мектебинде мугалим болгон.

1922-1934-жылдары «Айыл», «Айыл тили», «Еңбекши казак», «Казак адабияты» газеталарында адабият кызматкерден баштап, редакторго чейинки журналисттик кызматтарды аткарды.

1934-1937-жылдары «Казак адабияты» гезитинин редактору болгон.

1938-жылы жазыксыз «эл душманы» деген жаза менен атылган.

# Магжан Жумабаев

## (1893-1938)



Магжан Жумабай (Эбилмагжан) Бекен уулу 1893-жылы Сол түштүк Казакстан областынын азыркы Магжан Жумабай ооданында жарык дүйнөгө келген. Алаш кыймылынын көрүнүктүү өкүлү, акын, казак адабиятынын жаркын жылдызы.

1908-1909-жылдары Магжан Уфадагы «Галия» медресесинде окуган. Андан кийин 1917-жылы Омбу мугалимдер гимназиясынан билимин жогорулаткан.

1917-1923-жылдары «Боштондук туу» гезитинде, «Ак жол» гезиттеринде, «Чолпон» журналында кызмат кылган. Ошол жылдары калың катмарга белгилүү поэмасы «Батыр Баянды» жазып, жарыкка чыгарган.


1923-1926-жылдары Магжан Москвадагы Брюсов атындагы көркөм-адабият институтунда окуган.

1923-1927-жылдары Москвадагы Жогорку адабият көркөм-өнөр институтунда окуган. Анда орус адабияты, Батыш Европа адабияттарын терең изилдеп, орус маданият кызматкерлери менен таанышып, көпчүлүгү менен карым-катышта болгон.

1929-жылы туткундалып, 10 жылга лагерге айдалып, 1936-жылы бошотулган.

1937-жылы кайтадан камакка алынып, 1938-жылы атуу жазасына кесилген.

# Султанбек Кожанов
## (1894-1938)



Султанбек Кожанов Түркстан уезди, Аксүмбө айылы, азыркы Оңтүштүк Казакстан областынын Созак ооданында жарык дүйнөгө келген. Орто Азия менен Казакстандын мамлекеттик жана коомдук ишмери.

1917-1918-жылдары Ташкент шаарындагы мугалимдер семинариясынын угуучусу, «Бирлик туу» гезитинин редактору.

1920-жылы «Ак жол» гезитин чыгарууну жетектеп, анын алгачкы редактору болгон.

Ташкенттеги педагогдук училища менен кыска убакыттык мугалимдик курста окуп, уездик эл агартуу бөлүмүнүн нускоочусу, Түркстан уездик аткаруу комитетинин мүчөсү, Сыр-Дарыя ревкомунун төрагасы.

1924-1925-жылдары Казак өлкөлүк комитетинин катчысы.

1925-1926-жылдары БКП (б) Борбордук комитетинин республикалар менен областтар боюнча жооптуу нускоочусу болгон.

1927-1928-жылдары БКП (б) ОК Орто Азия бюросунун үгүт насият бөлүмүнүн башчысынын орунбасары болуп иштеген.

1928-1937-жылдары адабий, илимий-публицистикалык иштер менен алектенген.

Көрүнүктүү мамлекеттик жана коомдук ишмер Султанбек Кожанов тоталитардык башкаруунун курманы болуп, 1938-жылы «эл душманы» деген жалаа менен жазыксыз атылды.

# Халел Габбасов

## (1881-1931)



Халел Габбасов – Алаш-Ордо өкүмөтүнүн Семей областынан шайланган мүчөсү. Өкмөт төрагасынын орунбасары, Алаш козголоңунун көрүнүктүү жетекчилеринин бири, публицист, «Алаш үнү», «Сарыарка» гезитинин редактору, кесиби – физик-математик.

Семей областтык казак комитети төрагасынын орунбасары, областтык земство башкармасынын мүчөсү, областтык делегаттар жыйналышынын мүчөлүгүнө шайланып, бул багытта көп жумуштар аткарды. «Казак» гезитинен кийин Алаш үнү болгон «Сарыкарка» гезитинин редакторунун бири болгон.

1931-жылы Москва түрмөсүндө атылган.

# Элимхан Ермеков

## (1891-1970)



Элимхан Ермеков Алаш козголоңунун жаш да, алгыр, аскер ишмери, Алашордо өкүмөтүнүн мүчөсү, математика илимдеринин туңгуч казак профессору.

Элимхан Ермеков 1891-жылы Караганда областынын Актогай ооданында, Бөрүкташ деген жерде жарык дүйнөгө келген. 1905-жылы Семейдеги эркектер гимназияда окуган. Аны 1912-жылы алтын медаль менен бүтүрүп, Томск технология институтунун тоо-кен факультетине кабыл алынган. 1929-1930-жылдары бир топ казак аалымдары менен түрмөгө түшкөндо, Э. Ермековду да кошо камашкан. Алаш ишинин келечекте токтоп калбашы үчүн келечекти ойлоп, алаштын жаш жигиттери М. Ауэзов менен Э. Ермековду сактап калуу максатында улут лидерлери күнөөлөрүн моюнга алышып, боштондукка чыгарган.

Аңгыча 1937-жылы Э. Ермековдун башына дагы кара булут айланып, 1939-жылы соттолуп, 1947-жылга чейин түрмөдө отуруп чыккан. Түрмөдөн чыккандан кийин кайра соттолуп, 1958-жылы бошогон. 1957-жылы толук акталып, Караганда Мамлекеттик техникалык университетинде математикадан лекция окуган.

1970-жылы кайтыш болгон.

# Эзимхан Кененсарин

## (1878-1937)



Эзимхан Кененсарин 1878-жылы Чымкент калаасында туулган. Алаш козголоңунун ишмери . Кененсары Касым уулунун небереси. Э. Кененсарин 1897-жылы Чымкентте училищаны бүтүргөндөн кийин, Олуя-Ата уезди башкармалыгында катчы (письмоводитель) андан кийин секретарь болуп иштеген.

1917-жылы Оренбург шаарында өткөн Бүткүлказактык 1-курултайга делегат болгон. Оренбургдагы 2-съездге делегат болуп катышып, ал сеъздде съезд төрагасынын орунбасары болуп шайланган. Бул съездде Э. Кененсарин Алашордо өкмөтүнүн куралгандыгы жөнүндө жана жер маселеси тууралуу сөз сүйлөгөн.

1921-жылы Сыр-Дарыя ревкомунун катчысы, андан кийин Чымкент калаасындагы жер бөлүмүндө иштеген.

1924-1937-жылдары Бөген-Шаян суу каналында гидротехник болуп жумуш аткарган.

Э. Кенесарини «Алаш» партиясынын негизин түзүүчүлөрдүн бири. Алашордо өкүмөтүнүн мүчөсү болгон. Аны Казакстандагы контрреволюциячыл-улутчул, исламисттик-террористтик, диверсиялык уюмунун белсемдүү мүчөсү катарында айыптап, суу чарбачылыгында зыянкечтик жумуштар жүргүзгөн үчүн 58-статьянын 10-беренеси боюнча камоого алынып, атуу жазасына өкүм кылынган, 1937-жылы өкүм жүзөгө ашырылган.

# Тиркемелер

**«Ак жол» №402 (4-бет)**
**Жума, 8-февраль, 1924-жыл**

## Кыргыз-казак институтунан эмне күтөт?

2 жарым миллион чамасындагы кыргыз-казак элинин мугалимдери даярдап бере турган бир орду мына ушул Ташкендеги кыргыз-казак институту. Мындан башка Алматыда бир институт бар. Ал жаңыдан курулган өкмөт эсебинен каржыланып жергиликтүү бюджетке калтырылган. Демек, бүтүн Түркстан казак-кыргыздарынын качанкы замандагы тиричилик тартыштыгын жаштар бизди ушул замандын кишиси кылып асырай турган мугалимдерибиз мына ошол институттан күтүлөт. Дүйнөдөгү маданияттуу кайсы журтчулукту алсак да ошол алган маданияттын түпкүрүн мына ошол институттан чыккан………… мугалимдерибиз болуусу керек. Казак-кыргыз ошону күтөт. Адам баласы туулганда эч нерсени билбей туулат эмеспи. Бирок, наадан болуп туулган адамды билимдүү адамдардын катарына кошуу үчүн жакшы мугалимдер керек экенине шек келтирүүгө мүмкүн эмес. Биздин казак- кыргыз элибиздин маданиятына караганда жаңы туулган бала сыяктуубуз. Мына ошол элди маданияттуу элдин катарына жеткириш үчүн бизди үмүттөндүргөн мугалимдерибиз ушул институттун бүтүрүүчүлөрү болуусу керек. Ушул институттун башталганына 6 жыл болуп, күткөн күнүбүздүн шандуу майрамын белгилеп отурабыз. Ушул күн казак-кыргыз элинин тарыхый күнү. Бүгүнкү күн казак-кыргыз журтунун келечегинин жарык чырагы жагыла баштаган күн. Бүгүнкү күн канча миң жыл маданият, ийгиликтен куралакан жүргөн кыргыз-казак элин чоң маданиятка, жарыкка чыгаруучу мугалимдерди жолго узаткан күн.

Казак-кыргыз ушул институту эл жашоосунун кемчиликтерин түшүнө билип, жакшылыктарын караштырып жөнгө салып, заман-

дын түз жолуна жан жактуу карап, элинин ишенимин актай алчу кайраттуу каармандарын күтөт.

Ушул институттан караңгы элдин шорунан арылтып башка маданият, билимди журттун катарына кошо ала турган эмгекчил, арыбай-талбай, арданбай турган мугалимдерин күтөт. Ушул институттан, басма сөздөн таңдайы катып суусап каны алсыраган кедейлердин суусунун кандырчу жазуучулар керек. Жашасын ушул институттан чыккан эмгекчил мугалимдери жашасын эмгекчилерге эркиндигин алып берген кедей жетекчилери. Жашасын ушул институтту баштап берген азаматтар

**Арабаев**

*«Ак жол» №376 (1- бет)*
*4-декабрь 1923-жыл*

## Кыргыз башталгыч мектептерине тиешелүү

2-декабрда совнаркомдун төрагасынын бөлмөсүндө казак-кыргыз башталгыч мектептерине тиешелүү жыйналыш болду. Жыйналышта кыргыз башталгыч мектептерине тиешелүү маселе каралды. Чогулуштагылардын жарыш сөздөрү талкуугa алынып бүткөндөн кийин жыйналыштын төмөндөгүчө чечими кабыл алынды.:

Кыргыз элинин жашоо тиричилиги казак элинин-жашоо тиричиликтери менен бирдей болгону менен түйшүгү бөлөк, тили, үрп-адаттары бөлөк эл. Анан калса, кыргыз элинин сабак билгендери аз сандуу, казактарга салыштырганда маданияты артта калган эл. Калың кыргыз элинин арасында окуу маселеси жокко эсе. Кыргыздардын эски салтынан жаңы өзгөрүүсү да жок, ошондуктан ушул күнгө чейин тоо арасында жашаган кыргыздарды маданиятка жакындатып, эл арасына билим үйрөтүү казак-кыргыз билимдүүлөрүнүн зор милдети болуусу керек.

Калың кыргыз элин билимге үйрөтүү үчүн алды менен өздөрүнүн эне тилине тиешелүү мектептерди уюштуруу мугалимдерди даярдоо керек.

Кыргыздардын эне тилинде окуу куралдары, алиппеси жазылсын. Жалпы кыргыз элин сабаттуулукка үйрөтүү үчүн эски ооз эки адабияттары жыйналып басмадан чыгарылсын. «Семетей, Манас» сыяктуу атактуу поэмалары басылып чыгартылып, элге таркатылсын. Кыргыздардын башталгыч мектептеринен башка экинчи мектеби казак мектептери менен бирге болуп окуусу казак тилинде окутулсун.

Ушул максаттардын орундалуусуна, башталгыч мектептерде окуу китептерин жаздырып, бастырып чыгаруу милдети казак-кыргыз билим комиссиясына тапшырылсын.

Ишенгалы Арабаев сыяктуу кыргыздын билимдүү кайраткерлерине, кыргыз мектептеринде окутуу милдети бекитилсин.

Казак-кыргыз жаштарынын азыркы жана мурдакы абалы

Кийиз түндүктү казак-кыргыз эли бирдей көтөрүп, илгертеден бери жайлоодо көчүп-конуп жүрүп, келечекте замандын өзгөрүүсүнөн түшүнүгү жок жапайы эле. Дегени менен, эгерде ички тиричилиги накта Европалыктарга окшобогондо: бай-манап, кедей аттары ошол эле боюнча өзгөрүүсүз калмак. Ку кедей-эмгекчилер, чамасы келсе эгин айдап, таман акы, маңдай терлери менен жансактагандар жана өмүр бою бай манаптардын эшигинде жалданып жүрүп кул болгондор.

Бай-манаптар кедейдин эмгегинен пайдаланып, малын бактырып короосун шыпыртып, кар күрөтүп, өздөрү үйдө олтургандар. Кедейдин оокаты жок, байдын малайы, катын-баласы да көз каранды, жалдырап кор болгондор. Бечералар өмүр бою чырга чырмалышып, бактысы ачылбай күнү бүткөндөр. Ошон үчүн мындайларга кайрымсыздык көрсөтүшүп, аларды кордошкон бай-манаптарды биз душманыбыз деп билебиз. Ушундай душман кимдерди аяган, кимдерди эзбеген?... Далай кедейдин кырчындай жаш балдары алардын кой эчкилеринин, козу-улактарынын артында жүгүрүшүп жүрүп, алардын отун жагып, күлүн чыгарып, сууларын ташып, жалаң аяк, жалаң баш тоо-таштарда өткөндөр. Мектепте окубастан билимсиз, акыл-ойсуз өмүрдүн кызыгын көрбөй өткөндөр. Жашообуздун рахатын көрбөй, дүйнөнүн кызыгынан кабарсыз, билимсиз калып көсүп өтчү ошолордой жаштар биз болгонбуз. Ал заманда, мектептерде, байлардын гана балдары окушкан. Мектеп ошолорго окшогон колунда барлар үчүн гана салынган. Алардын максаты элине кызмат кылуу эмес, өздөрүнүн гана кызыкчылыгын көздөшүп, сабатына мактанышып кедейдин балдарын кемсинтишип чиренишкен.

Эгерде кедейлердин бирөө жарымы капысынан билим алып, рух көргөн жаштар болсо, алар өтө аз болгондуктан бирөөсү да ишке орношо алган эмес.

Акырындап убакыт өтө берип 1917-жылдагы октябрь төңкөршүнө келип жеттик. Өзүңүздөргө белгилүү Октябрь төңкөрүшүнүн максаты биз сыяктуу жаштарга эркиндикти, теңдикти, ынтымак менен достукту бекемдеп, билими- бизге жол ачмак. Ошол максатын далилдеп Кеңеш өкмөтү бизге окшогон көчмөндүү элдин жаштарына, мектеп интернат тургузуп берди.

Жаштардын башын бириктирип, келечеке умтулуу борборун ачты.

Эми казак-кыргыз кедейлеринин эмгекчил жаштары өткөн күндөргө көз чаптырып ойлонгула! Ойгонгула! Биримдигиңерди бекемдегиле! Талаа менен тоо арасындагы элди аралап Кеңеш өкмөтүнөн кабар бергиле! Кеңеш өкмөтүн жамандап ушактаган атка минер бай-манаптардын бузуку балдарына сокку ургула! Чоң күрөшкө чыккыла! Биз эмгекчил кедейлердин билимдүү жаштары өз улутубуздун азаматтары экенибизди баалай билсек, Кеңеш өкмөтүнүн туусун көтөрүп, кой терисине жамынган байларды, алдым-жуттумдарды, манаптарды жок кылууга аттаналы! Баардык элге эркиндиктин шамын жагалы. Элибизди боштондукка чыгаралы!

Эмгекчил кедейдин билимдүү жаштары, сиздер менен биригип туубузду көтөрүп, бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып ураан чакырсак, бай-манаптын балдары өздөрү эле тизеңерге чөгөлөп, бутуңарга жыгылып жок болушат.

Андыктан биз менен бирге болгула! Бир борборго жыйылып, келечегибизге багыт алалы!

**Күндөлүк көчмөндүү элдин жаштар уюмунун бюро мүчөсү**
**О.Алиев**

*«Ак жол» №11,*
*6-февраль 1921-жыл*

## Кыргыз азаматтарына!

Ушул макаланын астына колун койгон Базаркул Данияр уулу кыргыз жигити. Анын макаласы кыргыз тилинде даана жазылган. Казак Кыргыз Алаштын эки уулундай болсо да, кыргыз боордоштордун тилинде казактардан бир аз айырмасы бар. Казак менен кыргыз экөөсү Алаштын уулдары.

Дегеним менен конушу башка болгондуктан, көпчүлүк казак алыстагы кыргыз боордошторунун сөздөрүнүн эне тилиндеги айырмасын билише элек. Ошон үчүн баардык окуучуларыбызды тааныштыруу иретинде Базаркул жолдоштун катын дал өзүнүкүндөй кыргызча бастырдык. Кыргыз тилинде казак түшүнбөгөн сөз дегеле аз көрүнөт. Ушул макалада «Шоң», «Зор» деген мааниде экен. Бирок, бул сөз күнү бүгүн көп айтылбаганы болбосо казакта да бар. Маселен, шоң, Шоңмурун деген казактын аттары көп. Базаркул жолдоштун «Кыргыз азаматтарына» деп жазган макаласы төмөндөгүчө: «Октябрь көтөрүлүшү башталды. Ар бир журт, ар бир айыл, өздөрүнө тиешелүү шыбагасына тийген энчисин бөлүшүп, өзүнүн аянтындагы түшүмүн жыйнап алышты. Бирок, менин оюмча биздин кыргыз үч жыл өтүп төртүнчү жылга аяк баскан көтөрүлүштүн максаты эмнеде экенин түшүнбөй, түз жолунан адашып, тескери жакка умтулганы байкалды.

Мурдараак Кеңеш өкмөтүнүн ичине жашырынып кирип алгандар ортомчунун чапанын жамына салып жүргөн куулар, экинчи жактан кыргыз жериндеги тоо арасында жашап, шаардан алыс жүргөндөрү Кеңеш өкмөтүнүн жакшы жактарын бурмалаган бузуктарга ишенишип, анан дагы падыша заманы мураска калтырып кеткен заркындылары, зордук зомбулукту мурдакысындай күчөтүшүп жиберүүгө аракеттенишип, актардын качкындарынын Хрестьяндын чоң муштумдарына кошулуп, кыргыздардын булуң-бурчтарынан чатак, жаңжал чыгаргандарга себепчи болушту.

Эми ошондогу татаал мезгил өзү менен калсын. Менин максатым: Түркстандын киндиги болгон Ташкентте, казак-кыргыздар үчүн арналган ушул бир «Ак жол» гезити чыгып жатат. Казак-кыргыздын

жанындагы Түркстандын борбордук комитетинде орчундуу маселенин бири болуп, өздөрүнө тиешелүү бөлүм ачылды. Анын жетекчилигинде отургандар өзүбүздүн казак боордошторубуз. Алар бизди четке чыгарбайт. Ар бирөөсү кыргызды өзүндөй көрөт. Өзүм дешет. Ошон үчүн биз да карап жатпай, колубуздан келген жардамыбызды аягыбыз келбейт. Айылдык жер-жерлерде кыргыздардын арасында эл агартуу иштерине назар салып, элдин турмушуна тиешелүү өзгөрүүлөрдү, сунуштарды чагылдырып жазып туруубуз керек. Кыргыздардын саны канча, кайсы аймактарда, кайсы уездерге караштуу? Кытайда канча кыргъздар бар? Жетекчилик кылгандардын арасында казактардан башка кыргыздардан да барбы? Бар болсо алар менен байланыш түзүүбүз керек. Баардык азаматтарыбызды «Ак жол» аркылуу элге таанытуу керек.

Башка да саясий пикирлер болсо, кеңири маалымат берип туруубуз керек. Биздин кыргыздарда көп окугандар жок болсо да, анча-мынча орто мектепти бүтүргөндөр бар сыяктуу. Таланттуу жаш өспүрүмдөр да жок эмес. Элдин жөн жайын түшүнүп, жардам берүүгө даяр агаларыбыз да бар. Ушулардын баарына көз кырын салып, көңүл буруп турууларын өтүнөмүн!.

Биз азаматтар, жогоруда жазгандай кабарларды кыргыз тилинде кыргыз турмушунан алып, жазып турсаңыздар «Ак жолдун» бети ачык болсо керек деп ойлойм.

**Базаркул Данияров**

*«Ак жол» №10,*
*4-январь 1921-жыл*

## Кыргыз шакирттери

Аймактык казак-кыргыз институндагы кыргыз шакирттери менен жолугушуп аңгемелешкен учурумда: «Жаз чыгып, жазгы эс алууга кеткен убактыңарда эмне иштерди бүтүрсөк деген оюңар бар?» деп сурадым.

Алар мага ушундай бир сүйүнүчтүү ойлорун айтышты: «Быйыл бирден тарап кетпей, институтта канча кыргыз шакирттери болсо, баарыбыз биригишип «көчмө театр» уюштуруп айыл аралап адабияттарыбыздан да арбын маалымат берип, элдин көңүлүн көтөрүп келсекпи деген аракетибиз бар. Сабатсыз элдин саясый түшүнүктөрүн жандандырсакпы деген ойдобуз. Ошол үчүн керектүү материалдарыбызды топтоп, бош убактыбызда кыргыз адабиятына котормочулукту баштадык. Эми ушул аракетибизди институттун жетекчиси Табынбаевке айтып, тактап алсакпы дейбиз». Мен ордумдан турдум да суроо бердим: «Боордошторум!» институтта окуган жалгыз силердин күчүңөр жетеби?»- дедим; «Арийне жетет. Анткени институттан башка да орус мектептеринде окуп жүрүшкөн кыргыз шакирттери бизге кошулат. А түгүл мугалимдерибиз да биздин демилгебизге биргелешип аракет кылышып колдошот деген ишенимдебиз»- дешти шакирттер. Институттагы кыргыз шакирттеринин ушул сөздөрү мени өтө кубандырды. Ойлогон ойлоруma, көздөгөн максаттарыма дем улады.

1916-17-жылдардагы темир-найзадан аман-соо өлбөй тирүү калган кыргыз руху жыйылып, катарлаш жайгашкан элдер менен бир убакта теңдүүлүгүнө жетет деген үмүтүм жанданды.

Эми менин айтчу сөзүм ушул: «Шакирттердин ушул ойлогон ойлору менен жасаган аракеттерине ишенемин. Мында биринчиси, элдин жарамсыз адатка сугарылган оорусун ачыкка чыгарып тазалап, өткөндөгү көргөн азаптарын көздөрүнө элестетүү милдети турат. Экинчиси, көп түрлүү декламациялар окулуп, азыркы өкмөттүн колдонгон жолдуу жоболорун көпчүлүккө жарыялап ишендирүү, бизге окшогон эзилген элдин өкмөтү ушул экенин алардын саналуу сезимдерине терең жеткизүү. Үчүнчүсү билим менен илимге элдин

кызыкчылыгын арбытуу. Эл силерди көрүп үлгү алгандай болушсун.

–Кечээ кеткенде жөнөкөй эле жоош момун бир бала эле, Ташкенге барып казак-кыргыз институнан окуп, «азамат» адам болуп келиптир!-дешип таң калышып, эми өздөрү да балдарын окутууга аракет кылышат.

Кыскасы шакирттердин айтканыдай эле жаштар билимдүү, илимдин ээлери, саясый түшүнүктөрү мол болсо, элдин баарына үлгү болуп, баасы жеткис ийгилик экени ошондо эмеспи. Ошондуктан институттун жетекчиси жолдош Табынбаев шакирттердин ушул өтүнүчтөрүнө макул болуп, алардын бардык муктаждыктарына жардам берип, керектүү жабдыктарын камдап берет деген үмүтүм бар.

**Ишенгали Арабаев**

## Кыргыздын ооз адабияты

Совет мезгилинде «Манас» эпосунун мааниси, аны жазып алуу маселесин алгач профессор Фалев көтөрүп чыккан. Ал эми казак элинин кайталангыс акыны Магжан Жумабаев дагы бул проблемага кайрылып, атайын макала жазганы адабий чөйрөгө белгисиз эле. Анын «Кыргыздын ооз адабияты» аталыштагы макаласы ВКП(б) Борбордук Комитетинин Орто Азия бюросунун органы «Ак жол» гезитине 1923-жылдын 23-июнундагы санына жарыяланган экен.

«Ак жол» гезити отузунчу жылдардагы кандуу репрессияны жараткан саясаттан улам социализмге каршы турган «эл душмандарынын» үнү катары табылып, архивден окуута да тыюу салынып, түбөлүк «камакка» алынган басылмалардын бири катары каралып келген. Мындай басылмаларда оозеки адабиятсыз жөнүндө, жазма адабияттардын жаралышы тууралсында баалуу маалыматтар бар. М.Жумабаевдин аталган макаласы ошондой фактылардын катарында турат.

Жумабаев 1930-жылдарда эки жолу репрессияга дуушар болуп, акыры атууга кеткен тагдыры татаал адамдардын бири. 1927-жылы ал бир эле убакта Ташкендеги казак,кыргыз агартуу институтунда, «Чолпон», «Сана» журналдарында, Билим комиссиясында, «Ак жол» гезитинде, акыркы үчөөндө К.Тыныстанов менен бирге иштеген. Макаланын жазылышына да ушул кырдаалдар себеп болсо керек.

Түрк элдеринин адабиятын текшерген белгилүү окумуштуу Радлов ооз адабият жагынан казак менен кыргызды салыштырып, казакты сырчыл, кыргызды аңгемечил дейт. Башкача айтканда, казактын кошогу, ашыктык ырлары, жар-жар сыяктуусырчылдык ырлары,жөө жомоктору сыяктуу аңгеме адабияты мол деген. Ошол Радлов «Манас», «Семетей» сыяктуу баатырдык ырлары бар кыргызды Гомердин «Илиада», «Одиссеясын» жараткан Троян согушу убагындагы грек элине окшоштурушат.

Чынында кыргыз обончу эмес, аңгемечил. Сырчыл эмес, коңур салкын кеңешчил. Кыргыздын бул мүнөз ооз адабиятынан айкын көрүнүп турат. Кыргыздын ооз адабиятынын даны жана канны аңгеме адабият. Мунун ичинде баатырдык ырлары менен жөө жомоктору да ушул сыяктуу.

Кыргыздын баатыр ырлары менен жөө жомоктору терең да, сулуу. Энесай боюнан оодарылып көчкөн күнүнөн Тянь-Шань, Алайдын койну-

нан конуш алганга чейинки толкундуу узак өмүрүн кыргыз эли ар бир сөзүнөн акындык аңкып турган адабий аңгемеге айланта билген. Кыргыздын баатырдык ырларынан «Манас», «Семетей», «Сейтек» аз гана (аз сандуу) кыргыз элинин көп жылдар бою бир жактан кытай, монгол менен, экинчи жактан авган, иран менен кармашканын ырдайт. Бул баатырлар Гомердин «Илиадасындагы» баатырлардай Теңирден туулбаганы менен эстери, мүнөздөрү Теңирге таң, бардыгы бүт эл коргоочу эрлер. Бул ырларда кыргыз баатырларынын согуштары, жоолорун жеңгенин, жеңилгенин гана ырдап желип өтпөйт. Ошол замандагы элдин турмушун, жорктонун, ар чөптүн атын атап, текши сүрөттөйт.

Жөө жомокторунда кыргыз көбүнчө ыр менен нечен түркүн аңды, нечен түркүн кушту таттуу кылып, дал сыпаттап сүрөттөйт.

Кыскасы, кыргыздын өтө бай ооз адабиятынан баатыр ырлары менен жөө жомоктору калса, жалпы түрк адабиятынын ичинен, ашып кетсе, жалпы дүйнөлүк адабияттын ичинен күмөнсүз кадырлуу орунду алууга акысы бар.

Европадан сабак алган казак, кыргыз азаматтары молдосунун сөзүн жолдоп, оозунун суусу кургаганча «Илиаданы» мактайт, «Илиаданы» жактайт. Мактасын. Жактасын. «Илиаданы» эч кимден кызганууга болбойт. Бирок өз оозубуздагы «Илиаданы» унутушубуз керек эмес эле.

Өкүнгөнүбүздөн пайда чыкса жакшы болор эле, өкүнөлүк, Радлов сыяктуу бири-серин Европа адамынын жыйнаганы болбосо, кыргыздын бай адабияты жыйналбай, унутулуп, жоголуп бара жатат. Бир кездерде калың кыргыздын эңкейген чалынан эмгектенген баласына чейин жатка биле турган «Манас», «Семетей», «Сейтек» ырларын бул күндө эки, үч гана чал айтат дейт. Ал эки чал мүрөктүн суусун ичкен эмес чыгар, алар өлүп кетсе, адабиятыбыз баа жеткис кымбатынан айрылып калганы да.

Иштин ушу жагын ойлоп, жыйноого кирише турган кыргыз, казак азаматтары болууга тийиш эле. Бирок ушул кезге чейин ага киришкен киши көрүнбөйт. Өкмөттүн билим мекмелеринин белсинип киришкен түрү жок. Ташкендеги казак, кыргыз билим комиссиясынын 21-жылы адабият жыйноо үчүн Жети-Суугa чыгарган экспедициясы Жети-Суудагы калың кыргыздын оозунан бир гана жөө жомок жазып алып келиптир. Буга күлүш керекпи же ыйлаш керекпи?

Кудайга миң, миң шүгүрчүлүк, «Абийирди акча тоосу жапты» дегендей, ушу уяттуу уяттан Габдулкаим Мифтаков – бир татар жиги-

ти арачалагандай болуп отурат. Жети-Суу кыргызынын арасында молдо болуп жүрүп, Мифтаков мугалим эки-үч жылдын ичинде ооз адабият түрлөрүнүн баштууларынан дептер менен алганда эки миңден ашык беттен ашкан көлөмдөгү адабия жыйнаптыр. Адабиятты аркалап элине кайтып бара жаткан Мифтаков Ташкенде казак, кыргыз билим комиссиясына кез келип, жакында жыйнаган адабиятын казак, кыргыз билим комиссиясына сатты.

Эки жарым миң бет чамасындагы бул адабият түрлөрүнүн баары дээрлик баштуу, сөөктүү, маңыздуу.

1-дептер. «Семетейдин Айчүрөккө барганы. «Буудайык».

2-дептер. Кара ырлар.

3-дептер. Секетпайлар, күйгөндөр, ашыктык ырлыр.

4-дептер. Жөө жомоктор.

5-дептер. Толгоо ырлары, санат (терме) ырлар, кошоктор (жоктоо), шыкак ырлар жана башкалар.

6-дептер. Макалдар, табышмактар.

7-дептер. Манастын балалык чагы.

8-дептер. Манастын биринчи казаты.

Казак, кыргыз билим комиссиясы бул адабияттардын ичинен тандап, быйыл басмага Бере баштамакчы. Бирок, Мифтаков мугалимдин сегиз дептери менен кыргыз адабиятынын жыйналып бүтпөгөнүнө ишенебиз. Айрыкча «Манас», «Семетей», «Сейтек», ырларынын жүздөн бир гана бөлүгү бар. Кыргыз азаматтарынын айткандарына караганда бул ырларды ушул күндө айта турган эки, үч чал түгөлү менен (баштан аяк) бир ай айтат дейт. Ошондуктан бул ырлар али жазылбаганга эссе болуп олтурат.

Эми айтыла турган сөз, айрыкча кыргыз азаматтары колдорун тийгизишип, убакытты өткөзбөй, ооз адабиятты жыйноо керек. Тиги чалдар өлүп кала элегинде, айрыкча үч баатырдын ырын жазып калу керек.

Жана Мифтаков жолдоштун айтуусуна караганда анын жыйнаган адабиятынын дагы бир далайын Алматыдагы партиянын обкому алып калган көрүнөт. Бул ырас болсо обкомго элдин ооз адабияты анча керек боло койбос. Алматыдагы азаматтар ошол адабиятты да бытыратпай тезинен Ташкенге, казак, кыргыз билим комиссиясына жибергени ылайыктуу болор эле. Сөз аягында казак, кыргыз билим комиссиясынын атынан адабият жолунда эмгек кылганы үчүн Мифтаковго ыракмат айтабыз.

«Ак жол» гезити, 1923-жыл.

# Архивдик маалымат

**№ 1. 24 июня 1918 г.**

**ПОСТАНОВЛЕНИЕ ПРАВИТЕЛЬСТВА АЛАШ-ОРДЫ ОБ ОБРАЗОВАНИИ ВОЕННОГО СОВЕТА**

Постановили. Образовать при Алаш -Орде военный совет из трех лиц, возложив на него функции Военного министерства и предоставив ему (право) открывать областные и уездные военные советы при областных и уездных отделах Алаш- Орды. На военный совет возлагается обязанность призывать джигитов для борьбы с большевиками.

Председатель Алаш-Орды
А. Букейханов

Члены М. Тынышпаева, Х. Гоббасов

Иностранная военная интервенция и гражданская война в Средней Азии и Казакстане. Т. 1. Алма-Ата, 1963. С. 596.

**№ 2. 24 июня 1918 г.**

**ПОСТАНОВЛЕНИЕ ПРАВИТЕЛЬСТВА АЛАШ-ОРДЫ ОБ ОТНОШЕНИИ К ЗАКОНОДАТЕЛЬСТВУ СОВЕТСКОЙ ВЛАСТИ**

Постановили. Все декреты, изданные Советской властью на территории автономии Алаш, признать недействительными.

Председатель Алаш-Орды
А. Букейханов
Члены М. Тынышпаев, Х. Габбасов

Иностранная военная интервенция и гражданская война в Средней Азии и Казакстане. Т. 1. Алма-Ата, 1963. С. 596

**№ 3. 24 июня 1918 г.**

## ПОСТАНОВЛЕНИЕ ПРАВИТЕЛЬСТВА АЛАШ-ОРДЫ О ЗЕМСТВЕ

Постановили. На территории автономии Алаш восстановить земские, учреждения, введенные по закону Временного правительства 17 июня 1917 г. и упраздненные Советской властью. Там где земские учреждения еще не были введены, ввести их немедленно согласно тому же закону от 17 июня 1917 г. Впредь до введения волостного земства признать законной властью в волостях волостные аульные и сельские комитеты, образованные населением после февральской революции.

Председатель Алаш-Орды А. Букейханов
Члены М. Тынышпаев, Х. Габбасов

Иностранная военная интервенция и гражданская
Война в Средней Азии и Казакстане. Т. 1. Алма- Ата, 1963. С. 596

**№ 4. 4 ноября 1910 г.**

## ПОСТАНОВЛЕНИЕ РЕВВОЕНСОВЕТА ТУРКЕСТАНСКОГО ФРОНТА ОБ АМНИСТИИ АЛАШОРДЫНЦАМ, ПЕРЕШЕДШИМ НА СТОРОНУ СОВЕТСКОЙ ВЛАСТИ

Принимая во внимание: а) что некоторая часть киргизского населения района Астраханской, Оренбургской, Уральской и Тургайской областей продолжает с недоверием относиться к Советской власти и местами даже поддерживает белых, б) что главной причиной этого является боязнь репрессий со стороны Советской России, в) что скорейшее рассеяние этого опасения внесет умиротворение в среду киргизского народа и позволит приступить в интересах как его, так и всей Российской Социалистической Федеративной Советской Республики, к мирному строительству на основах Советской Конституции, Революционный военный совет Туркестанского фронта, в полном согласии с руководящими указаниями Центральной Советской власти, постановляет:

1) Объявить всему населению указанного выше района, что Советская власть, борясь всеми средствами и силами за утверждение

господства трудящихся, никогда не руководствовалась и не руководствуется в своей внутренней политике чувствами мести и злобы. Вполне понимая, что огромное большинство население окраин России было втянуто в борьбу против нее либо силой принуждения, либо обманом и надувательством, она пользовалась и пользуется всяким случаем разъяснить народным массам сущность стремления рабоче-крестьянской России и широкими актами милости подтвердить свою готовность сохранить как можно больше трудящихся для будущей творческой деятельности. Предоставив киргизскому народу автономию на основах общих советских конституций, Советская власть этим доказала свободную заботливость к нуждам прежде угнетенного и бесправного народа и свое искреннее желание помочь войти равноправным членом в общую семью народа Российской Федерации.

2) Объявить полное прощение всему киргизскому населению, прямо или косвенно принимавшему участие в борьбе против Советской России.

3) Условиями применения амнистии признать: а) заявление непосредственно или через представителей со стороны всех групп киргиз о безоговорочном признании ими Советской власти; б) немедленное прекращение всяких видов помощи белогвардейскому казачеству, выдачу Советской Власти белогвардейцев, укрывавшихся в киргизских степях; в) помощь советским войскам по уничтожению белогвардейских шаек, грабящих мирное население и мешающих установить нормальный ход жизни.

4) Предложить Киргизскому ревкому широко оповестить об этом постановлении все население Киргизского края.

**Подписали:**
Революционный военный совет Туркестанского
Фронта Фрунзе, Любимов и за члена Петухов
Управделами Реввоенсовета Туркфронта Савин
Подлинный за надлежащими подписями.

Иностранная военная интервенция и гражданская
Война в Средней Азии и Казахстане. Алма-Ата, 1963.
Т. 2. С. 92-93.

# Мазмуну

**I-БАП. XX КЫЛЫМДЫН БАШЫНДАГЫ КЫРГЫЗ-КАЗАК ИНТЕЛЛИГЕНЦИЯСЫНЫН КООМДУК-САЯСИЙ БАЙЛАНЫШТАРЫ .................5**

1.1 1917-1920-жылдардагы кыргыз-казак интеллигенциясынын биримдиги жана «Алаш-Ордо»........................................................................ 5

1. 2. Казак-кыргыз агартуу институту - эки элдин билим, илиминин башатында ....................................................................... 31

1. 3. XX кылымдын башындагы кыргыз интеллигенциясынын казак басма иши менен кызматташтыгы ........................................... 53

**II-БАП. КЫРГЫЗ-КАЗАК ИНТЕЛЛИГЕНЦИЯЛАРЫНЫН КЫЗМАТТАШТЫК ЖАНА БООРДОШТУК МАМИЛЕЛЕРИ................88**

2. 1. Эшенаалы Арабаевдин казак элитасы менен кызматташтыгы........................................................................ 88

2.2. Касым Тыныстанов менен Магжан Жумабаев .............................. 97

**III-БАП. РЕПРЕССИЯЛАНГАН КЫРГЫЗ-КАЗАК ИНТЕЛЛИГЕНЦИЯСЫНЫН ӨКҮЛДӨРҮ..........................................101**

3.1. Репрессияланган кыргыз интеллигенциясы................................ 101

3.2. Репрессияланган казак интеллигенциясы .................................. 136

**Тиркемелер ..........................................................................156**

**Архивдик маалымат ...........................................................168**

Форматы: 60x84 1/16. Офсеттүү басма
Көлөмү:10,75 б.т. Нускасы: 200

---

«Maxprint» басмасы
720045, г. Бишкек, ул. Ялта көчөсү, 114
Тел.: (+996 312) 36-92-50
e-mail: maxprint@mail.ru



## Жумагул Рыскулбек уулу Байдилдеев

*Тарых илимдеринин кандидаты*

КР Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын алдындагы архив агенттигинин башкы адиси.

«Рух кенчи» республикалык тарыхый-маданий, агартуу гезитинин башкы редактору.

«Тарыхый мурас» тарыхый-даректүү, илимий-популярдуу журналынын башкы редактору.

Кыргыз радиосунун «Тарыхнаама» уктуруусунун редактору.

Тарых изилдөөчү «Эстутум» коомдук фондусунун аткаруучу директору.

Он тарыхый-даректүү, илимий-популярдуу китептердин жана жүздөн ашуун кыргыз, орус, түрк, казак ж.б. тилдерде жарыяланган илимий жана көркөм публицистикалык чыгармалардын автору.

«КР Маданиятынын мыкты кызматкери», «КР архив ишинин мыктысы», Эл аралык «Акыл тирек» илим жаатындагы сыйлыктын жеңүүчүсү.